Б. АБДУВАЛИЕВА, Т. ЖОРОЕВ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

9

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Тексттин авторлору:
*Ж. Садыков менен Ш. Кулуев.*

Музыкасынын авторлору:
*Н. Давлесов, К. Молдобасанов.*

Ак мөңгүлүү аска-тоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:* Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма.*

Б.Абдувалиева, Т.Жороев

# Кыргыз тили

Өзбек мектептеринин 9-классы үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген*

Бишкек 2012

УДК 373.167.1
ББК 81.2 Кu. я721
А 13

**Абдувалиева Б., Жороев Т.**

А 13 Кыргыз тили: Өзбек мектеп. 9-кл. үчүн окуу китеби.- Б.: 2012, - 120 б., ил.

ISBN 978-9967-439-85-6

Окуу китеби окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 9-классы үчүн алгачкы ирет басылды. Китепте окуу программасына ылайык окуучулардын кыргызча оозеки жана жазма кебин, ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө багытталган көнүгүүлөр жана тексттер заманбап ыкмалардын негизинде өздөштүрүүгө ылайыкташтырылып берилди.

Бул окуу китеби Кыргыз-өзбек университетинин алдындагы "Окуу китептерин даярдоо Борбору" тарабынан даярдалган. Окуу китеби жөнүндө сунуш жана пикирлериңиздерди "Борбор" жетекчилигине жазуу түрүндө билдиришиңерди суранабыз.

Биздин дарек: Ош шаары, Г.Айтиев көчөсү, 25-үй

**А 4306020200-12**

**УДК 373.167.1**
**ББК 81.2 Кu. я 721**

ISBN 978-9967-439-85-6
© Абдувалиева Б., Жороев Т., 2012
© Дарслик яратиш маркази, 2012
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2012

# I чейрек

## 1-§. 8-класста өтүлгөн материалды кайталоо


***1-көнүгүү.*** Берилген ар бир тематика боюнча төрттөн сөз жаз. Ал сөздөрдү сөз айкашына жана сүйлөмдөргө айландыр.

| Тематика | Сөз | Сөз айкашы | Сүйлөм |
|---|---|---|---|
| Эс алуу | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | 1.<br>2.<br>3.<br>4. |
| Жаратылыш | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | 1.<br>2.<br>3.<br>4. |
| Үй-бүлө | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | 1.<br>2.<br>3.<br>4. |
| Дос | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | 1.<br>2.<br>3.<br>4. |

***2-көнүгүү.*** Кыргыз, өзбек тилинен өтүлгөн материалдарды эске түшүргүлө. а) «Жөнөкөй сүйлөм» дегенде оюңарга эмнелер келди, аларды дептерге жазгыла. Эгер оюңарга эч нерсе келбесе, болжолдоп жазганга аракет кылгыла. б) жазганыңар боюнча шеригиңер менен ой бөлүшкүлө. в) класста талкуулагыла.

***3-көнүгүү.*** Мугалимдин жардамы менен сүйлөм тууралуу ойлорду доскага жазгыла. Толук жазылып бүткөндөн кийин, ойлорду типтештиргиле жана 3 топко бөлүнүп, типтештирилген ойлорду чыгармачылык менен ватманга түшүрүп, жалпы класска түшүндүрүүгө аракет кылгыла.

***4-көнүгүү.*** Сөз, сөз айкашы, сүйлөмдөрдү эсиңерге түшүрүп, төмөнкү схеманы пайдаланып, мисалдар келтиргиле.



***5-көнүгүү.*** Төмөнкү схема боюнча сөз айкаштарын түзгүлө жана түрлөрүн аныктагыла.

| | |
|---|---|
| Зат атооч + сын атооч | зат атооч + этиш |
| Зат атооч + зат атооч | сын атооч + зат атооч |
| Сан атооч + этиш | тактооч + этиш |

***6-көнүгүү.*** Сүрөттү пайдаланып, көрсөтүлгөн тематика боюнча сөз айкаштарын түзүп, аларды сүйлөмгө айландыргыла жана байланыштуу текст түзгүлө.



Эмеректер:
Окуу куралдары:
Өсүмдүктөр:
Техкаражаттар:
Окурмандар:

***7-көнүгүү.*** Көп чекиттин ордуна маанисине карай тиешелүү сөздөрдү жана сөз айкаштарын коюп көчүрүп жазгыла, ал сөздөрдүн сүйлөмдө аткарган кызматын аныктагыла.

Алманын … кандай пайдасы бар экендигин билесиңби? … кандагы холестринди 16%ке төмөндөтөт. … йод бананга караганда 8 эсе,…караганда 13 эсе көп. Ким алманы көп жеп, алманын … көп ичип жүрсө, ал ичеги-карын … алыс болот. Алма … өсүшүнө каршы бирден-бир каражат.

**Колдонулуучу сөздөр:** рак клеткаларынын, апельсинге, адамдын организмине, ал, алмада, ооруларынан

***8-көнүгүү.*** Диалогду окугула. Андагы толук жана кемтик сүйлөмдөрдү ажыраткыла. Сүйлөмдөрдүн аягына кандай тыныш белгилери коюларын түшүндүргүлө?

Москванын поезди биздин станциядан түнкү он бирде өтөт эмеспи - деди.

– Ооба, эже, он бирде өтөт
– Эмесе мен азыр жөнөшүм керек
– Эмне үчүн, Сиз бир-эки күн туруп кетмек убадаңыз бар эмес беле
– Жок, менин зарыл жумуштарым бар үчүн кетпесем болбойт, азыр кетишим керек *(Ч. А.)*
– Айтчы чыныңды, сырдаш талаам, айт мага жообуңду, адам баласы бирине-бири залал келтирбей, тынчтыкта жашай албайбы
– Кыйын суроо бердиң го, Толгонай, согуштун залалын мен тартпайт дейсиңби
Аттиң ай, кетменин көтөрүп, Субанкул келсе кана. *(Ч. А.)*

***9-көнүгүү.*** Бир өңчөй мүчөлөрдү катыштырып текст түзгүлө. Бир өңчөй мүчөлөр кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткаргандыгына карай таблицага жайгаштыргыла.

| Сүйлөм мүчөлөрү | Ээ | Баяндооч | Аныктооч | Толуктооч | Бышыктооч |
|---|---|---|---|---|---|
| Суроолору | Ким? Эмне? Кимиси? Эмнеси? | Эмне кылды? Эмне кылып жатат? | Кимдин? Эмненин? Кандай? | Кимге? Эмнеге? Кимди? Эмнени? | Кандай? Качан? Кайда? Кантип? |
| Сызылышы | ---- | ===== | ~~~~~ | -------- | -.-.-.-.- |
| Сөздөр | | | | | |

***10-көнүгүү.*** Көчүрүп жазып, бир өңчөй мүчөлөрдү тапкыла. 2,3,4-сүйлөмдөргө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Субанкулду да жолдон узаттык. 2. Жүзүндө өкүнүч да, сүйүнүч да, учурашуу да, коштошуу да бар эле. *(Ч. А.)* 3. Кайда барсаң, эмгек, ыр, күлкү, алга умтулуу! *(Н. Б.)* 4. Апаке, ак сүтүңдөн айланайын апакем! Бул катты сиздин акылмандыгыңызга, кайратыңызга ишенип жазып отурам… *(Ч. А.)* 5. Бетти, колду бирде жылуу, бирде салкын жел аймалайт. 6. Кепти көкүрөгүңө түйө да, унута да бил. *(Мак.)*

7. Төгүлдү, балкыды, нур мемиреди,
Гүлдөрдөй күлмүң-күлмүң берди белги.
Жыргал да, кубаныч да жана бакыт
Каптады, карагыла биздин жерди! *(А. О.)*

## 2-§. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрү
## Бир тутумдуу сүйлөмдөр

***11-көнүгүү.*** Төмөнкү таблицаны толтургула жана берилген сүйлөмдөр жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрү экендигин аныктап, ал боюнча түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.

| | Ээ | Баяндооч | Аныктооч | Толуктооч | Бышыктооч |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Эмгек тойгузат. | | | | | |
| 2. Адал эмгек адамды ар дайым кубантат. | | | | | |
| 3. Адал эмгек адамды дайыма кубантарына ишенесиңби? | | | | | |
| 4. Албетте. | | | | | |
| 5. Күз. | | | | | |

***12-көнүгүү.*** «Базар», «Эгин талаасы», «Ийрим», «Чөйрө», «Ойномо автоматтар», «Кино», «Музей», «Спорт», «Көл», «Китеп», «Дүкөн», «Таанышуу» деген темалардын өзүңөргө жакканын тандап, шеригиңер менен диалог түзгүлө. Анда толук жана кемтик, атама сүйлөмдөр катышкандай болсун.

***13-көнүгүү.*** Төмөнкү суроолордун жоопторун шеригиң менен талкуулап, класска айтып бергиле. Жалпы окуучулар бир пикирге келүүгө аракеттенгиле.

1. Эмне үчүн адамдар бири-бири менен пикир алышканда бир типтүү эле сүйлөмдөрдү пайдалана бербейт?
2. Ойду берүүдө сүйлөмдүн баш мүчөлөрү дайыма эле катыша береби, оюңду түшүндүр?
3. Баш мүчөлөр сүйлөмдө катышпай калган учур болсо, ага мисал келтире аласыңбы?

***14-көнүгүү.*** Дептериңердин бетин эки бөлүккө бөлгүлө, биринчи бөлүккө «суроо», экинчисине «жооп» деп жазгыла. Төмөнкү аныктаманы окуп, пайда болгон суроону биринчи, ал эми шеригиңден, классташтарыңдан же мугалимден алган жоопторду экинчи бөлүккө жазгыла, түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.

*Бир тутумдуу сүйлөмдө баш мүчөнүн бири гана (же баяндооч, же ээ), ал эми эки тутумдуу сүйлөмдө баш мүчөлөрдүн экөө тең (ээ, баяндооч) катышат. Мисалы:* Бизге түшүндүрүүнүн

кереги жок. Окуучулар музейге барышты. Биринчи сүйлөмдө **кереги жок** – *баяндооч, ал эми ээ катышкан жок. Экинчи сүйлөмдө* ***окуучулар*** *– ээ,* ***барышты*** *–* ***баяндооч,*** *баш мүчөнүн экөө тең катышты.*

*Бир тутумдуу сүйлөмдөр, көбүнчө, макал-ылакаптарда, табышмактарда, накыл сөздөрдө кездешет, анткени бул жанрдагы чыгармалардын таалим-тарбиялык мааниси баарына бирдей даражада тиешелүү. Мисалы:* Эмнени эксең, ошону оросуң. *(Макал)* Мылтыгыңдын күмүшүн айтпа, тийишин айт (ылакап). Талаага таруу чачтым, талпылдап үйгө качтым (табышмак). *Мында* ***сен, мен*** *деген сүйлөмдүн ээсин кошуп айткан учурда,* (**Сен** эмнени эксең, **сен** ошону оросуң. **Мен** талаага таруу чачтым, **мен** талпылдап үйгө качтым) *сүйлөмдүн жалпы мазмуну өзгөрүп кетет жана айтылуучу ойдун көрктүүлүгү да бузулат.*

***15-көнүгүү.*** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, түшүнүп, андагы баш мүчөлөрдү аныктагыла, сүйлөмдүн кайсы түрү экендигин айтып бергиле.

1.Кыргызстанда бир күндүн ичинде жылдын төрт мезгилин көрүүгө болот. 2. Ач адамды тойгузууга болот, ач көз адамды тойгузууга болбойт. *(Макал)* 3. Бүткүл дүйнөдө Ч.Айтматовду улуу жазуучу катарында таанышат.

4. Миңин айтпай, бирин айт.

Чөп санабай, гүлүн айт. *(Макал)* 5. Түн ортосу ооп калган кез. 6. Кепке кемтик болгуча, кеменгерди ала жүр. *(Макал)* 7. Баштын жарасынан, сөздүн жарасын дарылаш кыйын. *(Макал)* 8. Бул сырды азырынча ачууга болбойт. 9. Кошуна айылга барууга кыйын болуп калды.

***16-көнүгүү.*** Таблицадагы жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүн өзбек тилиндеги жөнөкөй сүйлөмгө салыштыр да, эрежесин өзүң айтып көр жана мисалдар келтир.

| № | Бир тутумдуу | Эрежеси | Мисалдар |
|---|---|---|---|
| 1. | Белгилүү жактуу | | Карынын кебин капка сал. |
| 2. | Жалпылама жактуу | | Тогуз күндүк жашооңо он күндүк азык камда. |
| 3. | Туюк жактуу | | Мындай заттар үчүн аммиакты колдонушат. |
| 4. | Жаксыз | | Анда ишти тездетүү керек тура. |
| 5. | Атама | | Июль айынын аяк чени. |

***17-көнүгүү.*** Текстти окуп чыгып, бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү тапкыла. Биринчи тексттеги окуяны башка мезгилге (жаз, жай, күз) алмаштырып, үчүнчү жакта баяндап бергиле.

1. Кычыраган кыш. Күн суук. Чыкылдаган кышкы аяз бети-колду тоңдурат. Күн чайыттай ачык. Асманда токумдай да булут жок. Кышкы күн алсыз нурун ай-ааламга чачууда. Аппак карлар жарк-журк этет. *(К.Б.)*

## 2. Мен сүйгөн кесип

Ар адамдын кадырлап сүйгөн кесиби болот эмеспи. Анын сыңары мен мугалим болсом деп тилейм. Анткени кичинекей бөбөктөрдү окутканды жакшы көрөм. Окуучуларды адептүүлүккө, сылыктыкка тарбияласам кандай бакыт. Азыр мен өз мугалимдеримди көрүп суктанам. Биринчи арип үйрөткөн мугалим али эсимде. Эже-агайларымды эч качан унутпаймын деп ойлойм, себеби мугалимдердин эмгеги абдан ардактуу. Коомубузда бардык адамдар эң алгач мугалимден окуп, тарбия алган. Ааламга атагы чыккан Чыңгыз Айтматов да кезегинде Инкамал апанын таалимин алган. Кийин өзүң окуткан окуучуң эл ишине жараган белгилүү азамат болсо, андан артык сыймык болобу! Ошондуктан мен мугалим болууну чечтим.

## 3-§. Көнүгүүлөр

***18-көнүгүү.*** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

– Сенин досторуң барбы, болсо алардын атын атап бер?

– Эмне үчүн аларды досум деп эсептейсиң?

– Дос болуу үчүн адам кандай сапаттарга ээ болушу керек, эмне үчүн антип ойлойсуң?

– Досторуңдун чыныгы дос экендигин далилдеген окуя болгонбу, болсо айтып бер.

– «Ачуу - душман, акыл - дос» деген макалды кандай түшүнөсүң?

***19- көнүгүү.*** Текст бөлүктөргө бөлүнүп, ар бир бөлүктүн аягында суроолор берилет. Ошол суроолорго жооп берүү аркылуу кийинки бөлүктү окууга киришкиле.

## Достуктун формуласы

– Математика, химия, физика ж.б. илимдерде түрдүү формулалар бар. Достук деген түшүнүктүн формуласы болушу мүмкүнбү, болсо кандай?

– Бул текстте сөз эмне жөнүндө болушу мүмкүн, эмне үчүн антип ойлойсуң?

*Эки киши дос болот. Алардын достугу көп жылга созулат. Бир күнү экөө болбогон нерседен улам талашып кетишет да, бирөөсү экинчисин чаап жиберет.*

– Эмнени түшүндүң?
– Болбогон нерсе достукту бузуп коюшу мүмкүнбү, ошондой окуяларды билсең айтып бер?
– Чыныгы достордун бири-бирине кол көтөрүүсү туурабы, чыныгы дос болсо кол көтөрүүгө барабы?
– Маселени күч аркылуу эмес башка жол менен чечүүнүн жолдору барбы, болсо кандай жолдору бар?
– Эми эмне болот деп ойлойсуң?

Экинчиси жаагы ооруганына карабай басып кетет. Ары жакка барып, кумга «Бүгүн эң жакшы досум мени жаакка чапты» деп жазып коёт.

– Эмне болуптур?
– Кимдердин айткандары окуя менен дал келди.
– Эми эмне болот? Булардын достугу уланабы, эмне үчүн антип ойлойсуң?

*Ошентип, алардын достугу улана берет. Бир күнү алар экөө сууга түшкөнү барат. Кырсык болуп, биринчиси сууга чөгүп кетерде, экинчиси аны куткарып калат.*

– Эмнени түшүндүң?
– Биринчи дос жаакка чапканда экинчиси кумга жазып койду эле, эми эмне кылышы мүмкүн, эмне үчүн антип ойлойсуң?
– Эми эмне болот?

*Өзүнө келгенден кийин, ташка «Бүгүн эң жакшы досум менин өмүрүмдү сактап калды» деп жазып коёт. Аны көргөн досу:*

*– Мен сени жакка чаап жибергенде, сен аны кумга жаздың да, сени куткарып калсам, аны ташка жаздың. Эмне үчүн? - деп сурайт.*

– Досу эмне деп жооп бериши мүмкүн, эмне үчүн антип ойлойсуң?
– Жамандыкка жакшылык менен жооп берген окуялардан билсеңер, айтып бергиле?
– Эми достун жообун уккула.

*Анда досу:*

*– Эгер бизди кимдир бирөө капалантса, аны кумга жазышыбыз керек. Анткени, шамал аны бат эле тегиздеп, билгизбей салат. Ал эми бирөө бизге жакшылык кылса, аны ташка жазуубуз керек. Таштагы жазууну эч ким өчүрө албайт. Пенделик кылып, болбогон ишке араздашуу жана ал үчүн кек сактоо – достуктун иши эмес, деп жооп берет.*

– Эмнени түшүндүң?

– Эки достун достугун чыныгы достук дешке болобу?

– Достуктун формуласы сенин оюңча кандай болушу керек?

***20-көнүгүү.*** Жогорку көнүгүүдөгү классташтарыңдын берген жоопторун эске алып, өзүңдүн түшүнүгүң боюнча «Менин досум» деген темада текст жаз. Текст түзүүдө жазуу иши киришүү, негизги жана корутунду бөлүктөн турарын эсиңден чыгарба.

***21-көнүгүү.*** Төмөнкү сүрөттөрдү карап, өзүңө жаккан сүрөт боюнча оозеки аңгеме түз. Аны класска окуп бер, айрым ойлорго талкуу жүргүзгүлө.





***22- көнүгүү.*** *Ооба, жок, байкап көрөйүн, кечиресиз, ырахмат, суроо берсем болобу?, мүмкүн, балким, ыраазымын* деген сөздөрдү пайдаланып, диалог түрүндөгү текст түзгүлө. Текстиңерде бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн болуусу керектигин унутпагыла.

## 4-§. Эки тутумдуу сүйлөмдөр

***23-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү окуп, баш мүчөлөрдүн экөө тең толук катышкан сүйлөмдөрдү тапкыла. Гүлдөр жөнүндө кандай маалыматтарды билесиңер, айтып бергиле?

Гүлдөрдүн сырын билесиңерби?

Гүлдөрдүн падышасы болгон розалар жөнүндө сөз кылабыз. Ак түстөгү розалар тазалыкты, aруулукту туюндурат. Ак роза - үйлөнүү үлпөттөрүндө баш кошкон жарларга сунулат. Сары роза - жубайлардын ортосундагы таза сүйүүнү символдоштурган белги. Кызгылтым роза - жаш селкилердин сулуулугуна суктанган сезимди туюнтат. Кызыл роза - терең сүйүүнү жана өтө

сыйлаганыңызды билдирет. Розалардын дестеси «сен экөөбүз бир жанбыз» дегенди түшүндүрөт. Жалгыз роза – сүйүүнүн символу. Демек, жакын адамыңызга гүл тартуулагыңыз келсе, розалардын «тилин» эске тутуңуз. (*«Ш.» жс.*)

– Силерге кайсы гүлдөр жагат? Эмне үчүн?

– Бул гүлдөр тууралуу силерде кандай маалыматтар бар? Айтып бергиле.







***24-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктаманы окуп түшүнүп, ага мисалдар келтиргиле. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла. Түзгөн сүйлөмүңөр эки тутумдуу боло алабы, түшүндүргүлө.

*Сүйлөмдө баш мүчөлөрдүн экөө тең (ээ,баяндооч) катышса, ал эки тутумдуу сүйлөм болот. Кээде сүйлөмдүн ээси атайын максатка ылайык түшүрүлүп берилиши да мүмкүн. Мисалы:* Мугалим келечектин кесип ээлерин даярдайт. Өз окуучуларынын ар биринин мыкты адис болушун каалайт. *Биринчи сүйлөмдө **мугалим** – ээ, **даярдайт** – **баяндооч,** баш мүчөнүн экөө тең катышты. Экинчи сүйлөмдө **ал** деген ээ түшүрүлүп берилди. Түшүрүлгөн ээни (ал) баяндооч аркылуу аныктоого болот жана аны ордуна коюп колдонууга болот. Демек бул да – эки тутумдуу сүйлөм.*

Эки тутумдуу сүйлөмдөр кепте активдүү, стилдик жактан жыш колдонулат.

***25-көнүгүү.*** Берилген учкул сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү окуп, маанисин түшүндүргүлө.

1. Эки адам чатакташса, акылдуусу күнөөлүү. *(Гете)* 2. Майда адамды чокуга чыгарсаң да, майда. Алп адамды аңгекке салсаң да, алп. *(М.В.Ломоносов)* 3. Бир кесиптин ээси болбой калуу жаман эмес, адам болбой калуу жаман. 4. Алга жылбаган адам артка жылат, анткени турмушта токтоп туруу деген болбойт. *(В. Белинский)* 5. Адам бактылуу болууга тийиш, бактысыз болсо, өзүнөн көрсүн. 6. Кээ бирөөлөр ойлонуп, анан ишти кылат. Башкалары ишти кылып, анан ойлонот. *(Д.Н.Толстой)*

- Жогорудагы сүйлөмдөрдүн кимиси эки тутумдуу, кимиси бир тутумдуу өз-өзүнчө бөлүп жазгыла.

1. Кийимиң менен мактанба, билимиң менен мактан. 2. Кийимдин кири жууса кетет, көңүлдүн кири айтса кетет. 3. Көп ойлоп, жакшы сүйлө - нуска болсун. Сураса, жообуң да кыска болсун.

- Бул абзацтагы макалдардын маанисин түшүндүргүлө. Ага карата силердин оюңар кандай, айтып бергиле.

***26-көнүгүү.*** Берилген өзбекче жана кыргызча сүйлөмдөрдү салыштыргыла, баш мүчөлөрдү таап, сүйлөмдүн түрүн аныктагыла.

| | |
|---|---|
| 1. Сүймөнкулдун энесине өтө оор күндөрдү башынан кечирүүгө туура келген. | 1. Суйменкулнинг онасига жуда оғр кунларни бошидан кечиришга тўгри келганди. |
| 2. Окуусун улантыш үчүн ар күнү жөө он километрди басып өтүш керек эле. | 2. Уқишни давом эттириш учун унга ҳар куни пиеда ун километрни ўтиши лозим эди. |
| 3. Өзгөчө актердун, таланттуу сүрөтчүнүн жөндөмүнө өмүр бою таазим этиш керек. | 3. Ажойиб актернинг, талантли рассомнинг талантига умирбор таъзим этиш керак. |
| 4. Күн али өзүнүн алтын нурларын чача элек. | 4. Кун хали узининг заррин нурларини сочганича йук. |
| 5. Пахтанын ар бир чигитин этият кылуу зарыл. | 5. Паҳтанинг ҳар бир чигитини эҳтиет қилиш зарур. |

***27-көнүгүү.*** Кара зирени билесиңерби? Аны силер же ата-энеңер турмушта колдонгонсуңарбы? Колдонуунун жыйынтыгы тууралуу эмне айта аласыңар? Текстти окугула жана биринчи бөлүгүндө, экинчи бөлүгүндө эмне жөнүндө сөз болгондугун айтып бергиле.

1. Кара зире Сауд Аравиясы менен Индиядан башка өлкөлөрдүн баарында өстүрүлөт. Анын майында жүздөн ашуун компонент бар. Алардын айрымдары бүгүнкү күнгө чейин толук изилдене элек. Уругунда май кислоталары көп, андан башка белок, кальций, темир, жез, цинк, фосфор бар.

Кара зирени колдонуу организмди чыңдоо үчүн өтө пайдалуу. Ошондуктан анын майын же уругун күн сайын бир чай кашыктан ичип туруу сунушталат. Кара зиренин майын апельсиндин ширеси же йогурт менен аралаштырып алса, даамы жакшыра түшөт. Аны сырттан компресс кылуу же сүртүү үчүн да колдонуу маанилүү экендигин унутпоо керек. Кара зиренин 1 чай кашыгын жарым стакан суу жана 1 аш кашык бал менен аралаштырып, таңкы тамактанууга 15 мүнөт калганда ичүү керек. Колдонор алдында аны жакшылап чайкап алуу зарыл. Балдарга жогоруда айтылгандардын жарымын гана берүү керек. Кээде аны ичкен адамдын өнөкөт оорулары козголушу мүмкүн. Бул – кадыресе эле көрүнүш, андан чочулабаш керек. Кара зире иммунитетти көтөрүүчү өсүмдүк болгондуктан, бул учурда организм толугу менен дарыланып бүтө элек ооруларга каршы иш жүргүзө баштайт. Организмди чыңдоо үчүн бир сутка-

да бир жолу тамактангандан кийин 1 чай кашык кара зирени колдонууга болот. Көптөр «кара зиренин уругу баалуубу же майы баалуубу» деген суроону беришет. Экөөсү тең пайдалуу, бирок майынын таасири күчтүүрөөк. Ошондой болсо дагы кара зиренин майынын баасы кымбатыраак тургандыктан, элдин көбү уругун колдонушат. *(«Ш» ж.)*

2. Кара зиренин жанчылган уругун балга аралаштырып колдонуу аркылуу өттөгү жана бөйрөктөгү ташты эритүүгө болот жана ал ишке болгон жөндөмдүүлүктү жогорулатат. Карындагы жана ашказандагы мите курттарды өлтүрүүчү касиети бар. Суук тийгенде жана ревматизм оорусуна чалдыкканда, кара зиренин маңызынан компресс жасаса болот. Көздүн көрүүсүн жакшыртуу үчүн, кара зирени майдалап, ирис майына аралаштырып жыттоо сунуш кылынат.

Ошондой эле кара зире рак шишигин дарылоочу жана алдын алуучу идеалдуу өсүмдүк болуп эсептелет. Бул жөнүндө катталган фактылар да бар. Рак оорусуна кабылгандар күн сайын таң ата электе ачкарын кара зиренин бир орточо башынын ширесин ичип турушу зарыл. Бул бир айга созулушу керек. Дал ушул ыкма менен рак оорусун дарылоого болот. *(«Ш» ж.)*

***28-көнүгүү.*** Жогорку тексттин негизинде төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Кара зире жөнүндө дагы кандай маалыматтар эсиңерге түштү?
2. Кара зиренин касиеттерин окугандан кийин, силерде кандай ойлор пайда болду?
3. Бул маалыматтарды, кеңештерди кимдир бирөөлөргө сунуштар белең?
4. Кара зире жөнүндө дагы эмнелерди билгиңер келет?

***29-көнүгүү.*** Төмөнкү сүйлөмдөрдү салыштыргыла, эмнеси менен окшош, кайсы жагынан айырмаланат, айтып бергиле.

| | |
|---|---|
| **1.** Колдонор алдында аны жакшылап чайкап алуу зарыл. | **1.** Кара зире рак шишигин дарылоочу жана алдын алуучу идеалдуу өсүмдүк болуп эсептелет. |
| **2.** Дал ушул ыкма менен рак оорусун дарылоого болот. | **2.** Карындагы жана ашказандагы мите курттарды өлтүрүүчү касиети бар. |
| **3.** Андан чочулабаш керек. | **3.** Бул бир айга созулушу керек. |

*30-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдө белгиленген сөздөрдү кайсы сөз менен алмаштырууга болот, мааниси жагынан жакын сөздөрдү тапкыла.

Кара зирени **колдонуу** организмди **чыңдоо үчүн** өтө **пайдалуу.**

Кара зиренин майын апельсиндин **ширеси** же йогурт менен аралаштырып алса, даамы жакшыра түшөт. **Колдонор алдында** аны жакшылап **чайкап** алуу зарыл. Суук тийгенде жана ревматизм оорусуна **чалдыкканда,** кара зиренин маңызынан компресс жасаса болот. Дал ушул **ыкма менен** рак оорусун **дарылоого** болот.

*31-көнүгүү.* Берилген сүйлөмдөрдү сүйлөм мүчөлөрү боюнча ажыратып, таблицага толтургула жана аларды бири-бирине салыштыргыла.

| № | Сүйлөмдөр | Ээ | Баяндооч | Аныктооч | Толуктооч | Бышыктооч |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Иш убактысында кыска тыным жасоого аракет-тениңиз. | | | | | |
| 2. | Жылуу ванна эс алууга жакшы жардам берет | | | | | |
| 3. | Башыңыздан өткөн жакшы нерселерди эске түшүрүңүз. | | | | | |
| 4. | Жүрөктү куба-нычка жана ыраазычылыкка толтурууга кантип болбосун. | | | | | |
| 5. | Уйку эң мыкты дары экенин эстен чыгар-баңыз. | | | | | |

## 5-§. Кептин түрлөрүнө машыктыруу

*32-көнүгүү.* Текст кыргыз жана өзбек тилдеринде берилген. Өзбек тилиндеги сүйлөмдөрдү кыргыз тилине айландырып, мазмунду кыргыз тилинде сүйлөп бер.

«Манас» эпосу IX кылымда Борбордук Азияда Кыргыз каганаты түзүлүп жаткан учурда пайда болгон. Ошондуктан кыргыздардын эркиндик жана көз карандысыздык үчүн Улуу согушу – Чоң Казат эпостун өзөгү болуп калган.

XVI асрда эса достон бошқа ҳудудлар (Ғарбий Тянь-Шан) да тарқалади. Бу вактларда қирғизлар учун ўз мустақиллигини ҳимоя

қилишлари зарурияти пайдо бўлган эди. Бунинг учун барча қирғиз уруғлари ўз кучларини бирлаштирмоқлари керак эди. Достоннинг бош ғояси ҳам қудратли, бирлашган мустақил давлат қуришга йўналтирилган. Бу ғоя XVII–XIX асрларга қадар долзарб масала бўлиб қолди.

XX кылымда улуттук аң-сезимдин кайра жаралуу жана суверендүү Кыргызстанды түзүү процессинде «Манас» эпосу кайрадан улуттук идея болуп калат. Анын негизинде улуттун менталитетин түшүнүү келип чыгат.

«Манас» достони халқ оғзаки ижодида анъанавий тарзда куйланиб келинди. Достон маълумотига кўра, достоннинг биринчи айтувчиси Манаснинг йигитларидан бири бўлган. Достон айтувчи манасчилар достонни бизнинг замонимизга қадар сақлабгина қолмай, ҳар бир давр руҳига мослаштириб ҳам бордилар. Қирғиз халқи маънавий бойлигини бу қадар моҳирона куйлаб, асраб келган манасчиларнинг хизматини баҳолаш шарафли ишдир.

Бүгүнкү күнү «Манас» эпосу – дүйнөлүк мааниге ээ болгон эстелик.

Бул – дүйнө жүзүндөгү эң чоң эпос. Эпостун бизге белгилүү варианттары XX кылымдын биринчи жарымында, залкар манасчылар Сагымбай Орозбаков жана Саякбай Каралаевден жазылып алынган.

***33-көнүгүү.*** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. - Эпос дегенде оюңарга эмнелер түшөт?
- Кыргыз элинин эпосторунан билгениңерди атагыла.
- Силер «Манас» эпосу жөнүндө эмнени билесиңер, билгениңерди дептериңерге жазып чыккыла да класска айтып бергиле.

2. **Эми төмөнкү өзбек тилиндеги текстти белги коюу менен окуйбуз. Тексттеги маалымат менен сен билген маалымат дал келген жерге калем менен**
**v (кушча);**
**жаңы маалымат болсо +;**
**мугалимге суроо бергиң келсе же көбүрөөк маалымат алгың келсе ? белгисин коюп окуп чык. Белгилер боюнча талкуу жүргүзгүлө. Түшүнгөнүңдү кыргызча айтып бер.**

«Манас» - қирғиз халқ оғзаки ижодининг бир қисми бўлиб, айни пайтда қирғиз халқининг тенгсиз руҳий - маданий ёдгорлиги ҳамдир. «Манас» асрлар давомида халқнинг ўзига хос оғзаки тарихи бўлиб, қирғизлар маданий ҳаётида муҳим вазифани

бажариб келди. «Манас» достони қирғиз халқининг ҳает тимсоли, одатлари, аҳлоқи, бой тарихи ва ўзига хос дунеқарашининг, бирлик ва руқий тикланишининг рамзидир.

Достон даврлар синовида, авлоддан авлодга, бизнинг кунларимизга қадар, турлича ўзига хос талқинлар билан бойиб, халқ онгида сақланиб келди.

У айрим нусхаларида миллион мисрани ташкил этади. «Манас» қирғиз халқининг хрестоматиясигина бўлмай, инсониятнинг ҳаёт ҳақидаги дунёқараши, бадиий дурдонаси ҳамдир.

«Манас» Енисейдан ва Жанубий Сибирдан то Марказий Осиёнинг Тянр-Шан тоғларига қадар кенгликларда шаклланганлиги учун биргина қирғиз халқининг эмас, балки бутун Евро Осиёнинг ҳам маьнавий, руҳий ёдгорлигидир. *(Келечек үчүн диалог, 211, 212-беттер, 2009-жыл)*

***34-көнүгүү.*** Сүрөткө карап текст түзгүлө. Текстте бир жана эки тутумдуу сүйлөмдөр катышкандай болсун.





***35-көнүгүү.*** Суроолорго жооп бергенден кийин текстти төмөнкүчө нускама менен окуп чыккыла: дептериңерди эки бөлүккө бөлгүлө. Биринчи бөлүккө сага таасир эткен цитатаны жазгыла, экинчи бөлүккө ошол цитатага комментарийиңерди (жеке көз карашыңарды) бергиле. Класста ал боюнча талкуу жүргүзгүлө.

1. Уламыш деген сөздү укканда оюңарга эмнелер келди, ой бөлүшкүлө.

2. Кандай уламыштарды билесиңер?

*3. Жыландын уусу, төөнүн сүтү, кууураган чөп* деген сөз айкаштарынын мааниси боюнча бири-бири менен байланышы бар деп ойлойсуңарбы?

4. Уламыш эмне жөнүндө болушу мүмкүн, эмне үчүн антип ойлойсуң?

## Жыландын уусу, төөнүн сүтү, кууураган чөп

*(Уламыш)*

Тээ илгери бир байдын кулу болгон экен. Анын эч кандай терс кыялдары жок, мүнөзү жакшы болуптур, ички жана тышкы жумуштарды илгиртпей өз учурунда бүтүрүп турчу экен. Эч кимге жамандыгы жок, жалгыз жүрсө жарашпас деп үйлөндүрүп коюшат. Ошондой болсо да турмуштун ачуу-таттуу татаалдыгына чыдай албай ооруп калат. Бай:

- Жакшы бала болчу, - деп табыпка көрсөтөт.

Анда табып:

- Жыландын уусу, төөнүн сүтү, анан шейит кеткен адамдын мүрзөсүнүн үстүнө чыккан чөп дары, - дептир.

Оо, кууураган кулга мындай керемет, касиеттүү дарыларды ким кайдан издеп, таап бермек эле, - деп бай кулду жатакка таштап, өзү жайлоого көчүп кетиптир. Ай артынан ай өтүп, баягы кулдун оорусу күчөптүр.

- Мен ооруп төшөктө жатсам, сенин көргөн күнүң эмне болот? Кечикпей төркүнүңө жөнөгүн. Ачка жүрүп өлмөк белең,- дейт ал аялына. Кулдун айткан сөзүнө макул болуп, аялы сапар улап жолго чыгат. Ошол мезгилде түндүктөн жылан түшүп, ууктан-ууктарга оролуп калат. Аял байкабайт да кетип калат. Бир аз убакыт өткөндө сырттан Сөйлөш деген адамдын үнү угулат.

- Үйдөн эшикке чыга турган адам жок, өзүм ооруп төшөктө жатам, - дейт кул. Чоочун адам кирип келип:

- Алыстан жол сапарын улап келе жатам, дагы баса турган жол узак.

Ботосу үйдө калып, минген төөнүн желини ооруп калды. Сүтүн саап таштап кетем, чака бер, - дептир.

- Өзүм ооруп төшөктө жатам, чаканы өзүң издеп таап алгын, - дейт кул.

Жолоочу төөнү өзү саап, кулдун тушуна коюп, жол сапарын улаптыр. Уукка оролгон баягы жылан түшүп, сүттөн ичип, уусун таштайт. Ичи көңдөй кууураган чөптү кул дароо көрө калат. Жылан ошол бойдон жок болот. Жаздыктын астына караса бычак бар экен. Кул бычак менен баягы кууураган чөптү

кесет. Ичи көңдөй экен. Ошону чакадагы сүткө салып, сүттү эптеп ичет. Бир нече убакыттан кийин дагы башын эптеп өйдө көтөрөт. Чөп менен соруп, сүттү дагы иче баштайт. Кайра башы жаздыкка кулайт.

Ошентип, канча күн, канча түн уктаганын өзү билбей калат. Ойгонсо көл-шал. Алды бүт суу. Бутун тартып сунса, сопсоо. Кыймылдагандан заарканат. Жок андай эмес. Кыймыл кирип, өзү соо. Эч жери мурункудай болуп оорубайт.

- Оо, Кудай! – деп Кудайга жалынып жалбарат. Ооруган жери бүт басылып, күндөн-күнгө сакайып жакшы болуп калат. Кара терге суу болгон төшөктөрдү күнгө жайып, басып-туруп кыймылдай баштайт. Үйдүн ичин оңдоп түзөп, бүт баарын иретке келтирет.

Көрсө төөнүн сүтүн жылан ичип, уусун таштаптыр. Шейит кеткен адамдын мүрзөсүнүн үстүнө тигилген экен кулдун үйү. Жыландын уусу, төөнүн сүтү, анан шейит кеткен адамдын мүрзөсүнүн үстүнө чыккан, бирок куурап калган чөп, айыгаар оорунун дарысы өзү келет дегендей, баягы табыптын айткан керемет касиеттүү дарылары чын болуп чыгат.

Ошол мезгилде кайдан-жайдан аялы жолдон көрүнүп, үйүнө келе жатат. Эшиктин алдындагы карааңды көрүп, күйөөмдүн көзү өткөн турбайбы деп чочуйт. Бир аз олтуруп, эс-акылын жыят. Ыйлап отургандан пайда жок деп, кайраттанып басып келсе, күйөөсү типтирүү жүрүптүр. *(Эл таануу)*

***36-көнүгүү.*** Окулган текст боюнча төмөнкү суроолорго оозеки жооп бергиле.

1.Кул деген сөздүн мааниси кандай?

2. Уламышта кайсы учур сүрөттөлгөн?

3. Окуяны кыскача айтып бер.

4. *Жатак* деген сөздү төмөнкү сөздөрдүн кайсылары менен алмаштырса болот?

| | | |
|---|---|---|
| а) айыл | в) кыштоо | д) чөл |
| б) өзөн | г) талаа | |

***37-көнүгүү.*** Окулган текст боюнча төмөнкү суроолорго оозеки жооп бергиле.

1. Уламыштын аягы кантип аяктады?

2. «Жыландын уусу, төөнүн сүтү, анан шейит кеткен адамдын мүрзөсүнүн үстүнө чыккан, бирок куурап калган чөп, айыгаар оорунун дарысы өзү келет дегендей, баягы табыптын айткан керемет касиеттүү дарылары чын болуп чыгат», - деген цитатаны түшүндүрүп бер.

3. Уламыштын атын башкача атоого болобу, эмне үчүн, сунушуңарды бергиле.
4. Окуя андан ары кандайча болушу мүмкүн?

*38-көнүгүү.* Окулган текст боюнча төмөнкү суроолорго жазуу жүзүндө жооп бергиле.

1. Уламыш сага кандай таасир калтырды?
2. Ушундай окуя азыркы күндө болсо, кандайча болмок?
3. Окурман катары катышуучу каармандардын биринен интервью ал.
4. Ушул тема боюнча өзүң аңгеме жаз.

*39-көнүгүү.* Окулган текст боюнча төмөнкү суроолорго жазуу түрүндө жооп бергиле.

1. Бай менен Сөйлөштү салыштыр, алардын мүнөзүндөгү окшош жана айырмалуу жактарын белгиле.
2. Кулдун аялына мүнөздөмө бер.
3. Байдын кулду калтырып кеткени жөнүндө эмнелерди айта аласың?
4. Бай менен кулдун аялын салыштыр жана бири-бирине карама-каршы кой.

*40-көнүгүү.* Окулган текст боюнча төмөнкү суроолорго жазуу түрүндө жооп бергиле.

1. Кандай суроолордун негизинде уламышты талкууласа болот, суроолор түз.
2. Сен байдын ордунда болсоң эмне кылат элең?
3. Кулдун мындан кийинки турмушу кандай болушу мүмкүн, текстти улантып жаз.

*41-көнүгүү.* Окулган текст боюнча төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Уламышка пикир жазып, өз баанды бер.
2. Уламыштын ушундай аякташы туурабы, сен кандай аякташын каалайт элең?
3. Мазмундун ачылышы боюнча каармандарды кандай тартипте жайгаштырууга болот, маанилүүлүгү боюнча номерлеп чык.

## 6-§. Сөз өстүрүү

*42-көнүгүү.* Суроолорго жооп берип, текстти кунт коюп окуп чыккыла да, өзүңөргө жаккан үч идеяны дептериңерге жазгыла жана классташтарыңар менен ал боюнча ой бөлүшкүлө.

1. Дүйнөдө баары окшош болуп калса эмне болот?

2. Адамдардын турпатында, мүнөзүндө, кийимдеринде, жашоосунда айырмачылыктар болбосо кандай болот?

3. Айырмачылык эмне үчүн керек?

4. «Айырма» деген текст эмне жөнүндө болушу мүмкүн, эмне үчүн антип ойлойсуң, ой бөлүшкүлө?

## Айырма

Тибеттин бийик тоолорунда өзүнүн медитациясынын күчү менен аң-сезими аркылуу ааламдын каалаган жерине баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон бир йог жашайт. Күндөрдүн биринде ал тозокту көрүп келүүгө бел байлайт. Ошентип, тозокко жөнөйт. Көз ачып-жумганча бир бөлмөдө болуп калат. Бул бөлмөнүн чок ортосунан ал чоң тегерек стол жана аны тегерете отурган адамдарды көрөт. Столдо мискей толтура куурулган эт турган болот. Эт ушунчалык даамдуу болгондуктан, йог да көзүн жумуп, шилекейин жутуп алат. Бирок отургандардын эч кимиси этти жебейт. Ар биринин колунда мискейге жетерлик узун кашыктары бар болчу. Бирок кашыкка этти сузуп алганы менен кашыктын узундугунан улам алардын эч бири этти оозуна алып келе албайт. Эт ал жердеги адамдарга ашыгы менен жете турганчалык болгонуна карабастан, баары ачка, жүдөгөн, жинденген абалда болчу. Бул адамдардын абалы, чынында, өтө кыйын эле. Аларга кейиген абалда йог ал жактан чыгат да, бейишти да бир көрүп кетүүнү чечет. Ошол замат так эле баягыдай бөлмөгө түш болот. Бул бөлмө мурункусунан эч кандай айырмасы жок эле. Эгер ал жердеги адамдардын күлмүңдөгөн көздөрүн, бактылуу жүздөрүн, бири-бирине болгон сый мамилесин көрбөгөндө, мурунку бөлмөдөн чыккандыгына ишенбес эле. Алдындагы көрүнүш анын чынында эле бейишке келгендигинен кабар берип турду. Ал йог жакшылап карап отуруп, тозок менен бейиштин чыныгы айырмачылыгын байкайт. Бөлмөлөрдүн жападан жалгыз айырмачылыгы – экинчи бөлмөдөгү адамдардын узун кашык менен бири-бирине тамак бергенди үйрөнгөнү эле.

Адамдардын баары бул дүйнөгө келгенде, бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болушат. Бирок алардын чөйрөсү, мүнөзү, жашоого болгон көз карашы жана акылы аларды ар кайсы багытта турмуш курууга алпарат. «Киши болор кишинин киши менен иши бар» - демекчи, тили, дили, дини, жашоо турмушу ар башка багыттагы адамдарды бири-бирине жакындатып, алардын мамилесин жакшырткан бир сапат бар. Ал – адамгерчи-

лик. Адамгерчилик, боорукердик, бирин-бири түшүнүү адамдардын жашоосун жеңилдетип, кыйынчылыкты бирге жеңүүдө ар дайым жардамчы болот. *(Шоокум. № 2 (42), февраль, 2010)*

***43-көнүгүү.*** Суроолорго жооп бергиле.

1. Жогорку текстти кимдерге айтып берсе жакшы болот деп ойлойсуң, эмне үчүн?
2. Учурдагы тарбия процесси сени канааттандырабы, эмне үчүн?
3. Жашообуз жакшы болушу үчүн кандай тарбия азырынча жетишсиз болуп жатат деп ойлойсуң, эмне үчүн?
4. Сенин турмушуңа өзгөчө жакшы таасир эткен адам жөнүндө айтып бер.

***44-көнүгүү.*** Суроолорго ойлонуп туруп жооп бергиле.

1. Тексттерди сүрөттөр менен кооздоо керек деп ойлойсуңбу, эмне үчүн?
2. Жогорку текстти кандай сүрөттөр менен кооздосо болот, эмне үчүн антип ойлойсуң?
3. Үйдөн жогорку текстти же өзүңө жаккан башка текстти сүрөттөр менен кооздоп, кийинки сабакта көрсөт, эмне үчүн антип кооздогонуңду түшүндүрүп бер.

***45- көнүгүү.*** Суроолорго жазуу түрүндө жооп бергиле.

1. Турмушуңда бир нерсени кантип үйрөнгөнүңдү, кимдер жардам бергенин, эмненин негизинде аны мыкты өздөштүрүп калганыңды жаз (Орфографиялык, стилистикалык, пунктуациялык ката кетип калат деп ойлонбой, оюңдагыны кагаз бетине түшүрүүгө аракеттен).
2. Шеригиң менен жазганыңарды алмаштырып, бири-бириңердин текстиңерди окуп, жазуу жүзүндө пикир жазгыла. Ката кеткен болсо, белгилеп койсоңор деле болот.
3. Пикирди эске алып, текстти кайра түзүүгө аракеттен. Жазып жатканда мурун өздөштүрүп алган жазуу эрежелерин туура колдон.
4. Түзгөн текстиң купулуңа толсо, класска окуп бер. Жетише албасаң, үйдөн аяктап кел.

***46 -көнүгүү.*** Берилген сөздөрдү жана сөз айкаштарын катыштырып текст түз. Аны шеригиң менен талкуула, бир пикирге келип, ылайыктуусун класстын окуучуларына окуп бер. Төмөнкү текстке кимдин түзгөн тексти дал келе тургандыгын аныктаганча, текстти кунт коюп окуп чыгып, талкуу жүргүзгүлө.

## Мыктар

Коркунучтуу мүнөздүү бир бала жашаптыр. Ага атасы бир кап мык берип, «качан сабырдуулугуң жоготуп, бирөө менен урушкуң келген сайын, бактын тосмосуна барып бирден мыкты кагасың» деди. Биринчи күнү бала отуз жети мык какты. Кийинки жума ичинде ал өзүн кармоого аракеттенди жана кагылган мыктардын саны күн өткөн сайын азая баштады. Көрсө, мык како ганга караганда өзүн кармаган жеңилирээк экен…

Акыры бала бактын тосмосуна бир да мык какпаган күн да келди. Ошондо бала атасына барып, бул жөнүндө айтты. А атасы болсо, «эми сабырдуулугуңду жоготкон күндөрү барып, ошол мыктарды бирден сууруп чыккын» деди.

Күн артынан күндөр өтүп, бала атасына «баарын сууруп бүттүм» деген да күн келди. Атасы баласын тосмого алып келип мындай деди: «Балам, сен өзүңдү жакшы алып жүрдүң. Бирок бул тосмолордогу тешикчелерди көрдүңбү? Эми алар эч качан мурдагыдай болбойт. Сен кимдир бирөө менен чырдашып, анын көңүлүн ооруткан сөз айтканыңда, сен ага ушундай жаракат алып келесиң. Сен адамга бычак сайып, сууруп алсаң, баары бир анда жараат калат… Сен канча ирет кечирим сураганың менен, жараат баары бир калат. Дене жарасы канча оору алып келсе, көңүл жарасы да ошончо болот. Достор – бул чанда кездешүүчү кымбат нерсе, ал сага жылмаюу менен кубанычты алып келет». *(Ольга Безмирной)*

***47-көнүгүү.*** Текстти окугандан кийин эмне жөнүндө ойлондуң? Он мүнөт аралыгында оюңду эркин формада жазып бер.

***48-көнүгүү.*** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Мүнөзү коркунучтуу адамдар кандай болот, алар жөнүндө билсең айтып бер?
2. Балага короонун тосмосуна мыкты кагасың деген тапшырманы эмне үчүн берди?
3. Тапшырманы аткаруу менен баланын мүнөзүндө өзгөрүү болобу, эмне үчүн?
4. Эмне үчүн кагылган мыктарды бала сабырдуу болгон учурда сууруга тапшырбады?
5. Аңгеменин жыйынтыгы туура деп ойлойсуңбу, эмне үчүн? Жообуңду фактылар менен бекемдөөгө аракеттен.

## 7- §. Текст менен иштөө

***49-көнүгүү.*** Өзүңө жаккан жагымдуу сөздөрдү дептериңе жазып чык. Аны шеригиң менен талкуулап, толукта. Ар бир жуптан бирден сөздү айтып, мугалимдин жардамында доскага жагымдуу сөздөрдүн тизмесин жазгыла. Ал сөздөрдү сен турмушуңда пайдаланасыңбы, кайсы учурда?

***50-көнүгүү.*** Жогоруда доскага жазылган жагымдуу сөздөрдүн тизмесин колдонулуш чөйрөсүнө карай типтештирип жаз, шеригиң менен ой бөлүш. Мугалимдин жардамы менен үч топко бөлүнүп, типтештирген сөздөр боюнча ой жүгүртүп талкуулагыла, бир пикирге келип, ар бир топ өз пикириңерди чыгармачылык менен презентациялап чыккыла жана талкуулагыла.

***51-көнүгүү.*** Жогорудагы типтештирилген жагымдуу сөздөрдү колдонуп текст түз, жагымдуу сөздөрдүн колдонулуш максатын айтып бер.

***52-көнүгүү.*** Суроолорго жооп бергиле да, үзүндүнү кунт коюп окуп чыккыла.

1. Таш боор деген сөздү кандайча түшүнөсүң, таш боор адамдар жөнүндө айта аласыңбы?
2. Учурда баласын таштаган таш боор энелерди күкүккө салыштырып жүрүшөт, эмне үчүн?

...Алгач күкүк өзүнө окшош канаттуулардын уясын табат да, ыңгайлуу учурду күтөт. Ээси жокто барып уяга өз жумурткасын тууп, ошол эле учурда изин жашыруу үчүн, уядагы бир жумуртканы алып таштайт. Эгер убактысы аз болсо, жерге тууп, анан аны тумшугу менен тиштеп алып барып, уяга салып коет.

...12 эле күндүн ичинде жумурткадан чыккан күкүктүн балапанынын алгачкы иши уядагы ашыкча жумурткаларды түртүп чыгаруу болот. Ошентип, ал өгөй ата-энесинин «жалгыз» эркеси болуп жетиле берет...

***53- көнүгүү.*** Төмөнкү нускаманы аткаргыла.

1.Күкүк жумурткасын өзү басып чыгарбай, башка уяларга таштап кетет, жада калса, жумурткадан эми эле чыккан балапаны башка жумурткаларды сүрүп чыгаруу менен дароо алектенерин окудуңар, андыктан аны таш боор дешке болобу? – төмөнкү таблицаны дептериңерге чийип, «ооба» деген тарапка үч далил, «жок» деген тарапка үч далил жазгыла.

| «Ооба» | «Жок» |
|---|---|
| 1. | 1. |
| 2. | 2. |
| 3. | 3. |

2. Шеригиңер менен пикир алмашып, шеригиңдин сага жаккан далилдерин дептериңе жазып ал.

3. Жазган бардык далилдерди дагы бир сыйра окуп чыгып, өз позицияңды аныкта. Позицияңды дептерге жазып, жанына күчтүү деп эсептеген далилиңди жаз. Жазуунун үлгүсү төмөнкүчө: Мен күкүктү ... (позицияң: таш боор же таш боор эмес) деп эсептеймин. Себеби (далилиң) ...

4. Эми өз позицияңарды далилдеш үчүн талкуу жүргүзөбүз. Талкуу мазмундуу жана пайдалуу болсун үчүн, доскага эрежелерди жазып коёлу. Кимде кандай сунуш бар? Кайталанган эрежелерди жазбайбыз.

5. Позицияңарды ээлегиле: оң тарапка «ооба» дегендер, сол тарапка «жок» дегендер, ортого «күмөндүү» позициядагылар отурушат.

6. Топто өз позицияңарды абдан талкуулагыла, ким кайсы далилди айтарын сүйлөшүп алгыла. Кандай карама-каршы ойлор болорун эске алгыла, мында силерге дептериңердеги жазган таблицаңар жардам берет.

7. Чүчү кулак кармоо менен талкуу башталат да, төмөнкү схема боюнча жүрөт: Биз төмөнкүчө деп эсептейбиз... Себеби... Экинчи тарап биринчи тараптын далилин кайталап туруп, бирок... деп өз пикирлерин сунушташат. А, ортодогулар өз позициясын тактоо үчүн суроолор беришет.

***54-көнүгүү.*** Жогорку талкууда айтылган ой-пикирлерди эске алып, өз позицияңды аныктап, *Күкүк таш боор энеби?* деген темада эссе жазгыла.

***55-көнүгүү.*** Жогорку көнүгүүлөрдөгү ой-пикирлерге салыштыруу менен төмөнкү текстти кунт коюп окуп чык. Бул канаттуу жөнүндө кандай ойдо калганыңды далилдерди келтирүү менен айтып бер.

## Күкүк - таш боор энеби?

Учурда баласын таштаган таш боор энелерди күкүккө салыштырып келишет. Эмне үчүн? Күкүктүн баары ошондой болобу? Чынында, күкүк биз ойлогондой, таш боор эмес экен. Тескерисинче, ал тукумунун уланышы үчүн колунан келишинче кам көрөрү аныкталган. А, кантип? Алгач күкүк өзүнө окшош канаттуулардын уясын табат да, ыңгайлуу учурду күтөт. Ээси жокто барып уяга өз жумурткасын туул, ошол эле учурда изин жашыруу үчүн, уядагы бир жумуртканы алып таштайт. Эгер убактысы аз болсо, жерге тууп, анан аны тумшугу менен тиштеп алып барып, уяга салып коёт. Аны аңдабай калган канаттуулар өз жумурткалары менен кошо баса беришет. Башкалардан айыр-

маланып, 12 эле күндүн ичинде жумурткадан чыккан күкүктүн балапанынын алгачкы иши уядагы ашыкча жумурткаларды түртүп чыгаруу болот. Ошентип, ал өгөй ата-энесинин «жалгыз» эркеси болуп жетиле берет. Күкүктүн мындай ишке баруусунун болжолдуу эки себеби аныкталган:

1). Күкүк бул жол менен тукумун ачка болгондо жумуртканы оңой эле жеп койчу «атасынан» куткарат,

2). Күкүк эки күндө бир жумурткалайт. Ал эми бир жайда жыйырмага чейин жумуртка тууганды ктан, анын жумурткалоо убагы апрель-май айларында башталып, кээде июлдун аягына чейин созулат. Демек, баарын чогуу басканга убактысы да, шарты да жок. Ошондуктан, бир мүнөтүн да текке кетирбей, балапандарына ылайыктуу «батир» же «бакча» издөө менен алек болот.

Демек, күкүк биз билгендей, балапандарын өз эрки менен таштап кеткен таш боор эмес, күкүк болуп жаралып калганы үчүн тагдырына таарынбай, өзүнө түшкөн энелик милдетти так аткарып, көбүрөөк жумуртка тууп, тукумунун уланышы үчүн кам көргөн канаттуу экен. *(«Шоокум» №12 (17), Бештин айы, 2007-ж.)*

***56-көнүгүү.*** «Манасчы менен кездешүү» деген текстти өздөштүрөбүз. Аны окуудан мурун төмөнкү нускаманы аткаргыла: 1) текст эмне жөнүндө экендигин билүү үчүн дептериңе суроолорду жазып чык (М.: Текст эмне жөнүндө болушу мүмкүн? Кимдер катышат? Манасчы менен ким кездешет? ж.б.). 2) суроолорду шеригиң менен талкуулап, толуктагыла. 3) мугалимдин жардамы менен ар бир жуптан суроону кезеги менен доскага жазып чыккыла. Доскада жазылган суроолор боюнча талкуу жүргүзүп, ал суроолорго төмөнкү тексттен жооп алуу менен текстти окуп чык. Жооп ала албай калган суроолор болсо, мугалим көрсөткөн адабияттарды алып, үйдөн окуп, жооп даярдап келгиле.

## Манасчы менен кездешүү

Николай шаарда окуйт. Аны менен бир класста кыргыз балдар да билим алат. Алардын бири Эркин досу жайында аны чоң атасыныкына барып келүүгө көндүрдү. Алар жайлоодо экен.

Колянын жайлоодогу кызыктуу күндөрүнүн бири алардын конушуна манасчынын келиши болду. Олбурлуу, шаптай киши шамалдай болуп келди да, боз үйгө кирип эле күпүлдөп сүйлөнүп жатканын көрүп, Коля таң кала карады. Элдин баары, досу Эркин да ал кишинин алды жагына келип отурду. Анан Эркин жанына кел дегендей ым берди. Коля жанына барды. Бир кадамдай алдыда эле, так маңдайларында манасчы бир нерселерди айтып жатты. Коля түшүнбөдү. Түшүнбөсө да тигил кишинин колдорун жаңсап, көзүн жумуп, аккан терлерин аарчып коюп

атканы кызыктай сезилди. «Чоң казат» деп Эркин Колянын кулагына шыбырады. Манас, Сыргак, Чубак, Коңурбай, Бакай, Каныкей дегендердин адам экенин түшүнүп, Коля манасчынын эмне деп айтканын билгиси келди. Эркинден сурайын дейт, батынбайт, баары эле тынч отурат.

Бир саат өттүбү, эки саат өттүбү манасчы айтканын токтотчудай эмес, бир убакта ал жылып-жылып келип, Коляны колунан алды да, тизесине отургузду. Анан айтканын уланта берди. Коля эми сыймыктанып, элди карап, өзү «Манас» айтып жаткандай эргип атты. Каап, ушунусун классташтары, шаардагы атасы, апасы, карындашы көргөндө эмне?

Түн киргенде, манасчы кетти. Атына минип жатып, Коляны бекем кучактап койду.

Ошол түнү Коля түш көрдү. Түшүндө баягы күндүзгү манасчы аны атына учкаштырып баратыптыр.

Ушул түштү Эркиндин чоң атасына айтты эле, ал киши:

- Сага Кудай бериптир, манасчы болосуң, - деди да, түлөө кылалы деп, короодон бир козуну жетелеп келип союп жибериштти.

Колянын козуга боору ооруду, бирок, баары бир манасчы болгусу келди. *(А. Мур.)*

***57-көнүгүү.*** Төмөнкү суроолорго жооп бер, жоопторду шеригиң менен талкуулап, бир пикирге келген соң, бириң кезек менен класска айтып бергиле.

- Башка улуттун өкүлүнүн «Манас» айтканын уккансыңбы, уксаң сага кандай таасир калтырган?

- Кыргыз элинде «манасчы болуш үчүн түшүндө аян берилиши керек» деген түшүнүк бар. Колянын түшүндө аян берилди, Коля манасчы боло алабы, сенин оюң кандай?

- Колянын турмушунда өзгөрүү болобу, болсо кандай өзгөрүү болушу мүмкүн?

***58 - көнүгүү.*** Төмөнкү нускаманы туура колдон: таблицаны дептериңе чийип ал, «*суроо*» деген бөлүктөгү суроону окуп, өз жообуңду *«сенин жообуң»* деген графага жаз, аны шеригиң менен талкуулап, толуктап, класска кезек менен окуп бергиле. Окшош жооптор кайталанбасын. Анан «*чындыгында*» деген графадагы автордун оюн окуп, айтылган пикирлер менен салыштырып, анализдегиле, оюңарды айткыла. Суроо аягына чыкканга чейин тапшырманы ушундай мүнөздө аткаргыла. Текстти толук талкуулап бүтүп, алган маалыматыңар боюнча эссе жазгыла.


## Чиркейдин керемет сырлары

| Суроо | Сенин жообуң | Чындыгында |
|---|---|---|
| **1.** Баарыбызга тааныш болгон, өзгөчө жай жана күз мезгилдеринде тынчыбызды алган кадимки чиркейдин биз билбеген сырларын үйрөнөбүз. Адегенде, **«Чиркейлер кан менен тамактанабы?»** деген суроого жооп берели. Көп адамдар чиркейдин кан менен тамактанарына ишенишет. | Өз жообуңду жаз, аны шеригиң менен талкуулап, толуктап, класска ар бир жуп кезек менен окуп бергиле. Окшош жооптор кайталанбасын. | 1. Чындыгында, чиркейдин эркеги өсүмдүктөрдүн ширеси менен тамактанышат, ал эми ургаачысы гана кан сорот. Алар да бул ишке тамактануу үчүн эмес, курсагындагы жумурткаларын кандагы протеин менен камсыз кылуу үчүн барышат. Чиркейлердин күндүз да, түнү да терибизди кызартып чагып кеткенин билебиз. Бирок, алар караңгыда кантип көрүшөт? |
| **2. Алар караңгыда кантип көрүшөт?** | | 2. Көрсө, чиркейдин көрүүсү жарыктан көз каранды эмес экен. Алар жылуулукту түс сыяктуу көрөрү жана ушундан улам караңгыда да кан тамырды эч кыйынчылыксыз табары аныкталган. Ал эми алардан кан соруу ыкмасы мындан да таң каларлык. |
| **3. Чиркейлер канды кантип сорот?** | | 3. Чиркейдин шприцке окшогон ийнеси жана аны коргоочу өзүнчө кыны болот. Бирок, ал биз ойлогондой, ийнесин сайып алып кан сорбостон, алгач алдыңкы курч жаагы менен терини тилип алат да, андан соң гана ийнесин салат. Бирок, биз муну кандайча билбей калабыз? |
| **4. Денеге сайганын кантип билбей калабыз?** | | 4. Жаратkan бул жагынан да чиркейлерге артыкчылык берген. Алгач алар ийнеси аркылуу өзгөчө бир суюктукту канга куят, ал наркоз катары кызмат кылат да, ооруну сездирбей коёт. Ошондой эле бул суюктук ачылган жердеги кандын коюуланып кетишинин алдын алат. |

| | | |
|---|---|---|
| **5. Чиркейдин көзү менен кулагы барбы?** | | Чиркей бул ишти бир нече секунданын ичинде гана жасагандыктан, биз көпчүлүк учурда муну байкабай да калабыз. Мына ошентип, сыртынан жөнөкөй көрүнгөнү менен чиркейлер да профессионал врачтардай эле бардык ишти кылдаттык менен аткарышат. |
| | | 5. Чиркейдин жүзгө жакын көзү бар. Алар башынын үстүндө жайгашып, чоң жарым шар формасында болуп торчолорго бөлүнүп турат. Бирок, аларда кулак жок. Анын ордуна башындагы түктүү муруттчалары угуу кызматын аткарат. Көбүнчө эркектери ургаачыларын канат серпүүсүнөн чыккан үндөн улам табат. Эң кызыгы - эркек жана ургаачы чиркейлердин канат серпүү жыштыгы эки башка. («Ш») |

## 8-§. Чейректик кайталоо

***59-көнүгүү.*** Бир тутумдуу сүйлөмдүн түрлөрүн бош көзөнөкчөлөргө жазып чык. Аларга оозеки мисал келтир.



***60-көнүгүү.*** Таблицадагы сүйлөмдөрдү салыштыр. Окшош жана айырмалуу жактарын айтып бер. Сүйлөмдүн түрлөрүн аныкта.

| № | Мисалдар | | Мисалдар |
|---|---|---|---|
| 1. | Кеп жебеске акыл айтпа. | 1. | Кепке кемтик болдук. |
| 2. | Ар бир бригадада кызуу күрөш жүрүп жатат. | 2. | Кадам сайын күрөш. |
| 3. | Жолдон адашсаң, жылдызды кара. | 3. | Жолдуката ырдап келишти. |
| 4. | Бейшекем үй жүктөп Каркырага кеткен. | 4. | Мындан ары ушинтип жашоого туура келет. |
| 5. | Бул ишти эртеңкиге калтырууга болбойт. | 5. | Турмуштун кыйынчылыгын көтөрө билсе кана. |

***61-көнүгүү.*** Төмөнкү суроолорго жообуңду кеңири жаз жана класска окуп бер. Сүйлөмдөргө тиешелүү тыныш белгилерин кой.

1. Келечекте кайсы кесиптин ээси болгуң келет? 2. Ошол кесипке кызыгышыңа ким же кандай окуя таасир этти? 3. Элге ак кызмат кылуу дегенге кандай түшүнөсүң? 4. Элестет, өзүң сүйгөн кесиптин ээсисиң. Элге, мекенге кантип ак кызмат кыласың?

***62-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла жана баш мүчөлөрүн таап, бир же эки тутумдуу экендигин аныктагыла. Кычан жөнүндө билгениңерди кошумчалап айтып бергиле.

Он төрт жашар Кычандын ысмы кыргыз жаштарынын арасына кеңири тараган. Аны биздин Павлик деп аташы да төгүн жерден эмес. Кыргыздарда байыртан эле таалайлуу келечек үчүн өмүрүн кыйган улан-кыздардын даңкын өтө жогору баалашат. Улам кийинки урпактарын ошондой өлбөс баатырлардын үлгүсүндө тарбиялашат. Кычандын окуясы жаштарга демкүч, кубат берди. Канча жылдар өтсө да, жаштардын көз алдында кыялга бай, ойго терең, ар кандай иште биринчи болуп көрүнүүгө талпынган, тайманбаган эр жүрөк, шок, бирок акылдуу, жолдоштукка бекем, чынчыл баланын өчпөс элеси тартылат. *(Ш.Б.)*

## 9-§. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн тыныш белгилери

***63-көнүгүү.*** Билген тыныш белгилериңди дептерге жазып чык. Анан шеригиң менен бири-бириңердин жазганыңарды толуктагыла. Мугалимдин жардамы менен ар бир жуптан бирден тыныш белги айтып, доскага жазып чыккыла. Тыныш белгилердин санына көңүл буруп, ойду жазуу түрүндө берүүдө алардын ролу жөнүндө айтып бергиле.

***64-көнүгүү.*** Жогорку көнүгүүдө жазган тыныш белгилердин кайсылары жөнөкөй сүйлөмдөрдүн аягына коюлат. а) Дептериңе жазып чык. б) Шеригиң менен талкуула. в) Класссташтарың менен ой бөлүш.

***65-көнүгүү.*** Төмөнкү үзүндүнү окуп чыккыла. Сүйлөмдөрдүн аягына кандай тыныш белгилерди койсо болот, эмне үчүн?

Ун алганы базарга баргам. Көздөрүнө чейин ун болгон кыз-келиндер, шуулдаган жигиттер мени тегеректеп калышты

– Ун алыңыз Тегирмендики Аппак

– Меникин алыңыз. Комбинаттын уну Арзан

– Мүшөгүңөр канча килден

– Кырк беш

– Элүү. Меники так, байке

Тике карадым. Алдамчы көздөр. Айтыла берип, көндүмгө айланган сөздөр

– Албайм

«Албасаң базардын балакетин алганы келдиңби?» - дегенсип, көз ирмемге мени жек көрө тиктешти да, жаңы келген адамды тузсураган койлордой жабалактап, тегеректеп калышты. Мындайыраак барып күбүндүм да, тигилерчилеп көрүнгөндү жакалабай, четте турган балага басып келдим

– Сеники канча кил чыгат

– Ачык айтсам, 42 килден кемибейт, байке. Момураган бейкүнөө көз менен тике карады. Чындык экенин көзү айтып турат. Чындыкты айткан көз жалтайлабай тике карады. Айткан акчасын бердим

– Аш болсун, - деди бала

– Береке тап

Оо, кагылайын турмуш, ушул момураган бейкүнөө көздү да бир күнү тигилердикиндей кытмыр көзгө айлантат бекенсиң

Аны өзү да байкабай калат го, чиркин *(Ы.К.)*

**– Турмуштук ушул кырдаал боюнча талкуу жүргүзгүлө. Силер туш болгон окуялардан айтып бергиле. Автордун оюна макулсуңарбы? Силердин оюңар кандай?**

***66- көнүгүү.*** Өзүңдү алыстагы тааныштарыңа же досторуңа интернет аркылуу кат жазып жатам деп элестет. Эмнелерди сурап, эмнелер жөнүндө ага маалымат бересиң? Каттын текстин жазып, тыныш белгилерин коюп, ал боюнча башкаларга сүйлөп бер.

***67-көнүгүү.*** Сүрөт боюнча текст түз, ойду так берүү үчүн тиешелүүү тыныш белгилерин туура койгонго аракеттен. Жазган текстиңди класска окуп бер.



***68- көнүгүү.*** Төмөнкү суроолор боюнча түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.

1. Тыныш белгилеринин пикир алышууда ролу барбы, болсо кандай?

2.Тыныш белгилерди туура өздөштүрбөй калган инсан турмушта кандай мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланбай калышы мүмкүн?

3. Тыныш белгилерди туура, так өздөштүргөн инсан өздөштүрбөгөн инсанга караганда кандай артыкчылыктарга ээ болушу мүмкүн?

4. Өзүңдүн жазуу кебиңе канааттанасыңбы же жокпу, эмне үчүн?

***69-көнүгүү.*** Төмөнкү тыныш белгилердин бирөө жоголуп кетти: . , ? . Аны тапканча адамдар кандай кыйынчылыктарга учрашы мүмкүн. Фантазиялуу аңгеме жаз. Акырында жоголгон тыныш белги кызыктуу окуялардан кийин табылсын.

## 10-§. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн кепте колдонулушу

***70-көнүгүү.*** Суроолордун жоопторун ойлонуп, шеригиң менен талкуулап, класска кезек менен айтып бергиле. Башкалар айткан ойду кайталабоого, керектүү деп эсептегендериңди жазып калууга аракеттен.

1. Пикир алышууда, көркөм чыгармаларда, мезгилдик басма сөздөрдө сүйлөмдүн баш мүчөлөрү дайым эле колдонула береби, эмне үчүн?
2. Оозеки жана жазуу кеби жалаң жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлүп калса, ой жеткиликтүү болобу, оюңду түшүндүр?
3. Ойду башка бирөөлөргө жеткирүүдө сүйлөмдөрдүн ар түрдүү типте болуусу мазмунга кандай таасир берет?

***71-көнүгүү.*** Аныктаманы окуп, түшүнгөнүңдү шеригиң менен талкуула, түшүнбөгөн суроолор болсо, класстын окуучуларына кайрылып, биргеликте талкуулагыла.

Бир тутумдуу сүйлөмдөрдө сүйлөм мүчөлөрү бир гана баш мүчөнүн тегерегине топтолот. Экинчи баш мүчөнүн сүйлөмдө катышуусу шарт эмес, б.а. керектелбейт. Алар кепте кеңири колдонула бербейт.

*Белгилүү жактуу сүйлөмдө айтылбай калган ээ баяндооч аркылуу белгилүү болуп турат, бирок аны калыбына келтирүүгө болбойт.* Мисалы: Эмнени эксең, ошону оросуң. *Ээси «сен» экендиги белгилүү. Бирок эки тутумдуу сүйлөмдүн көмүскөдө калган ээсиндей кылып, ордуна алып келип койсок болбойт, ээ талап кылынбайт.* Энесин көрүп, кызын ал, эшигин көрүп, төрүнө өт - **Сен** энесин көрүп, кызын ал, **сен** эшигин көрүп, төрүнө өт. *Мындай учурда макал өзүнүн көркөмдүк касиетин жоготот. Бир тутумдуу сүйлөмдүн бул түрү көркөм стилде, сүйлөшүү кебинде кеңири, ал эми айрым учурларда иш кагаздарында да колдонулат (Мектеп окуучуларынын олимпиадасындагы ийгилиги үчүн Максутова Манзурага алкыш жарыялаймын).*

*Жалпылама жактуу сүйлөмдөрдө баяндооч экинчи жак формасында берилет, бирок ал үч жакка тең тиешелүү болуп айтылат. Мындай сүйлөмдөрдө турмуштук тыянактар, жалпыланган эрежелер, эмгек жыйынтыктары, жалпыланган пикирлер туюнтулат. Мисалы:* Жоо кеткен соң, **кылычыңды ташка чап.**

*Жаксыз сүйлөмдө ээ болбойт. Баяндоочу жаксыз формадагы этиштерден жасалат. Жаксыз сүйлөмдөр кепте кеңири колдонулат. Сүйлөмдүн бул түрү кыскалыгы, ойду так бергендиги, маанисинин жалпылыгы жана өтмө мааниде колдонул-*

*гандыгы менен өзгөчөлөнөт. Мисалы:* Эл оозуна элек тутуп болбойт. Болжогон жерге тезирээк жетүү керек.

*Атама сүйлөм ээнин да, баяндоочтун да белгисиз экендиги менен өзгөчөлөнөт. Синтаксистик жактан сүйлөм мүчөлөрүнө ажырабайт. Ал структурасы жактан өтө кыска болгондуктан, айтыла турган ойду кыска баяндап түшүндүрөт. Ошондуктан атама сүйлөмдөр көркөм чыгармаларда окуяларды, кубулуштарды ж.б. атоо максатында жана пейзажды сүрөттөөдө колдонулат. Мисалы:* Клубдун ичи. Эл жык-жыйма. Батышпай сагалап, эшик алдында тургандар андан көп. Күз. Асман ачык. Атка да, адамга да жаккан тоонун салкын жели беттен сылады.

*Айрыкча, драмалык чыгармалардын ремаркалары, негизинен, атама сүйлөмдөрдүн тизмегинен турат. Мисалы:* Кире берүште Керимдин кабинети. Кабинеттин ичи жупуну. Төрдө Лениндин сүрөтү илинип турат. Терезенин жанында жазуу столу.

***72-көнүгүү.*** Макалдарды окуп, маанисин чечмеле. Бир тутумдуу сүйлөмдөрдү тап, аларды кепте кандай максатта колдонсо болот?

1. Айды этек менен жабууга болбойт. 2. Карынын сөзүн капка сал. 3. Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети. 4. Улууга урмат, кичүүгө ызаат. 5. Жерди күз айда, күз айдабасаң, жүз айда. 6. Жакшы менен бир жүрсөң, жетесиң муратка. Жаман менен бир жүрсөң, каласың уятка.7. Жети өлчөп, бир кес.

***73-көнүгүү.*** Эки тутумдуу жана бир тутумдуу сүйлөмдөрдү таап, алар кандай максатта колдонулгандыгын айтып бер.

Ынтымакка чакыруу, ынтымакка келүү - бул элибиздеги асыл сапаттардан. Кыргызда ырыс-кешик, береке пейилдик, оң көрүнүштөрдү ынтымакка алып келип жорушат. Биринчиден, башка урууларды ынтымакка чакырган учурлар болгон. Кыз алышуу, кыз беришүү, күлүк-жорго тартуулашуу, чепкен жабуу сыяктуу сый-сыпаттардын негизинде алыс-жакындар эли менен эл, журту менен журт болуп келген. Чиелүү маселелер чечилип, жүйөлүү кеп-кеңештер үчүн аттарынан түшүп беришкен.

Экинчиден, өз ара ич күптүлөрдү, жүз карашпоолорду, топурагын түйүп берүүлөрдү, башка тарапка көчүп кетүүлөрдү жана башка ушул өңдүүлөрдү оңго бурушкан, эпке келтиришкен. Үчүнчүдөн, андай терс жагдайлар болбоо үчүн алдын-ала ынтымак уюштурушкан. Алдын-ала жардамдарын кылып, колдоолорун көргөзүп, чийинден чыккандарын өзүнчө «үндөккө» алып коюшкан. Арийне, андайлар азыр да бар. Сөз төркүнү тууралуу Р.Гамзатов:

Сапталар ийне сапталды,
Тигилер кийим эмне?
Тартуучу кыл тагылды,
Ырдоочу ырың эмне?

***74-көнүгүү.*** А) Р.Гамзатовдун ырындагы «тигилер кийим эмне», «ырдоочу ырың эмне» деген сөз тизмектеринен кандай маанини түшүнсө болот?

Б) А. Акматалиевдин «Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү» аттуу китебин пайдаланып, төмөндөгү сөз тизмектеринин маанисин чечмелегиле. Аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

Күлүк-жорго тартуулашуу, эпке келтиришкен, чийинден чыккандарын, аттарынан түшүп беришкен, ич күптүлөрдү, топурагын түйүп берүүлөрдү, «үндөккө» алып коюшкан.

***75-көнүгүү.*** Үзүндүнү окуп, мазмунун сүйлөп бер. Сен туулган жериң үчүн кандай пайдалуу иш жасадың, кезек менен айтып бергиле.

Эгер сен өзүңө жамаатташ турган токойду, суу алган бото көз булакты, берешен жерди сүйсөң, тек гана суктанып эмес, эртеңки күн жөнүндө ойлонуп, жаратмандык менен сүйсөң, анда сенин чыныгы кожоюн боло алганың, анда сенин чыныгы атуул боло алганың. Ал эми жаратылыштын биздин керемет көлүбүз – Ысык-Көл сыяктуу баа жеткис жерлерин сактап калуунун өбөлгөсү мына ушунда. Ысык-Көл. Касиетиңден айланайын, Ысык-Көл. Көлдүн дарылык касиетин, сулуулугун айта берсе, сөз жетпейт.

***76-көнүгүү.*** Каникулда сен кандай өнөр үйрөндүң? Аны кантип үйрөнгөндүгүңдү жаз. Бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү колдонууну унутпа.

## 11-§. Парцелляциялык сүйлөмдөр жөнүндө түшүнүк

*Парцелляция – француз тилинен алынган, кыргызча «майда бөлүктөргө бөлүү» дегенди түшүндүрөт. Парцелляттар негизги сүйлөмдөн кийин келип, ага кошумча маани берет. Ал ойду так бүтүрө албайт, сүйлөмдүн кесинди бөлүгү катары келет.*

*Парцелляциялык сүйлөмдөр эки бөлүктөн турат: биринчи бөлүгү - **негизги фраза,** экинчи бөлүгү - **парцеллят.** Парцеллят-тар жазууда негизги сүйлөмдөн чекит менен ажыратылат, ал эми оозеки кепте узак тыным менен айтылат . Аларды сүйлөм мүчөсү катары ажыратууга болбойт. Мисалы:* Бадырайган чоң

тамгалар менен жазылган макала чыкты. Сүрөтү менен. *(Ө.Д.)* А, чынында менин эжекем жакшы аял болчу. Боорукер, колу ачык. *(М.Гап.)* Мында **сүрөтү менен, боорукер, колу ачык** - парцелляттар.

***77-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү окуп, парцелляттарды тапкыла. Алар сүйлөмгө кандай кошумча маани киргизди?

1. ... Ушинтип жатып көзүм илинип кетсе керек, бир убакта адамдын тула бою дүркүрөгөндөй жерден ала-сала өйдө созолоно кеткен улуган дабыш чыкты. Карышкыр. 2. Жайдын толкундап турган кези, мен ушул боз кыроо түшкөн учурда кетүүгө камындым. Сарыкашка менен. *(З.Медетов)* 3. Жетимдин башынан суу айлантып коёюн. Энеси үчүн. *(Т.С.)* 4. Элдин орто чененинен бир адамдын малакайы көрүндү. Теңирберди! 5. Чындыгында, мен сүт ичкенди жакшы көрчүмүн. Кайнатылган сүттү. *(К.Арт.)* 6. Үч ай телевышкада иштеди. Кыштын күнү. *(Ө. Д.)*

***78-көнүгүү.*** Негизги сүйлөмдөргө маанисине карай парцелляттарды кошуп жазгыла. Кошумча маанисин аныктагыла.

1. Канча күнөөлөрүн көрүп турса да, кечирет. Унчукпайт... 2. Азат баштаган сакманчылар жайлоого жөнөштү. ...3. Камбар Керээз жакка бир карап, колундагысын көтөрдү. ...*(Ө.Д.)* 4. Мени менен ачылып сүйлөшө бербейт. ...*(С. Ө.)* 5. Эми анык тааныдым. ... 6. Аяз жамынышкан дарактардын бутактары салбырайт....*(«КМ»)* 7. Чоң атасынын тамын Айдар эс тартканы эч бир көрбөсө да, мурдагы бир сүрөт боюнча тааныды. ...

***Колдонулуучу сөздөр*:** топтун бригадири менен, ошол там, баласынтканы, эне да, куду жомок сыяктуу, апабыз, Айжан да.

***79-көнүгүү***. Сүйлөмдөрдү окугула. Парцелляттар катышкан сүйлөмдөрдү өзүнчө бөлүп көчүргүлө.

1. Канчадан бери бул жерде отурасың? Өткөндөрдү санап. 2. Отургандардын баары дуу күлүп калышты. Тыналиев да. 3. Айып этпеңиз Омор аке. Азыр сабак учуру. 4.Таштарды ала-сала агызган Күркүрөө, эчтекеге ээ-жаа бергисиз жапайы күч менен жердин астынан чыккандай күңгүрөнүп, жандуу, тилдүү немедей сүрдүү күү чалат. Укмуштуу күү. *(Ч. А.)* 5. Тообо, өзү жалгыз суу боюна барып жаткандан кандай кызык табат, эмнеси бар мунун? Деги кызык неме. Адамдан оолак. (Ч.А.) 6. Окумуштуулардын ою боюнча он бешинчи кылымга чейин буура хан тили деп, кийин түркий тил деп аталган. 7. Султанмурат сыртка атып чыкты. Кар учурган шамал бетке урду.

Мына сага Цейлон. 8. Окуу ордуна кошко чегилет деген ушул. Апаңа мен өзүм айтып түшүндүрүп коём. Айла жок. 9. Жаман чобурлардын арасынан атасынын аттарын көрө койду. Чабдар менен Чоңтору. *(Ч. А.)*

***80-көнүгүү.*** Парцелляттарды катыштырып, өзүңөр 4-5 сүйлөм түзүп келгиле.

## 12-§. Парцелляциялык сүйлөмдөрдүн стилистикалык өзгөчөлүктөрү

Парцелляттар кепте угуучунун же окурмандын көңүлүн буруу, айрым учурда баяндоонун айрым бир бөлүгүнө басым жасап, бөлүп көрсөтүү максатында колдонулат.

*Мисалы:* Мына бул эски чапан, касиеттүү буюмум. Атамдан калган чапан. *(К.Каимов)* Мында **атамдан калган чапан** - сөз болуп жаткан нерсенин маанисин күчөтүү максатында басым жасалып айтылды.

*Парцелляттар аркылуу чыгармадагы каармандын портрети бир топ реалдуу берилет.* Мисалы: Топ кишилердин алдында Абил бий менен бир чоочун адам келатты. Узун бойлуу, кыркма кара сакалдуу, кабагы бийик. *(Т.К.)*

**Узун бойлуу, кыркма кара сакалдуу, кабагы бийик** - *мында каармандын негизги белгилери берилди.*

*Кээде парцелляттар аркылуу пейзаж да кыска, так сүрөттөлөт.* Мисалы: Сыпайлар тоо арасындагы бир түзөңгө ат чалдырууга токтошту. **Этеги суу, үстү тыталама аска, эки жагы түнөргөн токой.** *(Т.К.)*

***81-көнүгүү.*** а) Жакшылык дегенде силер эмнени түшүнөсүңөр? Сен бирөөгө жакшылык кылгансыңбы, ошол учурда сен кандай сезимде калгансың? Сага карата жасалган кандай иштерди (же сөздү) жакшылык деп эсептейсиң?

б) Сүйлөмдөн парцелляттарды таап, ал кандай максатта колдонулганын айтып бергиле. Тиешелүү интонация менен окугула.

Башкалардын айтканына кулак төшөй билген киши өзүн да угуза алат, жакшылык кылган адам жакшылык көрөт. Жакшылык кылуу бир эле материалдык жактан жардам берүү эмес. Адамдарга жылмайып кароо, гүл сунуу, жакшы сөз айтуу – ушулардын баары жакшылык. Кандай сонун! Башкалардын өзү менен мамилелешүүсүн каалаган адам өзү жакшы болушу абзел. Башкалардын өзүн жакшы көрүшүн каалаcа, өзү да баш-

каларды жакшы көрүшү керек. Не деген ой? Жакшылыкты сүйгөн адамдын алдына байкалбастан жакшы мүмкүнчүлүктөр чыга келет. Максатка тез жетүү, иши илгерилөө, жолу ачылуу сыяктуу. Жакшылык кылып, кимдир бирөөнү кубанычка бөлөгөн кезде, мээде бактылуулук гармондору көбөйөт, өзүн коопсуз сезет, адамдар арасында ишеним сезими күчөйт.

Жакшылык эч кайтарымсыз жасалганы оң. «Жакшылык жасап, жардан ары ыргыт, жалпы журт билбесе да, Жараткан билет, жан-дүйнөң чексиз бейпилдикке жетет», - деген кеп бар. Калетсиз кеп. *(«Ш» ж.)*

– Текстти окуп чыккан соң, кандай сезимде калдың?

– Жогоруда айткан ойлоруңдан кайтасыңбы же жөн эле толуктайсыңбы?

– Кандай жакшылыктар эсиңе келди, айтып бер?

***82-көнүгүү.*** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн каармандын белгисин жана негизги фразадан бөлүп көрсөткөн парцелляттар катышкан сүйлөмдөрдү тиешелүү тыныш белгисин коюп, көчүрүп жазгыла.

1. Кулунду жүргүнчүлөр аксаганынан сатышкан. Болбосо мындай кулунду кайдан сатсын? Асыл бээнин тукуму. 2. Ат чабышта кунанын Курман аттарга кошуп чапса болобу. Мына кызык! Тору кунан аттардан бута атымдай алыс чыгып келди. 3. Токтой калып карасам, оң жактан келе жаткан атчан кишилер көрүндү. Мырзабек менен Алаңкөз. 4. Чортекте жалгыз күрөң атынан башка адалдан түк жок. Ал да болсо өзү менен бирге карып, тиштери эчак түшкөн. Аяк улоо. 5. Күндөрдүн биринде айылыбызга Абдырахман деген жигит келип, балдарды окута баштады. Жакшы жигит экен. Шаардык. 6. Мингени - төрт бутуна үч эмчектүү така урулган, жал куйругу төгүлгөн ат. Чоң күрөң ат. *(К.Б.)*

***83 -көнүгүү. «Бээ көрдүңбү?» «Жок». «Төө көрдүңбү?» «Жок», «Билбейм деген – бир сөз, билемин деген – миң сөз»*** – деген накыл сөздөргө кандай түшүнөсүңөр? Накыл сөздүн бирин тандап алып, турмуштук фактылардын негизинде текст түзгүлө. Мүмкүн болушунча парцелляттарды пайдалангыла.

## 13-§. Текст менен иштөө

***84- көнүгүү.*** Дептериңердин бетин үч бөлүккө бөлгүлө. Биринчи бөлүгүнө кар анын пайда болушу тууралуу эмнелерди билсең жазып чык. Жазганыңды шеригиң менен талкуулап, пикирлериңерди байыткыла да, мугалимдин жардамы менен ар бир пикирди доскага жазгыла. Тема боюнча эмнени билгиң келсе, экинчи бөлүккө жазгыла.

Эми текстти кунт коюп окугула, берилген суроолорго алган жообуңарды талкуулагыла. Үчүнчү бөлүккө тексттен кандай кошумча маалымат алганыңарды жазып чыгып, класска айтып бергиле.

## Кар кантип пайда болот?

Кыштын келиши менен алгачкы кар жер бетин аппак түскө оройт. Ар жылы бул көрүнүш кайталанып турса да, биз кардын кандайча пайда болуп, кандай касиеттерге ээ экендигине маани бербейбиз. Чынында эле бири-бирине окшошпогон кар бүртүкчөлөрү кантип пайда болот? Алардагы таң каларлыктай симметриялуулук кантип жаралат? Кардын пайда болушу булуттарды түзгөн абадагы суунун микротамчыларынын акырындап биригип, төмөнкү температурада тоңушу менен башталат. Алгачкы көлөмү 0,1 миллилитрден ашпаган муз кристалдары абанын нымдуулугунун жана конденсациясынын натыйжасында өсүп отуруп, төмөн түшө баштайт. Ал эми анын өзгөчө, башкача айтканда, алты кырдуу формага ээ болушу суунун молекуласынын түзүлүшүнөн улам, себеби, суунун молекуласы тоңгондо 60 жана 120 бурчтарды пайда кылат. Ал эми кардын ак түстө болушу анын курамындагы муз кристаллдарынын жана абанын ортосунда жарык нурларынын чагылышына байланыштуу болот. Кар бүртүкчөлөрүнүн 95 пайызы абадан тургандыктан, тыгыздыгы аз болуп, жааганда ылдамдыгы саатына 0,9 километрди түзөт.

1885-жылы америкалык Уилсон Бентли алгачкылардан болуп микроскоптон кар бүртүкчөсүнүн сүрөтүн алган. 46 жылдык эмгектин натыйжасында 5000ден ашуун сүрөт тартууга жетишкен жана эң кызыгы – ал сүрөттөр идеалдуу окшоштуктагы кар бүрткчөлөрү болбостугун дагы бир жолу тастыктаган. Табияттын табышмактуу кубулуштарынын бири болгон кардын кайталангыс ар түрдүүлүгү, чексиз жаратуу күчүнө ээ болгон Улуу күчтөн кабар бербейби?..

*("Шоокум", №11(16) Жетинин айы, 2007-ж.)*

***85- көнүгүү.*** *Эки кошуна, үч күн жааган кар, эрте туруу, жолдорду күрөө, таң калуу, достор, күлүү* деген сөз айкаштары менен сөздөрдү катыштырып, текст түзгүлө. Тексттиңерди шеригиңерге окуп берип, кызыктуу деп эсептегениңерди класста талкуулагыла.

√ ***86-көнүгүү.*** Жогоруда силер талкуулаган кайсы текст төмөнкү текстке жакындашты. Салыштыруу менен текстти окуп чыккыла, суроолорго жооп бергиле.

## Кар

Эки кошуна жашаптыр. Кыш келип, кар түштү. Биринчи кошуна эрте менен туруп, сыртка чыгып, эшигинин алдындагы карды күрөмөк болду. Жолун күрөп жатып кошунасынын иши кандай экенин билгиси келди. А кошунасынын жолундагы кар тыкан тапталып тегизделген.

1. Кар оор түшкөндө силер кандай жумуштарды аткарасыңар?

2. Таң атканча эле кошунасынын жолу эмне үчүн тапталып, тегизделген деп ойлойсуңар?

Эртеси күнү да кар жаады. Биринчи кошуна жарым саат эрте туруп, ишке киришти, караса кошунасынын жолу басканга ыңгайлуу туруптур.

Үчүнчү күнү тизеге чейин кар жаап салды. Биринчи кошуна дагы эрте турду да, сыртты тартипке келтирмек болду... А кошунасынын жолу түз жана тим эле тептегиз!

1. Экинчи кошунасы жолун тегиздегенге качан үлгүрүп жатат деп ойлойсуңар?

2. Силер ойлогондон башкача болушу да мүмкүнбү, болсо эмне үчүн?

Ошол күнү кошуналар жолдон жолугушуп калып, аны-муну сүйлөшүп жатышты, күтүлбөгөн жерден биринчи кошуна сурап калды:

– Айтчы кошуна, сен качан эшигиңдеги карды күрөөгө жетишесиң? Экинчи кошуна алгач таң калды да, анан күлүп жиберди:

– А, мен кар күрөбөйм, мага достор көп келет. *(Ольга Безмирной)*

1. Кимдердин ою текстке дал келди.

2. «Дос бир жакшылыкта, бир жамандыкта сыналат» - деген макалга оюң кандай?

***87- көнүгүү.*** Төмөнкү текстти окуп чыккыла да, суроолорго жооп бергиле.

... Анан кадимки аттамчыктан Мырзагүлгө жолукканын эстеп, караңгыда кайра күлүмсүрөдү. Кыздын алаканы алаканына жабышып, тумсак назик колу: «Мына, мен, каалаганың. Мен кубанычтамын. Кубанычымы сезип атасыңбы?» – деп тилсиз айтканы азыр болуп тургандай туюп жатты. Анан кыздын кебетесинен өзүн тааныганын, ошого таң калганын, сүйгөн кызы экөө бир жан болуп калганына кубанганын да жыргап эстеди.

Азыр Мырзагүл уктап жаткандыр. Же уктабай аны ойлоп отургандыр? Экөө бир жан эмеспи... Султанмурат акырын төш чөнтөгүндөгү Мырзагүл берген жүзаарчыны кармалап, сылап жатты... *(Ч. А.)*

1. Бул кимдин, кайсы чыгармасынан үзүндү?
2. Чыгарма кайсы учурдагы окуяны сүрөттөйт?
3. Үзүндүдө адамдагы кайсы сезим жөнүндө айтылып жатат?
4. Сүйүү жөнүндө эмнелерди айтып бере аласың?
5. Сүйүүсүз жашоого болобу, эмне үчүн?

***88-көнүгүү.*** Төмөнкү суроолорго жооп берип, андан соң эссе жазгыла.

1. Бүгүн биз «Сүйүү» деген темада эссе жазабыз. Бул теманы кимдер жаза алышат деп ойлойсуңар? Вариантыңарды дептериңерге жазгыла, жупта талкуулап, ар бир жуптагы идеяны мугалимдин жардамында доскага жазгыла да дептериңердегини толуктагыла.

2. Бул жазуу жумушун кимдерге арнаса болот деп ойлойсуңар? (Муну да жогоркудай аткаргыла.)

3. Бул жазуу жумушун ... жазып, ... арнаса, кандай формада жазышы мүмкүн? (Көп чекиттин ордуна өзүң каалаган ролду, кимге арналгандыгын өз каалооң менен кой.)

4. Эгерде аны ... жазып, ... арнаса, ... формада жазса, темасы кандай болушу мүмкүн? (Көп чекиттин ордуна өзүң каалаган ролду, кимге арналгандыгын, кандай формада жаза тургандыгын өз каалооң менен кой.)

5. Бул жазуу түрүндөгү чыгарманы кимдин атынан жазууну, кимге арнала тургандыгын, кандай формада жаза тургандыгыңды ойлон да жазууга кириш.

6. Шеригиң менен талкуулап, оңдой турган жериңди оңдоп, жарыялоого даярдан.

7. Жарыялоо. Бүгүн биз автордун атынан чыгарма окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп турабыз. Бул автордук кресло (Кресло мугалим тарабынан алдын ала даярдалат). Ким буга отурса, өз чыгармасын окуп берет да, талкууну жүргүзөт. Угуучулар суроо беришип, эссе боюнча өз ойлорун айтышы мүмкүн.

***89-көнүгүү.*** Жогорку көнүгүүдөгү эссени талкуулагандан кийин, өз эссеңди өзгөртүп жазгың келсе же толуктоону кааласаң, үйдөн бул жумушту аткарып кел. Жазганыңды мугалим жана классташтарың менен талкуулап, мугалимдин жардамында жарыялоого аракеттен.

***90-көнүгүү.*** Суроолорго жооп бергиле.

1. Жогорку көнүгүүлөрдүн негизинде уккан эсселерден кимдердин жазганы сага жакты, эмне үчүн?
2. Ал эссени кимдер окуса пайдалуу болот деп ойлойсуң, эмне үчүн?
3. Силерге жаккан эсселерди башка окуучулар окуса, пайдасы болобу, болсо кандай?
4. Башка окуучулар силерге жаккан эсселерди окуусу үчүн эмнелерди аткарыш керек, кантип?
5. Өзүңө жаккан эссенин мазмунун арттыруу үчүн кандай сунуштарды бересиң, балким, кошумча киргизесиңби?
6. Класс боюнча дубал газета чыгарса болобу, болсо кантип?
7. Оюңар айтылып эле калбас үчүн, колуңардан келген ишке киришкиле, ийгилик каалайбыз.

## 14-§. Сөз өстүрүү

***91-көнүгүү.*** Текстти кунт коюп окуп чык. Төмөнкү таблицанын *«суроолор»* деген бөлүгүнө текст боюнча төрттөн кем эмес суроо жаз да, *«ачкыч сөздөр»* деген бөлүккө ошол суроого жооп болуучу негизги сөздөрдү же сөз айкаштарын жаз. Түзгөн суроолоруңду шеригиң менен талкуула, мугалимдин жардамы менен доскага суроолорду жазып чыккыла, ал боюнча талкуу жүргүзгүлө. Үч топко бөлүнүп, суроолорду мааниси боюнча типтештирип, презентациялагыла. Текст менен иштөөдө суроолордун ролун айтып бергиле.

Нанороботту автономдуу космикалык кораблге окшоштурса болот. Анын жеке кыймылдаткычы болуп, ал наноробтко каалаган багытына тез кыймылдашына мүмкүнчүлүк түзөт. Чыныгы космикалык корабльден бир гана айырмачылыгы бар: нанороботтун өлчөмү болгону ондогон нанометр (10-9м). Бул болсо, адамдын чачынын жоондугунан жүз эсе кичине деген сөз. Мындай өлчөмү, компьютери, манипулятору менен наноробот ар бир атомду кармап алып, каалаган иретте коё алат. Мына ошентип, ал колго тийген органикалык жана органикалык эмес материалдан ар кандай татаалдыктагы заттарды түзө алат. Бактериялар сыяктуу бөлүнүп көбөйүү менен өздөрү да пайда болуп турат. Биосфераны, айлана-чөйрөнү өзүнүн таштандылары менен булгаган завод-фабрикалардын зарылдыгы жок болот. Аларды муздаткычтын чоңдугундай болгон гана аспаптар алмаштырат. Анын ичинде нанороботтордун тизмеги, ар түрдүү химиялык элементтери бар идиш жана компьютер болот. Миса-

лы, эртең менен адамга тишин жууш үчүн, тиш щетка керек болот. Ал компьютерге буйрук берет: нанороботтор эритмеден щетканы жасоо үчүн керек болгон атомдорду кармап алып, аны орундарына коёт. Бир канча убакыттан кийин щетка даяр болот. Тишти жуугандан кийин щетканы идишке салып коюшат, аны нанороботтор баштапкы атомдорго айлантып коюшат. Демек, ар түрдүү буюмдарды, айрыкча кымбат баалуу бюмдарды чогултуунун зарылдыгы жок болуп калат. Себеби, нанороботтор ар кандай буюмду, кийимди, жасалгаларды, бриллиант, алтын ж.б. заттарды жасап коё алат. Нанороботтор учурдун татаал экологиялык маселеси болгон – адам жашап жаткан планетанын булгануусун токтотот.

***92-көнүгүү.*** Жогорку көнүгүүдөгү суроолордун тиби боюнча классташтарыңдын презентациясынан кийин кандай ойдо калдың? "Адам турмушунда суроолордун ролу" темасында эркин жазуу жаз, каалоочулар кезек менен окуп, талкуулап чыккыла.

***93-көнүгүү.*** «Нанотехнология – адамзаттын жыргалчылыгы» деген темада дилбаян жазгыла, аны класста окуп берип, жолдошторуңардын сунуш-пикирлерин эске алып, акыркы вариантын даярдап, мугалимиңердин жардамы менен жарыялоого аракеттенгиле.

***94-көнүгүү.*** Өзүң жашаган көчөң, үй-бүлөң, кошуналарың жөнүндө дептериңе жаз. Шеригиң менен талкуулап, каалооңор боюнча класска окуп бергиле. Көчөңдүн кандай болушун каалайсын, шеригиң менен пикирлеш да «Менин көчөм он жылдан кийин» деген темада келечектен көз чаптырып, эссе жаз. Эсселерди окуп, пикириңерди сунуштагыла.

***95-көнүгүү.*** Чагылган кандайча пайда болот, билесиңерби? Чагылгандын кереметы, таасири жөнүндө кандай маалыматтарды билесиңер, кезек менен айтып бергиле. Текстти окуп, түшүнүгүңөрдү алгач шеригиң менен талкуулап, андан соң бириң класска айтып бергиле.

Чагылган «каарына алса», көптөгөн адамдардын, жаныбарлардын өлүмүнө, өрттөрдүн чыгышына себепкер болот. Бирок канчалык коркунучтуу болгону менен бардык эле табигый кубулуштардай, Жер шарындагы жашоо үчүн пайдасы зор экосистеманын ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет. Мисалы, чагылгандын болушу менен атмосферадагы ар кандай химиялык реакциялар, ошондой эле жердеги өсүмдүктөр дүйнөсү үчүн өтө керек болгон азоттордун молекулаларынын бөлүнүшү ишке ашат. Мындай абалда алар өсүмдүктөр тарабынан жеңил кабылданат жана андагы химиялык жана биологиялык зат алмашууларды жакшыртат.

Жерди «сырттан келген» ультрафиолеттүү нурлардан сактаган озон катмарынын туруктуу болушунда да чагылгандын ролу чоң. Ал эми Жердин радиациялык алкагында чагылгандан кийин белгилүү бир убакытка чейин заряддалган бөлүкчөлөр калбай калгандыктан, космоско ракеталарды учурууда чагылгандын ушул касиетин пайдаланышат.

***96-көнүгүү.*** Адам эмне үчүн уктайт? Уйкунун мааниси жөнүндө эмне билесиңер? Бул суроолорго жооп берүү менен, текстти окуп, кыргызчага которгула. Андагы татаал сүйлөмдүн түрлөрүнө көңүл буруп, алар боюнча маалыматтарды айтып бер.

Қадим замонлардан бери уйқунинг «сирли» ҳодиса эканлиги кўпдан-кўп эьтиқодлар ва урф-одатлар билан боғлиқ бўлиб келган. Ухлаб ётган одамнинг нима учун ўликдек кўр ва кар бўлиб қолишини, уйғонгандан кейин эса кўпинча у ухлаб ётган вақтда бўлиб ўтган ҳодисалар, ажойиб саргузаштлар ҳақида гапириб беришини тушуниш жуда қийин бўлган. Гўё одам ухлаган вақтда унинг жони танасидан вақтинча чиқиб кетиб, бепоён оламда кезиб юради, у ерда илоҳий кучлар унга «ғойибона» тушлар юборади деган диний эьтиқодлар ана шундай вужудга келган. Туш кўриш ҳодисасини тўғри изоҳлаб беришнинг ва уни вужудга келтирувчи сабабларини аниқлашнинг олимларга узоқ вақтгача имкони бўлмади. Бу қийин масалани ҳал қилишга И. П. Павлов ўзининг олиб борган тажрибалари ҳамда кузатишлари асосида ҳисса қўшган. *(«Одам» 9-синф.)*

***97-көнүгүү.*** Төмөндө берилген кыргыз санжырасындагы табышмактын жандырмагын таап, шеригиң менен макулдашып, класста далилдеп көргүлө.

1. - Дүйнөдө ким күчтүү?
2. - Дүйнөдө эмне учкул?
3. - Баатыр деген ким?
4. - Коркок деген ким?
5. - Жакшы деген эмне?
6. - Жаман деген эмне?
7. - Жаманга дабаа кайсы?

*(С. З.)*

***98-көнүгүү.*** *«Ынтымак- ийгиликтин ачкычы», «Туулган жердин топурагы алтын»* деген темалардын бирине дил баян жазып кел.

***99-көнүгүү.*** Айрым дил баяндарды класста окуп, ага коллективдүү түрдө төмөнкүдөй талдоо жүргүзгүлө:

- Дил баяндын кайсы жери өзгөчө жакты?


- Толкундаткан окуялар же сүйлөмдөр болдубу?

- Дил баяндан жаңы же өзүңө пайдалуу маалымат ала алдыңбы?

- Дил баяндарды жарыялоонун жолдорун тапкыла жана башкаларга да маанилүү болот деп эсептегениңерди жарыялагыла.

## 15-§. Чейректик кайталоо

***100-көнүгүү.*** Кластерди алгач жеке, анан шеригиңер менен пикирлешип толтургула жана бир тутумдуу сүйлөмдүн түрлөрү боюнча класска айтып бергиле.




***101-көнүгүү.*** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүн аныктап, ар биринин өзгөчөлүктөрүн айтып бергиле.

Кычыраган кыш. Күн абдан суук. Көз ачып жумганча айлана алай-дүлөй түшүп, бороон көтөрүлдү. Жолдун жышааны көрүнбөй калды. Аңгыча болбой, бир караанга жанаша түштүк.

- Билесиңби, жол кайда калды?- деди ямщик кыйкырып.

- Жол ушул жерде - мен турган жер. Бирок андан эмне пайда?- деди жолоочу.

- Сен бул жерди билесиңби? Түнөй турган жерге жеткизип койсоң кантет?

- Кудайга шүгүр, бул жердин коён жатагына чейин билем. Бирок күндүн ырайын болжоп болбойт. Жолдон адашып калуу мүмкүн. Андан көрө бороон басылганча ушул жерде күтүп туруу керек. Күн ачылганда, жылдызга карап, жолду таап алабыз. Анын камырабаганын көрүп, кайраттана түштүм, бирок аңгыча болбой, жолоочу чанага секирип түштү да, ямщикке:

- Жакын жерде там бар көрүнөт, оңго бургун да айдагын,- деди.

- Эмне үчүн оңго бурам? – деди ямщик жактырбагансып,- жолду кайдан көрө койдуң?

Ямщиктин айтканы мага да туурадай көрүндү. «Ырас эле, - дедим мен, - жакын жерде там бар экенин кайдан билдиң?»

- Шамал ошол жактан боло баштады. Түтүн жыттанат. Жаңылбасам кыштак алыс эмес,- деди жолоочу. Жолоочунун айтканына ишенүүгө туура келди. Башка арга жок. *(П.)*

- Бул кайсы чыгармадан үзүндү? Окугансыңарбы?
- Каармандарды атагылачы? Булар – кимдер?
- Окуя андан ары кандай өнүгүшү мүмкүн?
- Чыгарманын өзүн окубаган болсоңор болжолдоп да айтып берсеңер болот.

***102-көнүгүү.*** Түшкө ишенесиңби? Түшүң туура келген учурлар болгонбу, айтып бер? Түш, түш жоруу жөнүндө кандай ой-пикирлерди билесиңер?

Кыргыздар илгертен эле түшкө олуттуу мамиле жасашкан. Кыргыз көргөн түшүн көрүнгөн эле адамга жорута берген эмес: өзүн таза тутуп, таза кармаган, көптү көрүп, көптү билген, элге кадыр-барктуу, эл сыйлаган адамдарга жоруткан. Илгери түш жоруу менен кесип кылган, атагы кыргыз элинин учу-кыйрына таанылган адамдар өткөн.

Түштү адатта, таң атарда, адам оозуна наар албай, ачкарын турган мезгилде жорушкан. Айрым түштөр агымы катуу суунун боюнда айтылган. Адатта түшүнөн чочуп калган адам агымы катуу суунун боюна барып, түшүндө көргөндөрүнүн баарын төкпөй-чачпай сууга айткан. Элдик ишенимде түш менен кошо келчү жамандык ошо шар суу менен кошо агып кетет. Адамдын ички дүйнөсү аны менен кошо жуулуп, тазаланат. Адамдын ниети оңолуп, жандүйнөсү агарат деген ишеним жашайт.

Аян берүүчү түштү жорууга эң аяр мамиле кылышкан. «Кептин негизи түштө эмес, жорулушунда, көрсөтчү жышааны да, берүүчү аяны да ошого байланыштуу» – дешкен. Ошол үчүн түш жоруган киши жакшылыкка гана багыштаган. «Түш бир айткандан, бир жоругандан бузулат» - деп айтылат элде. *(«Ш» ж.)*

***103-көнүгүү.*** а) Түш жоруп көргөнсүңөрбү же ата-энеңердин, улуу адамдардын жоругандарын уккансыңарбы? Билгениңерче түш жоруп көргүлө. б) Төмөнкү түш жорууну окуп, эсиңерге түйгүлө. Ар бирин бир тутумдуу же эки тутумдуу сүйлөмдөргө айландырып, кайра түзгүлө.

«Түшүндө жылкы көрүү» - өрөпкүгөн эмоциялуу учурду: энергияны, эркиндикке умтулууну символдоштурат.

«Түшүндө учуу» – бакытка, бакыбаттуу жашоого умтулуу, турмуштук өзгөрүүлөрдү, каалоо, тескерисинче, проблемадан качуу, турмушка эт-бети менен мамиле кылууну туюндурат.

«Түшүндө тоолорду көрүү» – өзүнөн бийик нерсени самоо, тоскоолдукту ашып өтүү, жеңишке жетүү, тескерисинче, оор жүккө, тоскоолдуктарга кабылуу.

«Түшүндө жылаңач абалда калуу» – талаптарды аткара албай калам деген коркунуч, өзүн кандай болсо да ошондой абалда көргөзгүсү келгени, ыңгайсыз абалда калуусу.

«Түшүндө жалбырттаган отту көрүү» – өз ишине же адамга болгон кызыгуу, ошол эле мезгилде «күйүп калбаймынбы» деген чочулоо, өз мүмкүнчүлүгүнөн тышкары нерсени үйүп алуу. *(«Ш» ж.)*

***104- көнүгүү.*** «Кыргызстандын келечеги – жаштардын колунда» деген темада турмуштук фактыларды пайдалануу менен ой жүгүртүү мүнөзүндөгү текст түзгүлө.

## 16-§. Татаал сүйлөм жөнүндө түшүнүк

***105- көнүгүү.*** Төмөнкү чаташып берилген сөз жана сөз тизмектерин маанисине карай иреттесеңер, тил илимине байланышкан текст чыгат. а) өз алдынча иреттеп чык;

б) шеригиң менен талкуулап, бир пикирге келгиле; в) мугалимдин жардамы менен 3 топко бөлүнүп, ар бир топто сүйлөмдөрдү иреттөөдө бир пикирге келип, эмне үчүн антип иреттегениңерди класска түшүндүрүп бергиле.

1) татаал сүйлөм деп аталат.
2) маанилик же грамматикалык жактан
3) Эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөрдүн
4) байланышынан түзүлгөн сүйлөм
5) чечен сөз баштайт (макал).
6) Баатыр кол баштайт,
7) Мисалы:
8) күн чайыттай ачылды
9)Таңга маал кар басылды да

***106-көнүгүү.*** Жогорудагы көнүгүүдөгү иреттелген сүйлөмдөрдү төмөнкү текст менен салыштыргыла. Анын дал келгендигин же келбегенин түшүндүрүп бергиле, аныктаманы кайталагыла.

*Эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маанилик же грамматикалык жактан байланышынан түзүлгөн сүйлөм татаал сүйлөм деп аталат.* Мисалы: 1) Баатыр кол баштайт, чечен сөз баштайт. *(Макал)* 2) Таңга маал кар басылды да, күн чайыттай ачылды.

***107-көнүгүү.*** Жогорудагы татаал сүйлөмдөрдөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышында кандай өзгөчөлүктү байкадың? Аны төмөнкү текст менен салыштыр жана түшүнгөнүңдү айтып бер.

*Биринчи сүйлөмдө эки жөнөкөй сүйлөм интонация, экинчи сүйлөмдө **да** деген байламта аркылуу бири-бири менен байланышып, бүтүн бир ойду билдирип турат.*

*Татаал сүйлөм туш келген эле жөнөкөй сүйлөмдөрдөн уюшула бербейт. Маани жагынан бири экинчиси менен байланыштуу болгон жөнөкөй сүйлөмдөрдөн гана түзүлөт.*

*Мисалы:* Айлананы туман каптап, күндүн көзү көрүнбөйт.

*Мында татаал сүйлөмдүн тутумундагы **Айлананы туман каптап** деген сүйлөм кийинки сүйлөм менен (Күндүн көзү*

*көрүнбөйт) грамматикалык жактан (-ып) байланышып, андагы айтылуучу ойдун себебин көрсөтүп турат.*

Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар биринин өзүнө тиешелүү баш мүчөлөрү болот.

*Мисалы:* **Күн** кечтеп, көл жактан муздак **жел** сокту.

Кээ бир татаал сүйлөмдөрдүн баяндоочтору бир гана ээге баш ийип калат.

*Мисалы:* **Күн** тоо башынан алда канча көтөрүлүп, коктуколотторго алтын нурун чачты.

Кээде татаал сүйлөмдүн ээси айтылбай, көмүскөдө калат. Мындай учурда ээнин кайсы экендиги сүйлөмдүн маанисинен же баяндоочунан белгилүү болуп турат.

*Мисалы:* Китепканага барасыңбы?

***108-көнүгүү.*** Төмөнкү макалдардагы жөнөкөй сүйлөмдөр кандай жол менен байланышкандыгын айтып бергиле. Макалдардын маанисин чечмелегиле.

1. Акылы бар билимди самайт, акылы жок кийимди самайт. 2. Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт. 3. Адамдын өзүнө баа бербе, акылына баа бер. 4. Ачуу-шайтан, акыл-дос. 5. Кулак укса, курсак кайнайт. 6. Иттей ала болгуча, бөрүдөй көк бол. 7. Эрден ашмак бар, бирок элден ашмак жок. 8. Ырыс алды – ынтымак, ынтымагың болбосо, жашоо кыйын тынчыраак. 9. Бийлиги бар сүйлөсө, ыр болуп чыгат, бийлиги жок сүйлөсө, чыр болуп чыгат. 10. Тамчы тама берсе, таш жарат, бир сөз ырбай берсе, баш жарат.

***109-көнүгүү.*** Көчүрүп жазып, татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү баш жана айкындооч мүчөлөрдүн астын сызып, маанилик катышын айтып бергиле.

1. Сиз такыр байкабапсыз, балаңызда бөтөнчө касиеттер бар. *(А. Т.)* 2. Өзөнгө элим толсочу, өмүр өтпөс болсочу. *(Т.)* 3. Ак куу көлүн эңсейт, адам тууган жерин эңсейт. *(Мак.)* 4. Бригадир катуу айтты, бирок ага эч ким сөз кайтара алган жок. 5. Сапарбай чыгып кеткенден кийин, бөлмө бир саамга жымжырт боло түштү. *(Т.С.)* 6. Сырт али жарык эле, кара күүгүм кире элек. 7. Үйгө чарчап, бирок көңүлү ток кайтышты. 8. Жаз эрте келген үчүн, мал көккө тоюна баштады.

***110-көнүгүү.*** Аралаш берилген төмөнкү жөнөкөй сүйлөмдөрдү мааниси боюнча байланыштырып, татаал сүйлөмдөргө айландыргыла. Кантип байланыштырганыңарды айтып бергиле.

Ал карандашын эпилдетип кагаз бетине чиймелеген сайын, аңдышкан айыл конбойт, эки дүйнө кемибес болосуң сен, уул

жакшы болсо, ата-энесин маарытат, карап тургандар ага тартыла беришти, жашында коркок болсо,тойдун көркү сөз болот, өңү суук болсо да, атанын дөөлөтү колдун кириндей, мен жыйган дүйнөнү кармай билсең, жаман болсо, убайым менен карытат, эсептешкен дос болбойт, ал тез эле жоголот, торконун көркү уз болот, карыганда чоркок болот, сөзү жылуу болсун.

## 17-§. Татаал сүйлөмдүн түрлөрү

*Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири-бири менен байланышуу жолдору, маанилик катыштарына карай тең байланыштагы татаал сүйлөм, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм болуп экиге бөлүнөт.*

Татаал сүйлөмдүн түрлөрү

Тең байланыштагы татаал сүйлөм

Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм

## 18-§. Тең байланыштагы татаал сүйлөм, тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору

***111-көнүгүү.*** Тил илимине байланышкан төмөнкү терминдерди кыргыз тилине которгула жана маанисин өз түшүнүгүңөр менен айтып бергиле.

Гап, кушма гап, содда гап, кушма гапнинг турлари, бош булаклари, таркип, киңслаймиз, богловчи, юклама, оханг, восита.

***112-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктаманы көңүл коюп окуп чыккыла жана түшүнүгүңөрдү айтып бергиле. Өзбек тилине салыштыргыла.

*Маани жагынан өз ара катышта, биримдикте болуп, грамматикалык жактан бири-бирине багынбаган, тең байланышта турган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн айкалышынан түзүлгөн татаал сүйлөмдөр тең байланыштагы татаал сүйлөм деп аталат.*

*Мисалы:* Баатыр бир өлөт, коркок миң өлөт. *(Мак.)* Асман көрүнбөйт, жааган кардан теребел боз чаар.

*Келтирилген мисалдарда татаал сүйлөмдөрдүн тутумун түзгөн жөнөкөй сүйлөмдөр маани жактан тыгыз байланышып, грамматикалык жактан бири-бирине көз каранды болбой, өз*

*ара тең укукта турат. Баяндоочтору (өлөт, көрүнбөйт) тыянактуу формада айтылды. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар бири толук аяктаган ойду түшүндүрүп турат.*

*Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен интонация жана байламталар аркылуу байланышат.*

*Мисалы:* Тегеректе эч жан жок, алардын жолунан чыккан жан биз болгонбуз го. Анан үрөн сээп, маласын тартып сал да, Баба дыйкандан түшүмүн тилеп жата бер!

*Биринчи татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр маанилик жактан (интонация аркылуу) байланышса, экинчисинде **да** деген байламта аркылуу байланышты.*

***113-көнүгүү.*** Татаал сүйлөмдөрдү окугула, тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр кандайча байланышканын айтып бергиле.

1. Согуштун түрү курусун, силер аны билбей эле койгула. 2. Отту көсөп, тез-тез үйлөп күйгүздү да, колдорун тапка кактап отура берди. 3. Ал эмне үчүн ушинткенин ким билсин, бирок анын ушул эле айткан сөзүнөн согуш деген жомок катары эрмектеп сүйлөй турган кеп эмес экени сезилди. 4. Уялганымдан мен жер карап калдым. 5. Экинчи согуш жөнүндө Даниярдан эчтеке сураган жокмун, балдар дагы ага тийишип теңаталашканын койду. 6. Даниярдын мүнөзү түнт, адамга ыгы жок. 7. Данияр бул жолу да унчукпады, чочугандай арабаны турган эле жеринен ала-сала айдады. *(Ч.А.)*

***114-көнүгүү.*** Төмөнкү жөнөкөй сүйлөмдөрдү мааниси боюнча байланыштырып, 4 татаал сүйлөм түзгүлө. Андагы баш мүчөлөрдү таап, астын сызгыла.

1. Көз ачып-жумганча биз Даниярды кууп өтөбүз. 2. Ал артта калат. 3. Айылга кайта бара жаттык. 4. Бирибиз да ооз ачып сүйлөгөн жокпуз. 5. Данияр биздин айылга жакында эле пайда болду. 6. Чөп чабык жаңы башталган кез болчу. 7. Фронттон бир жарадар аскер кайтып келгенин айылдан чуркап келген бала сүйлөп берди. 8. Бирок ал аскер ким экенин бала өзү да билбейт. *(Ч. А.)*

***115-көнүгүү.*** Берилген сөздөрдү маанисине карай иреттеп, тең байланыштагы татаал сүйлөм түз, аны шеригиң менен талкуула, бир пикирге келип, класска айтып бергиле.

| Аралаш сөздөр | Татаал сүйлөм |
|---|---|
| 1. Мүмкүн эмес тарбиялоого, бактыга, бактылуу, болот, адамды, үйрөтүү, кылып, бирок.<br>2. Өткүр, сөзү, мергенчинин, өткүр, билимдүүнүн, көзү.<br>3. Айрылбайт, жүрөк, менен, сүйүнгөн, маңдай, корккон, жарылбайт, менен.<br>4. Жермин, адам, мен, теңмин, баласына, мына, бардык, мен.<br>5. Узундугу, жазы жери, 178 километр, 60 километр, эң, Ысык-Көлдүн, 68 метр, терең жери, эң.<br>6. Көл, береги, өтө, көрүнөт, тумшуктан, бергенде.<br>7. Табияты, күбө, көз алдыңда, болдуңар, турат, бул өзгөрүп, жердин, өзүңөр.<br>8. Атылды, күүсү, ок, комуздун, болуп, муң, чагылды, болуп. | |

***116-көнүгүү.*** *Да, бирок, ошондуктан, ал эми, же болбосо, жана* байламталары менен байланышкан тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү көркөм чыгармалардан таап, жазып кел жана кайсы чыгармадан жазганыңды айтып бер.

## 19-§. Көнүгүүлөр

***117-көнүгүү.*** Текстти окуп түшүнүгүңөрдү айтып бергиле. Кыргыз элинин *устукан тартуу* салтына силер кандай баа induresиңер? Ар ким өз оюңарды айткыла. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү тапкыла.

### Устукан

Аш, тойлордо, мейман күзөтүүдө сыйдын эң негизгиси – устукан тартуу. Устукан жылкы, уй жана жандык малдын жиликтеринен болот. Жылкынын учасы баарынан улук. Андыктан уча бөлүнбөйт, ал эми калган жиликтери тең экиге бөлүнөт. Уйдун эки жамбашы эң улук болот, бирок бардык мүчөсүн экиге бөлүп тартышат.

Ал эми жандык малдын (кой, эчки) этин устукандоо бодо малдан өзгөчөрөөк. Конок күткөн адам эң мурун жаңы шорпо берет, анан баш тартат, бирок баш устукан катары жүрбөйт. Баш эң улуу адамдын алдына коюлганы менен жалпы отургандарга таандык. Анын куйкумунан отургандардын баарына ооз тийгизүү салт. Баш алган кишиге эл катары дагы бир устукан берилет. Баштан кийин куйрук- боор тартылат.

Жандык малдын эң улуу устуканы – куймулчак. Андан соң сан жиликтери: 2 жамбаш, 2 кашка жилик, 2 жото жилик; кол жиликтери: 2 далы, 2 кары жилик, 2 күң жилик жүрөт.

«Улууга-урмат, кичүүгө-ызаат», - дегендей жиликтер улуулата тартылат. Жиликтерден кийин карчыганын омурткалары жүрөт. Арка моюн конокторго тартылбайт, аны үйдөгү балачака жейт.

Жандык малдын жилигин тең бөлүп, устукан катары тартуу да айрым аймактарда колдонулуп жүрөт. *(«Кыргыз даамы».)*

***118-көнүгүү.*** Сөздүктү пайдаланып, төмөнкү сөздөрдү өзбек тилиндеги аталышын билип, маанисин түшүндүргүлө.

Уча, устукан, куйкум, куймулчак, карчыга, куйрук, улуулата, арка моюн, кары жилик, күң жилик, жото жилик, кашка жилик, омуртка.

***119-көнүгүү.*** Жогорку тексттин негизинде суроолорго жооп бергиле:

1. Устукан тартуунун турмуштук мааниси кандай?
2. Жылкынын, бодо малдын эң улуу устуканы кайсы жана конокторго кантип тартылат?
3. Жандык малдын эң улуу жилиги кайсы жана ал кимдерге тартылат?
4. Жандык малдын жиликтерин жиги менен кантип бөлүнөрүн айтып берүүгө аракеттен?
5. Сан жиликтерди жана кол жиликтерди ирети менен айтып, алардын конок күтүүдөгү ролун түшүндүргүлө.
6. Кыргыз эли эмне үчүн конок күтүүдө устукан тартуу маданиятына өзгөчө маани берет?

***120-көнүгүү.*** Төмөнкү макалдардын маанисин түшүндүргүлө жана ырды көркөм окугула.

1. Конок конбой кетпейт, чакырып кондурганга жетпейт. 2. Конок бир консо – кут, эки консо – жут. 3. Той тондуунуку, аш – аттуунуку. 4. Тойдун көркү – аш, тоонун көркү – таш. 5. Кымыз – кишинин каны, эт – жаны. 6. Жаман үйдүн коногу бийлейт.

7. Көңүлүм капа, башым туман кеңгиреп,
Үч күн болду бизге мейман келе элек.
Жолоочунун бул кандайча шылдыңы,
Даамы жоктой,
Жеген токоч, жеген эт.
Сыйлап берер, белен кымыз даамы бар,
Эй, жолдош, биздикине түнөй кет! *(А.О.)*

***121-көнүгүү.*** Ырды окуп, маанисин түшүндүргүлө жана ал маанини башка бирөөгө жеткирүү үчүн ырды тиешелүү интонация менен кантип окуса болот, бир нече жолу аракеттенип, көркөм окуп бергиле.

## Эне тил

Биз – адамбыз,
Ишибизде бирок да,
Далай өксүк, чала бар.
Түкүргөнсүйт энесинин бетине,
Эне тилге чыйт түкүргөн наадандар.
Эне тилин жок кылуу – бул чынында,
Өз энесин өлтүргөнгө барабар.
Ал – зор кылмыш,
кечирилгис зор күнөө!
Сандап адам өлтүргөндөн жаман ал.

Ошондуктан, сага айтарым, урпагым,
Мейлиң он тил, мейли жүз тил билип ал.
Ал тилдерде каалашыңча билим ал.
Ар улуттун, ар бир элдин бирок да,
Жалгыз гана тили бар.
Бир тил өлсө – бүт эл өлөт, билип ал!

Үйрөтпөсө балдарына эгер ким
Эне тилдин сөз байлыгын, маңызын.
Тукумунун кыйганы ошол тамырын!...
*(А. Акб.)*

## 20-§. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн түрлөрү
## Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм

***122-көнүгүү.*** Текстти жана таблицаны көңүл коюп окуп чыккыла. Түшүнбөй калган жерге же кененирээк маалымат алуу үчүн мугалимге кайрылгың келсе, *«Сенин сурооң»* графасына суроону жаз. Окуп бүтүп, ал суроолор боюнча шеригиң менен пикирлеш, жооп алсаң, суроону сызып кой. Жооп ала албаган суроолоруңду класстагы окуучулар менен талкуулагыла.

*Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара тутумдашуу жолдоруна карай эки топко бөлүнөт: байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм, байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөм.*

*Тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен байламтасыз эле, интонация аркылуу байланышса, байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм деп аталат.*

*Мисалы:* Тенти Адышева кыргыз поэзиясына кечигип келди, *анын өзүнчө себептери бар. Түн кирди, жаркыраган сулуу Ай да өзүнүн мээримдүү жарыгын жер-сууга жиберди.*

*Бул татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен интонация аркылуу байланышты.*

*Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен ар түрдүү катышта болот:*

| Маанилик катышы | Аныктамасы | Мисалдар | Сенин суроон |
|---|---|---|---|
| 1. *Мезгилдеш мааниде айтылат.* | *Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир мезгилде, же удаалаш (бир окуянын артынан экинчи болгон окуя) болгон окуяны билдирет.* | Жаз келди, айлана жашыл кымкап жамынды. Жамаат бардык иштерди көзөмөлдөштү, жаштар жаңы демилгелерди көтөрүштү. | |
| 2. *Кайчылаш мааниде айтылат.* | *Мында байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн бир бөлүгүндөгү ой экинчи бөлүгүндөгү ойго карама-каршы мааниде айтылат. Бул учурда тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочу антоним сөздөрдөн болот же оң жана терс мааниде айтылат.* | Жакшы таап сүйлөйт, жаман каап сүйлөйт. Баш кесмек бар, тил кесмек жок. | |
| 3. *Салыштырмалуу* | *Сүйлөмдүн бул түрүндө тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир кубулушту экинчи бир кубулуш менен өз ара салыштырып, окшоштуруп көрсөтөт.* | Дарак жемишинен таанылат, адам акылынан таанылат. Суу атасы - булак, сөз атасы кулак. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| *4. Себеп-натыйжалаш мааниде айтылат.* | *Мында тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири себепти, экинчиси натыйжаны билдирет.* | Күн суук тартып кетти, тоолорго кар түштү. Автобустун жөнөрүнө бир аз убакыт калды, жүргүнчүлөр шашып калышты. | |
| 5. *Түшүндүрмөлүү же чечмелөө маанисинде айтылат.* | *Бул учурда тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн биринчиси жалпы мааниде айтылат да, экинчиси ал маанини чечмелейт же толуктап түшүндүрөт.* | Ишембиликте белгиленген иштер аткарылды: арыктар тазаланды. Эми аз калды: тетиги көрүнгөн тумшукту имерилсек, Курман-Жылганын оозу көрүнөт. *(К.Б.)* | |

***123-көнүгүү.*** Ар бир сүйлөмдү окуган соң, андагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдорун жана маанилик катышын айтып бергиле.

1. Эртең Жамийлага араба беребиз, жеңеңди кошуп алып өзүң баш бол. 2. Байбиче, чочубай эле коюңуз Сейит турганда. Андан калса, жанагы жаңы тууган Даниярды кошуп берейин: өзүңүз билесиз, ал деги адамга зыяны жок бечара. 3. Өздөрүнчө үч араба менен станцияга каттай беришсин, башкаларды булардын жанына кошпойм. 4. Көңүлү бошой түшкөн апам Жамийланын араба айдашына көңдү окшойт, бир аздан кийин бригадир ыраазы болгондой жорго байталын шарт камчыланып басып кетти. 5. Анда бул иштин аягы эмне менен бүтөрү апамдын да, менин да капарымда жок, аны эч ким ойлогон да эмес. *(Ч.А.)*

***124-көнүгүү.*** Төмөнкү байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн маанилик катышын аныктап, эмне үчүн мындай катышта экендигин түшүндүргүлө.

1. Апам дагы мештин жанында от жагып отурган, бир убакта эшиктен купкуу болуп сурданган Садык акем кирип келди. 2. Менин мына ушу ак ниеттүүлүгүмдү эч ким билген эмес, аны элге айтууга да болбос эле. 3. Сүрөтчү болгум келет, сүрөтчүнүн

окуусуна барам, атама да ошону айтып кой. 4. Акыры кодиктин үйрөнбөскө аргасы калбады, бастырсаң, басат, желдирсең желет, кайрыган жагына жүрөт. 5. Мына ошондо жаман чобурлардын арасынан Султанмурат атасынын аттарын көрө койду: уча сөөгү уркуйган Чабдар менен Чоңтор жүрөт. *(Ч.А.)* 6. Билимдүүгө окуу – кийим, аш болот, билимсиздер ушак менен дос болот. *(Ж. Б.)*

***125-көнүгүү.*** Таблицада аралаштырып берилген жөнөкөй сүйлөмдөрдөн маанисине карай татаал сүйлөм түзүп, шеригиң менен пикирлешип, маанилик катышын аныктагыла. Башка окуучулардын варианттары менен салыштыргыла.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Сакал-мурутун бубак баскан таякеси кирип келди. | 1. | Султанмурат да бир жанга чыгарчу эмес. |
| 2. | Ал ойлорду атайы ойлочу эмес. | 2. | Сыртта бирөө туруптур. |
| 3. | Султанмурат ыргып туруп, терезеге жабышты. | 3. | Үйдүн ичи жандана түштү, жылып кетти. |
| 4. | Соңку каты келгенине бир жарым ай болуп калды. | 4. | Өздөрү келе берчү. |
| 5. | Эч кимге айтпа дечү жигиттер. | 5. | Андан бери кабар жок. |

***126-көнүгүү.*** Турмуштук кырдаалдардан чечмелөө, каршылаш маанидеги байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү түзгүлө жана алардын колдонулушун айтып бергенге аракеттенгиле.

## 21-§. Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдөргө коюлуучу тыныш белгилер

***127-көнүгүү.*** Суроолорго жооп бергиле.

**1. , : -** тыныш белгилери кайсы учурларда колдонуларын жана бири-биринен эмнеси менен айырмаланарын жаз, аны шеригиң менен талкуула, бир пикирге келип, класска айтып бергиле, талкуулагыла?

**2. , : -** тыныш белгилери эмне үчүн сүйлөмдүн аягында келбейт, жообуңду дептериңе жаз, аны шеригиң менен салыштырып, бир пикирге келип, класста талкуу жүргүзгүлө?

***128-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктамадагы үтүр, кош чекит, сызыкча белгилеринин колдонуу өзгөчөлүктөрүн түшүнгөнчө оку, аны шеригиң менен

талкуула. Мурунку түшүнүгүңөрдү эмнелер менен кошумчалаганыңарды класска айтып бергиле.

1. Жөнөкөй сүйлөмдөр мезгилдеш, салыштырма, себеп - натыйжа, каршылаш мааниде колдонулса, сүйлөмдөрдүн арасына үтүр коюлат.

*Мисалы:* Тил баш жарат, жел таш жарат (макал)- *салыштырма.* Коркокко бир ок да көп, баатырга жүз ок да аз (макал) - *каршылаш.* Аңгыча ышкырып куюн келди, Ысмайыл көрүнбөй калды *(Ч. А.) - мезгилдеш.*

2. Биринчи сүйлөмдө жалпыланган ой берилип, экинчиси анын маанисин чечмелеп, толуктап, тактап турса, биринчи сүйлөмдөн кийин кош чекит коюлат.

*Мисалы:* Дасторкон насипке бай: боорсок, кант, өрүк төгүлдү. *(Т. С.)* Анан дагы муну ойлоду: апасынын түйшүгүн кантип жеңилдетсе болот? *(Ч. А.)*

3. Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы экинчи сүйлөм биринчи сүйлөмгө кескин түрдө карама-каршы мааниде айтылса, арасына сызыкча коюлат.

*Мисалы:* Эл-журт бар – турмуш да бар. *(Ч. А.)* Үйдө чечен – жоодо жок. *(Мак.)*

***129-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө: а) өз алдыңарча калтырылып кеткен тыныш белгилерди коюп чыккыла. б) Аны шеригиңер менен талкуулап, маанилик катышын аныктагыла. в) класстагы окуучулардын айткандары менен салыштыргыла.

1. Көз алдыма баягы август түнүндөгү гүлдөгөн талаа келди, Данийардын от менен жалын алып шаңшыган обону кулагыма угулгансып жатты. 2. Апам унчуккан жок, башын кайгылуу чайкап төмөн түшүрдү. 3. Чекиш биргаттын дагы бир жакшы сөзү бар: көз коркок, кол баатыр. 4. Ар бир аскер баарынан мурда куралын сактайт, силердин куралыңар ушул! 5. Султанмураттын көңүлү чөктү, айла канча, ат сарайга бет алды. *(Ч. А.)*

6. Билим – байлык, четин эмес кыпынын
Эң айлакер ууру алалбайт, мунум чын. *(Ж. Баласагын).*

***130-көнүгүү.*** Көп чекиттин ордуна мааниси жагынан ылайык келе турган сүйлөмдү ойлоп таап, байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм түз. Аны шеригиңдин жазганы менен салыштыр жана сүйлөмдөрдүн маанилик катышы, тыныш белгилери боюнча ой бөлүшүп, жыйынтыгын класска айтып бер.

1. Чайды демдөө үчүн фарфор чайнектери ылайыктуу… 2. Байыркы суусундуктун рецебин «Артезиан» компаниясы кайра иштеп чыкты… 3. Мен ал жөнүндө сураштыра баштадым … 4. Жакшы уул элине баш болот… *(Мак.)* 5. Жакшы сөз жан

эргитет, … 6. Шаарыбыз таанылгыс болуп өзгөрдү … 7. Жер томсоруп гана турат… 8. Күч-кубатыңарды элден аябагыла, …


***131-көнүгүү.*** Өзүң мезгилдеш, каршылаш, салыштырма, себеп-натыйжалаш, чечмелөө маанисиндеги татаал сүйлөм (ойлоп) жаз. Тиешелүү тыныш белгилерин коюп, себебин түшүндүр.

***132-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз. Маанилик катыштарын аныктап, тыныш белгилеринин коюлуш себептерин шеригиң менен талкуулап, бир пикирге келип, бирөөңөр аны класска айтып бергиле.

1. Ошондо, аргасыздан бир ой туулат:
Күзгө окшоп, Ата журтка мөмө бериш. *(Ж. С.)*
2. Кыз колун берди, Султанмурат кызды сүйөй тартып алды. 3. Кыз эчтеме деген жок, жалт карап, күлүп гана койду. 4. Бир коркуныч өтүп кетти, балдар жеңилдене дем алып, кужулдашып калышты. 5. Балдар унчукпады, өз тиричилигиндеги майда-чүйдө кысталыштарды айтууга эч кимиси батынбады. 6. Ошондо Султанмурат айтты: камылгабыз бүткөндөй эле болду, чокойлорду көктөдүк, суукта жамынарга бирден тон алабыз болду. *(Ч.А.)* 7. Тарбия – улуу иш: аны менен адамдын тагдыры чечилет. *(В.Г. Белинский)* 8. Биз табияттан ырайымдуулукту күтүп отурбайбыз, андан керектүүнү алуу – биздин милдет. *(И. Мичурин)*

## 22-§. Көнүгүүлөр

***133-көнүгүү.*** Кымыз жөнүндө эмнени билесиң, дептериңе жазып чык. Аны шеригиң менен талкуула. Андан соң, жалпы класс боюнча мугалимдин жардамында идеялар топтомун доскага жазгыла аны класста талкуулагыла.



***134-көнүгүү.*** Суроолордун жоопторун класста талкуулагыла да, текстти жоопторго салыштыруу менен окуп чыккыла, кайсы жооптор тексттеги ой менен дал келгенин же келбегенин аныктагыла.

## Кымыз

Кымыз – көбүнчө бээнин сүтүнөн ачытып жасалган кычкыл суусундук. Малчылык менен күн көргөн көчмөн элдер ойлоп тапкан. Биздин заманга чейинки V кылымда скифтер кымыз ачытышкандыгы тууралуу маалыматтар бар. Алтайлыктар, башкыр, бурят, казак, калмак, кара калпак, кыргыз сыяктуу мурунку көчмөн элдер кымыз жасашкан. Кыргыздар сабаага, башкырлар челекке ачытышат. Кымыз ачытуу жолу көп элдерде окшош. Эрте жазда, бээлер жаңыдан тууганда саалган чийки сүт адегенде кор же үрп деп аталган ачыткынын жардамы менен кымызга айланат, андан кийин ачыткынын милдетин көрөңгө аткарат. Сабаадагы көрөңгөнүн үстүнө улам-улам саап келген сүт куюлат да, бишкек менен далайга бышылат. Эң соңку саалган сүт эл жатарда куюлуп, аябай бышылат да, андан кийин сабаа жылуу жабылат.

Кымыздын сапаты жасоо ыкмаларынын туура сакталышына, көп бышылышына, сабаанын өз убагында ышталып жана майланып турушуна жараша болот.

Кымыздын өңү саан бээлердин жеген чөбүнө жараша агыш, кызгылтым түстө болот.

***135-көнүгүү.*** Суроолорго жооп бер.

1. Кымыз кантип ачытылат?
2. Кымыз дарылык касиетке ээ деп ойлойсуңарбы, эмне үчүн?
3. Турмушта кымыз менен дарыланып, оорудан айыгып кеткен адамдар жөнүндө билесиңерби, билсеңер айтып бергиле?
4. Кымызды жасоо ыкмаларын айтып бергиле?
5. Эмне үчүн кымыздын өңү саан бээлердин жеген чөбүнө байланыштуу болот?

***136-көнүгүү.*** Тексттен байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдү тап, 1, 2, 3 сүйлөмдөргө синтаксистик талдоо жүргүз да, башка окуучулардын аткарган жумушу менен салыштыр.

Кымыздын дарылык касиети илимий жактан изилденген жана саламаттыкты сактоо уюмдары тарабынан кеңири колдонулууда.

Кымыздын составында адамдын ден соолугуна эң керектүү заттар көп, 1-2 % спирт да бар. Эрте жаздагы бээнин сүтүнөн ачытылган кымыздын сапаты жакшы, жагымдуу, дарылык касиети да күчтүү.

Кымыз адамдын уйкусун келтирет, талыкшытат, кан басымы жогорулайт, жүрөктүн иштеши күчөйт, ичеги-карындын сок бөлүп чыгаруусун күчөтөт.

Кымыз менен дарылоо кургак учуктун бардык түрлөрүндө, аз кандуулукта, өнөкөт бронхит, гастрит ж.б ооруларда колдонулат.

Кымызды чоң адамдар суткасына 1,5 литрге жакын, ал эми балдар 1 литрге чейин ичсе болот.

***137-көнүгүү. Жагымдуу, күчтүү, жогорулайт, чоң, көп, күчөйт*** деген сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап жаз. Аларды катыштырып оозеки татаал сүйлөмдөр түзүп, класстагы окуучулар менен талкуулагыла.

***138-көнүгүү.*** Берилген макалдардын экинчи бөлүгүн таап жаз, маанисин түшүндүр. Көнүгүүнү класс боюнча ким туура аткаргандыгын аныктагыла.

1. Баатыр элден чыгат, ...
2. Жакшы уул элине баш, ...
3. Баатырдын өмүрү кыска, ...
4. Туура бийде тууган жок, ...
5. Билимдүүнүн сөзү өткүр, ...
6. Акылы бар билимди самайт, ...
7. Акылдуу бала элпек, ...
8. Баатыр кол баштайт, ...
9. Чакырган жерден калба, ...

***139-көнүгүү.*** Ырды маанисине түшүнүп окуп чыккыла. Ойду башка бирөөгө так берүү үчүн ырды кантип окуса болот, даярданып, көркөм окуп бер.

## Ат сыйлаган жөө баспайт

Айылдагы бөбөктөр
Азоо тайды минишет.
Ат жабдыгын сурасаң,
Абдан жакшы билишет.

Тердик, желдик,көрпөчө,
Тизгин, суулук, жүгөн дейт.

Ак каңкы ээр, басмайыл-
Ат жабдыгы түгөнбөйт.
Ашкан күлүк ат мына,
Арпа берип баккыла.
Жал-куйругун түйгөн соң,

Жибек жабуу жапкыла.
Көмөлдүрүк каткыла,
Куюшканды таккыла.
Үзөңгүнү чире тээп,
Күндү көздөй чапкыла. *(А. Р.)*

## 23-§. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөм

***140-көнүгүү.*** Тил илиминдеги төмөнкү терминдерди сөздүктөн карап, маанисин шеригиңе айтып бер, анын да оюн угуп, бир идеяны кайра кайталабастан класста талкуулагыла.

Байламта, аркылуу, тең байланыштагы, татаал, каршылагыч, ажыраткыч, себеп.

***141-көнүгүү.*** Жогоруда талкуулаган сөздөрдүн мааниси жөнүндө айткан пикириңерге төмөнкү текстте берилген ойду салыштыруу менен окуп чык. Кимдер туура пикир айтканын белгилөөгө аракеттен. Аны шеригиң менен талкуулап, текст боюнча түшүнгөнүңдү кезек менен айтып, класста талкуулап чыккыла.

*Тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен байламталар аркылуу байланышса, байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөм деп аталат.*

*Мисалы:* Ал балдарды улам карап өттү, **бирок** кошчулар менен саламдашпады.

Султанмурат Чабдарга ыргып минди **да**, жулкунган жаныбардын оозун коё берди. *(Ч. А.)*

Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр төмөнкүдөй байламталар аркылуу байланышат.

1. Байланыштыргыч байламталар: жана, да, ары ж. б.

*Мисалы:* Субанкул келип тамактанды да, түндөп айылга кетти.

2. Каршылагыч байламталар: бирок, ал эми, а, ошентсе да, анткени менен ж. б.

*Мисалы:* Кээ бирөө мурункуну тез унутат, ал эми Алиман андай боло албады.

Ошол көз ирмемдин ортосунда Султанмурат түлкүнү толук эле сынай карагансыды, бирок көргөн көзүнө ишене албай турду. *(Ч. А.)*

3. Ажыраткыч байламталар: же, же болбосо.

*Мисалы:* Сооронор алы да, айласы да жок, же бул Аксайда аны сооротор жан да жок. *(Ч. А.)* Колдо жок, болбосо баарыңарга белек берсек кана... *(Ч. А.)*

4. Себеп байламталар: себеби, анткени, ошондуктан, ошол себептүү ж. б.

*Мисалы:* Кичи Алайдын кышы суук, ошондуктан Ошко каттоо эчак эле тыйылган. *(К. Ж.)* Бул алсыз киши уяга тие албайт, андыктан ал өз жолу менен кете берсин. *(Ч. А.)*

***142-көнүгүү.*** Берилген сүйлөмдөрдү окуп, тутумундагы сүйлөмдөр кандайча байланышкандыгын аныктап, өзүң да ушундай типтеги сүйлөмдөрдү түзүп, аны окуучуларга айтып бер.

1. Бул куран Анатайдын согушта шейит болгон атасы Саткулга арналып окулуп жатты. 2. Кулагы куранда, ал эми көзү кызда. 3. Султанмурат бет алдына кармаган алаканынан ашыра Мырзагүлдү карады, бирок кыз Султанмуратты карабады. 4. Мырзагүл карай албадыбы, же элден айбыктыбы, айтор ыйлаган жүзү нурданып отурду. 5. Кайтарында гана кыз акырын баш ийкеди да, кете берди. *(Ч. А.)* 6. Түнү бою кирпик каккан жок, уйкунун кумары жигитти арбап баратты.

7. Күн тийбес тамда жатамын,
Эс ооп, алсырап, күч кетип.
Алдымдан ымдуу сыз өтөт,
Жалдырап жатам айласыз. *(Т.)*

***143-көнүгүү.*** Мааниси жагынан туура келген төмөнкү байламталарды колдонуп, жөнөкөй сүйлөмдөрдү татаал сүйлөмгө айландырып жаз: *бирок, ал эми, ошол үчүн, да.* Шеригиң менен аларды окуп чыгып, керектүү деп эсептеген сүйлөмдөрдү класска окуп бергиле.

1. Ал кенгуруну көргөн эмес.
2. Көрбөгөнүнө ичи күйөт.
3. Бу деген жөн-жай оюн эмес, чоң жолдогу алыс сапар.
4. Атасы ылайык тапканда берер деп үмүттөндү.
5. Эртең эле жаз кирип келет.
6. Биздин кошко салар аттарыбыз даяр эмес.
7. Башкарма Эргеш менен Кубаткулду тандап алды.
8. Эртең эрте менен ат сарайга келесиңер деп, жөнөп кетти.
9. Күн тоону ашып баратат, жээктеги көл бети тамылжып турат. *(Ч. А.)*

***144-көнүгүү.*** **Каршылагыч, ажыраткыч, себеп** байламталарды катыштырып, ат оюндары тууралуу 6 тең байланыштагы татаал сүйлөм түз. Түзгөн сүйлөмдөрүң жөнүндө алгач шеригиң менен пикирлеш, андан соң класстагы окуучуларга окуп бер.

## 24-§. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмгө коюлуучу тыныш белгилер

***145-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктаманы окуп түшүнүп, мазмунуна ылайык схема, таблица түз. Ал боюнча шеригиң менен пикирлеш, бир пикирге келген соң, бириң класска окуп бергиле.

1.Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү тутумдаштыруучу байламталар өзүнөн мурдагы сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылса, үтүр байламтадан кийин коюлат.

*Мисалы:* Түлкү мээлегендей эки баланын дал ортосуна түздөп келди да, жакындаганда булт коюп четке чыга качты. *(Ч. А.)*

2. Байламта кийинки сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылса, үтүр байламтадан мурун коюлат.

*Мисалы*: Катты окуй электе эле анда эмнелер жазылганын күн мурунтан биле турганмын, анткени алардын баары эгиз козудай бири-бирине окшош болучу. *(Ч. А.)*

3. *Жана байламтасы тутумдаштырып турган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн эч бирине тиешелүү болуп айтылбайт, ошондуктан үтүр коюлбайт.*

*Мисалы:* Нооруз күнү адамдар бири-бирине жакшы тилектерин айтышат жана ынтымак болууга ниет кылышат.

***146-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдүн тиешелүү жерине үтүр белгисин коюп, көчүрүп жаз. Тыныш белгисинин коюлуш себебин түшүндүрүп, класстагы окуучуларга айтып бер.

1. Тамырдын нормалдуу кагышы чоң кишилерде бир мүнөттө 60-80ге чейин ал эми балдарда бир мүнөттө 80-100гө чейин болот. 2. Чаначты кез-кези менен ыштап майлап турса сапатын жоготпойт жана ичиндеги тамак бузулбайт. 3. Көөкөр азыр сейрек кездешет сувенир катары гана жасалууда. 4. Шырдакка күбө өтө эле өч келет ошондуктан ага жыйылып турганда нофталин сээп же шыбак эрмен коюп коюу керек. 5. Алыкул аз жашады бирок кыргыз поэзиясынын бийик мунарасын тургузуп кетти. 6. Акындын баа жеткис ырлары окурмандардын жүрөгүнөн түнөк тапты жана анын ысмы түбөлүккө жашай берет.

***147-көнүгүү.*** Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү тап, түрлөрүн, байланышуу жолдорун аныкта. Аны шеригиң менен талкуулап, жалпы окуучуларга кезек менен айтып бергиле.

1. Эрте жаздагы ачытылган ууз кымыздын сапаты жакшы, ошондуктан адамга жагымдуу келет. 2. Сасык тумоо башталганда мурундан суу куюлат да, көздөн жаш агат. 3. Көзүмдү жумуп элестеттим эле, кечээ күнкү көрүнүш азыр эле сүрөткө тарта койгондой көз алдыма келди. 4. Бул сүрөт менин алгачкы жолу өз алдымча тарткан сүрөтүм: мына арабанын кыры, мына жанаша отурган Данияр менен Жамийла. 5. Даниярдын арабасы көздөн кайым болгончо, алыста кайнаган чаңды карап турдук. 6. Ушул учурда менден бактылуу, менден таалайлуу эч ким болгон эмес чыгар. 7. Сүрөтчү болгум келет, сүрөтчүнүн окуусуна барам, атама да ушуну айтып кой. *(Ч. А.)*

***148-көнүгүү.*** Берилген үзүндүнү, окуп маанисин чечмеле. Татаал сүйлөмдөрдү таап, түрлөрүн ажырат.

Билим-байлык, четин эмес кыпынын
Эң айлакер ууру алалбайт, мунум чын.
Акыл, билим окшош болот кишенге,
Түшсөң эгер чыгамын деп ишенбе.
Жанга жакын күлүк атты минерде
Жатка бербей кармап турат чидерде
Тушоолуу ат алыс кетпейт жанында
Ээсин күтөт, эркин оттойт маалында.
Билим болсо жан кыйышпас дос саган,
Илим болсо – кесиптешиң, кошунаң. *(Ж.Б.)*

***149-көнүгүү.*** *Да, ал эми, анткени, же болбосо* байламталарын катыштырып, билим, илим тууралуу татаал сүйлөм түз. Тыныш белгисинин коюлушун шеригиң менен талкуулап, туура деп эсептеген сүйлөмдөрүңөрдү окуучуларга окуп берип талкуулагыла.

## 25-§. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм

***150-көнүгүү.*** Сөздүктү пайдаланып, төмөнкү аныктаманы кыргыз тилине котор жана анын мазмунун шеригиң менен талкуулап, бир пикирге келип, класстагы башка окуучуларга кезек менен айтып бергиле. Алардын пикирлери менен салыштыргыла.

## Эргашган қўшма гап ҳақида маълумот

Бирдан ортиқ содда гапларнинг мазмун жиҳатдан бирининг бошқасига эргашишидан тузилган қўшма гап эргашган қўшма гап дейилади.

Эргашган қўшма гапда бош гап ва эргаш гап бўлади. Бошқа гапни ўзига тобе қилиб келган гап бош гап ҳисобланади.

Бош гапга эргашиб, уни изоҳлаб келган гап эргаш гап ҳисобланади: *Таътил бошлангач, биз шахмат мусобақасини ўтказамиз.*

Бу эргашган қўшма гапда эргаш гап - *таътил бошлангач.* Бош гап - *биз шахмат мусобақасини ўтказамиз.*

Эргаш гап бош гапни бутунича ёки унинг бирор бўлагини изоҳлайди. *Раис идорага киргач, ҳамма тинчланди* гапида эргаш гап (*Раис идорага киргач)* бош гапдаги (*ҳамма тинчланди*) иш-ҳаракатнинг пайтини билдириб келган.

***151-көнүгүү.*** Жогоруда которгон текстиңерди ар ким өз түшүнүгү менен класска айтып берсин. Кимдин айтканы төмөнкү текст менен дал келерин салыштырып, текстти окуп чык. Маанилүү деп эсептеген жерин дептериңе жаз. Түшүнүгүңөрдү класста талкуулагыла.

*Тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири экинчисине синтаксистик түзүлүшү жана мааниси жагынан багыныңкы абалда байланышып турса, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм деп аталат.*

*Мисалы:* Коңгуроонун үнү угулганда, орокчулар кырманды көздөй жөнөштү. *(К. Б.)*

*Мында коңгуроонун үнү угулганда деген сүйлөмдүн баяндоочу тыянаксыз формада айтылгандыктан өз алдынча колдонулбайт, кийинки сүйлөмгө маани жагынан багынып турат. Өзүнөн кийин келген орокчулар кырманды көздөй жөнөштү деген жөнөкөй сүйлөм менен тыгыз байланышта айтылганда гана бүткөн бир ойду билдире алды.*

*Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм дайыма баш сүйлөмдөн жана багыныңкы сүйлөмдөн түзүлөт.*

*Татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп, негизги ойду билдирип турган сүйлөм баш сүйлөм деп аталат.*

*Баш сүйлөмгө баш ийип, андагы ойдун ар түрдүү кырдаалын билдирген сүйлөм багыныңкы сүйлөм деп аталат.*

*Мисалы:* Атам устаканадан кайтканча, Садык акемдин катына жооп жаздым. *(Ч. А.)*

*Садык акемдин катына жооп жаздым – баш сүйлөм, ант-*

*кени бул сүйлөм башка сүйлөмдөргө көз каранды болбой тыянактуу ойду билдирип турат. Атам устаканадан кайтканча – багыныңкы сүйлөм, качан? деген суроого жооп берип, баш сүйлөмгө баш ийип, андагы ойдун мезгилин билдирди.*

***152-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктаманы 150- көнүгүүдөй аткаргыла.

## Эргаш гапларнинг бош гапга боғланиш йўллари

Эргаш гаплар бош гап билан турли ёрдамчилар орқали ёки ёрдамчиларсиз, фақат тобелик оҳанги ёрдамида бирикади. Эргаш гап бош гапга қуйидаги ёрдамчилар орқали боғланади:

1. Чунки, шунинг учун эргаштирувчи боғловчилари ва ёки ёрдами билан: *Биз китобни севамиз, чунки у билим манбаидир.*

2. Боғловчи вазифасидаги деб, гуё, худди сўзлари ёрдами билан: *Инсон яшамоқда толмасин учун, кўнглига бир дунё тилак берилган.*

3. Равишдош, сифатдош ҳамда шарт майлидаги феълар ёрдами билан (Бу феъл шакллари эргаш гапнинг кесими бўлиб келади): *Қишлоқнинг сўнгги уйлари орқада қолгач, йўл канал бўйлаб давом этди.*

4. Ёрдамчиларсиз фақат тобелик оҳанги билан: *Қўшнинг тинч – сен тинч.*

***153-көнүгүү.*** Муну 151- көнүгүүдөй иштегиле.

Багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен төмөнкүдөй жолдор аркылуу байланышат:

*1.Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу* - ып, - ганча, - майынча, - са, -ганда, -дыктан *ж.б. мүчөлөр менен аяктап, баш сүйлөм менен байланышат.*

*Мисалы:* Данияр **келгиче,** Жамийла арабасын айдап кеткен эле.

2. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунан кийин менен, чейин, сайын, кийин, мурун, соң ж.б.жандоочтор кошо айтылып, баш сүйлөм менен байланыш жасайт.

*Мисалы:* Күн кечтеген **сайын, суук күчөй баштады.**

*3. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу* убакта, мезгилде, кезде, чакта, учурда *сыяктуу мезгилдик маанидеги сөздөр менен айкашып, баш сүйлөм менен байланышат.*

*Мисалы:* Күн уясына баткан кезде, биз пахта талаасынан кайттык.

***154-көнүгүү.*** Төмөнкү суроолорго жооп бергиле, талкуулагыла.

1. Ата мекендик согуш качан болгон жана эмне себептен чыккан?

2. Согуштун эл турмушуна тийгизген таасирлери жөнүндө эмнелерди айта аласыңар?

3. Согуштагы баатырлардан кимдерди билесиңер жана алар кандай эрдик көрсөтүшкөн?

5. Генерал Панфилов жана панфиловчулар кимдер, эмне үчүн панфиловчулар дейбиз, алардын эрдиктери жөнүндө кандай маалыматтарды билесиңер?

6. Кыргыздын баатыр уулу Дүйшөнкул Шопоков башкалардан айырмаланып кандай эрдик жасаган, анын эрдигин кандай баалайсыңар?

7. Тынч турмуш учурунда баатырдык көрсөтүүгө болобу, болсо кандай?

8. Эмгектин баатыры дегенге кандай түшүнөсүңөр?

9. Керимбүбү Шопокова жөнүндө билгениңерди эстеп, айтып бергиле?

10. Талкуудан улам сенде кандай суроолор пайда болду, дептериңе жаз, мугалимдин жардамында ал суроолордун тизмегин доскага жазгыла.

***155-көнүгүү.*** Жогорку көнүгүүдөгү талкууланган маалыматтар канчалык деңгээлде төмөнкү маалыматтар менен дал келгенин белгилөө жана берген суроолоруңа алган жоопторуңду аныктоо менен текстти кунт коюп окуп чык.

## Эки баатыр

1941-жылдын ноябрь айы. Москванын алдында гитлердик аскерлерге каршы катуу салгылашуу жүрүп жаткан. Мына ошол күндөрдө панфиловчу баатырлар укмуштай эрдик көрсөтүшүп душмандын 50 танкасына каршы салгылашты. Алар өздөрү курман болушса да, душмандын бир да танкасын өткөргөн жок. Бул баатырлардын ичинде орустар, украиналыктар, казактар, кыргыздар, өзбектер ж.б. улуттардан да бар болчу. Алар мекен үчүн өлүмдөн да кайра тартпастан, чексиз баатырдык көрсөтүштү.

Бул согушта тайманбай, салгылашып, кыргыз уулу Дүйшөнкул Шопоков да курман болду. Ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилди.

Дүйшөнкулдун өлүмү анын аялы Керимбүбү Шопоковага өтө оор тийди. Бирок ал башын жерге салып, мөгдөп калбастан,

бар кайраты менен эмгек майданында белсенип иштөөгө киришти. Жолдошунун согуш майданындагы эрдигине Керимбүбү эмгек майданындагы эрдиги менен жооп кайтарды.

Кызылчанын ар гектарынан орто эсеп менен 707 центнерден сапаттуу кант кызылчасын казып алды. Мындай жогорку түшүм алгандыгы үчүн Керимбүбү Шопоковага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам берилди.

Ошентип, Дүйшөнкул Шопоков эл четинде, жоо бетинде эрдик көрсөтсө, Керимбүбү эмгек майданында эрдик көрсөттү.

***156-көнүгүү***. Жогоруда окулган тексттин негизинде төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1.Тексттен кандай жаңы маалыматтарды алдыңар?
2. Бул маалыматтардын силерге канчалык деңгээлде пайдасы бар деп ойлойсуңар, эмне үчүн?
3. Эмгектен ырахат алууну кандай түшүнөсүңөр?
4. Турмушта өз эмгегинин үзүрүн көрүп, бактылуу жашоо үчүн эмне кылуу керек?
5. Керимбүбү Шопокованын эмгектеги эрдиги сени кандай ойго салды?

## 26-§. Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү

***157-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктаманы окуп чыгып, аныктама сенин түшүнүгүңдү, билимиңди эмнелер менен толуктагандыгын айтып бер. "Мисалдар" бөлүмүн өзүң толтур.

*Багыныңкы сүйлөм маани жактан да, грамматикалык жактан да баш сүйлөмгө багыныңкы, көз каранды абалда болуп, баш сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун түрдүү кырдаалын, белгилерин, мүнөзүн билдирет. Мына ушундай түрдүү маанилеринин негизинде багыныңкы сүйлөмдөр төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:*

| № | Аталышы | Суроосу | Байланыштуу жолдору | Мисалдар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Мезгил багыныңкы сүйлөм | Качан? Качантан бери? Качанга чейин? Кайсы убакта? | Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу *-ганда, ганча, майынча, -гыча, -са* мүчөлөрү менен аяктап, баш сүйлөм менен байланышат. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2. | Шарттуу б.с. | Эмне болсо?<br>Кандай болгондо?<br>Эмне болбой? | Шарттуу ыңгайдын - *са* мүчөсү, - *бай* (ба+й) мүчөсү аркылуу байланышат. | |
| 3. | Себеп б.с. | Эмне үчүн?<br>Эмне себептен?<br>Эмнеликтен? | Атоочтуктун - *ган* формасына - *андыктан* мүчөсү уланып, - *ган, - ганы + себептүү, үчүн* деген жандоочтор айкашуу менен | |
| 4. | Максат б.с. | Эмне максат менен?<br>Эмне үчүн? | Багыныңкы сөйлөмдөн баяндоочу *-бас, - сын, -сын деп, - ыш, -са + үчүн жандоочу* | |
| 5. | Сыпат б.с. | Кантип? | Чакчылдын *-ып,* мүчөсү, *-бай* (ба+й) | |
| 6. | Каршы б.с. | Эмне болсо да?<br>Кантсе да? | Шарттуу ыңгайдын - *са* мүчөсү+ *да, дагы, деле* байламталары | |
| 7. | Салыштырма б.с. | Эмне болгон сыяктуу?<br>Эмне болгондон бетер? | Атоочтуктун - *ган* формасына -дай мүчөсү уланып же + *бетер, сыяктуу, сыңары* жандоочтор | |
| 8. | Өлчөм б.с. | Канча?<br>Канчалык? | Шарттуу ыңгайдын - *са* мүчөсү, *кайда-ошерде, кайсы жерде-ошол жерде, кайдан - ошол жерден* | |
| 9. | Орун б.с. | Кайда?<br>Кайсы жактан?<br>кайдан? | Шарттуу ыңгайдын *-са мүчөсү, кайда-ошерде, кайсы жерде-ошол жерде, кайдан-ошол жерден* | |

***158-көнүгүү.*** Жогорку түшүнүгүндүн негизинде багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү боюнча схема, таблица, кластер, диаграмма ж.б. түзүп, аныктаманы мисалдар менен айтып бер.

***159-көнүгүү.*** Төмөнкү суроолорго жооп бер, аны шеригиң жана класс боюнча талкуулап, анын негизинде эссе жаз.

- Сенин алдыңа койгон максатың барбы, болсо кандай?
- Максатка жетүүдө конкреттүүлүк, убакыт, чен-өлчөм деген түшүнүктөрдүн мааниси барбы, кандайча аракеттенүү керек?
- Коомдук иштердин сенин жеке турмушуңдагы мааниси кандай, оң жана терс таасирлери жөнүндө айтып бер.
- Акыркы учурда турмушуңарда кандай олуттуу өзгөрүү болду, болсо кандай?
- Эч нерсе өзгөрбөсө эмне болот?
- Оң жакка өзгөрүү үчүн жогорку жооптордун сага канчалык пайдасы бар деп ойлойсуң?
- Талкуунун негизинде эркин темада эссе жаз, текстиңде татаал сүйлөм, анын түрлөрүн колдонууну унутпа.
- Эсселерин окууну каалагандарды угуп, ага талкуу жүргүзгүлө. Ар бириңер жазган эсселериңерди үйдөн редактирлеп, жарыялоого даярдап келгиле.
- Мугалимдин жардамы менен эсселерди жарыялоого аракеттенгиле.

***160-көнүгүү.*** Көп чекиттин ордуна маанисине карай тиешелүү сүйлөмдөрдү коюп жаз. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү, алардын байланышуу жолдорун аныкта. Аяктаган ишиңди мугалимдин жардамында анализдегиле.

1. Кыштын ызгаардуу түнү агарып, … . 2. …, Чолпон жылдыз көтөрүлдү. 3. Бир жактан бети-кол тоңуп, … . 4. Бир кезде эшикке каланган курмушу кийиз ачылып, … . 5. Келген коноктор киргизилди. 6. …, ысык чай сунулду. 7. Оо, досум, сен учкуч болсоң, … 8. …, мен чындап эле сүйүнүп кеттим.

***Кодонулуучу сүйлөмдөр:*** дасторкон салынып, таң белгисин бере баштады, ал кайра ырдаганда, жумуп ачкан көз сыяктуу чыгыштан жылтылдап, мен саякатчы боломун, кар аралаш суук төр жакка согулду, кыштын ызгаардуу суугу да күчөдү.

## 27-§. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмгө коюлуучу тыныш белгилер

***161-көнүгүү.*** Схемада багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмгө коюлуучу тыныш белгилер көрстүлгөн, аны пайдаланып тыныш белгилердин коюлушу тууралуу түшүнүгүңдү дептерге жаз, аны шеригиң менен талкуулап, бир пикирге келген соң, мугалимдин жардамында класс боюнча бир жыйынтыкка келгиле, оюңарды мисалдар менен бекемдегиле.

■ – багыныңкы сүйлөм.
□ – баш сүйлөм.

1. ■, □ .
2. ■, □ , ■ .
3. □, ■ .
4. □ - ■ .

*1. Багыныңкы сүйлөм көпчүлүк учурда баш сүйлөмдөн мурда келет да, арасына үтүр коюлат.*

*Мисалы:* Окуучулар шаардын четине чыкканда, жамгыр нөшөрлөп төктү.

*2. Кээде багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн ортосунда кыстырылып келгенде, үтүр багыныңкы сүйлөмдүн эки жагына коюлат.*

*Мисалы:* Төрдө отургандар, Бекназар үйгө кире бергенде, четке сүрүлүштү.

*3. Айрым учурларда багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөн кийин келет да, арасы үтүр менен ажырайт.*

*Мисалы:* Эки жигит тосуп чыгышты, коноктор үйгө жакындаганда.

*4. Баш жана багыныңкы сүйлөмдүн ортосунда сызыкча белгиси биринчиси шартты, экинчиси, жыйынтыкты билдирген учурда коюлат.*

*Мисалы:* Иштесең – тиштейсиң. *(Макал)*

***162-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү тиешелүү тыныш белгисин коюп көчүр, туура же туура эмес койгонуңду шеригиң менен талкуула, бир пикирге келип, класска окуп бергиле.

1. Беш баатыр тең жоого минер аттарын минип бир күнү айылдан сырткары чыгышты. 2. Обол мурун ат сарайды теге-

рене таскак салдырып чыгышып анан көчө бойлоп айылдын сыртына жөнөштү. 3. Күн ачык болгондуктан кар чагылткан нуру көздү уялтат. 4. Кыш алдан тайып күн жылуусуна талыкшыгансып жакын калган жаздын жыты абдан сезилет. 5. А тиги Улуу Тоо аппак карга оронуп бооруна чымын консо да көрүнгүдөй таптаза. *(Ч. А.)* 6. Анархандын ачуусу келип ичи күйүп турат. *(К.Ж.)* 7. Бул суроолор силерге кандай табышмак болсо мага деле ошондой табышмак. 8. Султан Бабур бүткүл Индустанга падышах болуп турган чагында биякка элчи жиберип баласын издеткен дейт. *(Т.К.)*

***163-көнүгүү.*** Багыныңкы сүйлөмдүн ордун өзгөртүп жаз, тыныш белгисин туура коюуга аракеттен. Туура же туура эмесин шеригиң менен талкуулап, класска окуп бер.

1. Эл тегиз уйкуга киргенден кийин, чалгынчылар жолун улады. 2. Таабалдыны ээрчитип чыккан учурда, күн кылкылдап батып бара жаткан эле. *(К. Бект.)* 3. Жамила келгенче, Уулжан үй ичин тартипке келтирди. *(К. Б.)* 4. Таң сүрүлүп атканча, алар сүйлөшүп олтурушту. 5. Жаз келгенде, ыргалып чыккан көктүн жыты буркурап, жарпыңды жазат. 6. Башка барар жери болбогон соң, ары ойлонуп, бери ойлонуп, кайра жумушка киришет.

7. Күн болбосо, Жер да болбос, Ай болбос,
Ай болбосо, турмуш көркү шай болбос. *(А. О.)*

***164-көнүгүү.*** Ырдын маанисин угармандарга кантип жеткизүү керектигин ойлонуп, өз алдынча көркөм окуп, жеткиликтүү болду деп эсептегениңде класска окуп бер. Тексттен багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү таап, баш жана багыныңкы сүйлөмгө ажыратып, айтып бер.

## Өмүр

Өмүр өтөт, өтө берет билинбей,
Сен өткөрбөй өткөн күндүн бириндей
Толкун кыял кээде жокко урунуп,
А да кетер сызып тоонун желиндей.
Өнөр, билим, эмгек менен гүлдөп ал,
Күлгүн жаштар күчүң барда эринбей
Түбөлүккө ишиң калсын артыңда,
Кайран өмүр бошко кеткен дедирбей. *(Нуркамал.)*

***165-көнүгүү.*** Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу – *ганда, -дыктан, -са, -са да, -ган убакта, -ган соң, -ган сыяктуу, -гандан кийин* формада аяктап, баш сүйлөм менен байланышкан татаал сүйлөмдөрдү көркөм чыгармалардан таап жазып кел. Аны кимдин, кайсы чыгармасынан алганыңды, татаал сүйлөм жөнүндөгү түшүнүгүңдү айтып бер.

## 28-§. Иш кагазы:

## Ишеним кат

***166-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктаманы оку, шеригиң менен түшүнүгүңдү талкуулап, класска айтылган ойлордун тизмегин мугалимдин жардамында доскага жазгыла. Жазылган ар бир идея боюнча талкуу жүргүзгүлө.

Ишеним кат – ишкананын же жеке кишинин атынан иш жүргүзүү үчүн экинчи бир кишиге ишеним көрсөтүлгөн документ. Анын мазмуну ар түрдүү болот. Бирөөнүн мал-мүлкүн башкаруу, акча жана материалдык байлыктарын, акча, айлык акы алуу ж.б. иштерди жүзөгө ашырууга укуктуу экендигин күбөлөндүрөт.

Ишеним кат төмөнкүдөй тартипте жазылат.

1. Иш кагазынын аталышы (Ишеним кат):
2. Текст (мында ишеним билдирүүчү кишинин толук жазылган аты-жөнү, ишеним кат берилген кишинин толук жазылган аты-жөнү, аткарылуучу иштин толук баяндамасы);
3. Ишеним каттын жарамдуулук мөөнөтү;
4. Ишеним кат берилген адамдын паспортунун маалыматтары;
5. Ишеним кат берилген дата;
6. Ишеним кат берүүчүнүн колу, аты-жөнү;
7. Ишеним кат берүүчүнүн колун ырастаган текст;
8. Ишеним катты күбөлөндүргөн мекеменин аталышы, жетекчисинин кызматы, аты-жөнү, колу;
9. Күбөлөндүрүлгөн дата.

***167-көнүгүү.*** Төмөндө берилген ишеним каттын үлгүсүн окуп, жазылыш тартиби боюнча катасын таап, оңдоп жазгыла.

## Ишеним кат

Мен, Умаров Бабур Азимович, ооруканада дарыланып жаткандыгыма байланыштуу агам Умаров Алишер Азимовичке (паспорту AN 0764076 ИИМ-50-41) Ош шаарынын 24-байланыш бөлүмүнөн менин атыма келген посылканы алуу үчүн ишеним билдиремин.

(колу) *Умаров. Б.*

Б. Умаровдун колун күбөлөндүрөм.

(колу) *А. Ахунова*

М. О. 2008-жылдын 20-сентябры.


***168-көнүгүү.*** Төмөндө аралаш берилген сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдү ишеним каттын мазмунуна карай иреттеп, аны шеригиң менен ой бөлүшүп, туура деп эсептеген үлгүнү бириң класска окуп бергиле. Окуучулар менен бирдикте ишеним каттын туура жазылган тартибин даярдагыла.

1. Ишеним каттын жарамдуулук мөөнөтү;
2. Ишеним кат берүүчүнүн колу, аты-жөнү;
3. Иш кагазынын аталышы (Ишеним кат);
4. Күбөлөндүрүлгөн дата;
5. Текст (мында ишеним билдирүүчү кишинин толук жазылган аты-жөнү, ишеним кат берилген кишинин толук жазылган аты-жөнү, аткарылуучу иштин толук баяндамасы);
6. Ишеним катты күбөлөндүргөн мекеменин аталышы, жетекчисинин кызматы, аты-жөнү, колу;
7. Ишеним кат берилген адамдын паспортунун маалыматтары;
8. Ишеним кат берүүчүнүн колу, аты-жөнү.

***169-көнүгүү.*** *Мен, паспорту, ишенем, айлык акымды, Азизова Манзура, кассасынан, шаардык оорукананын, колун күбөлөндүрөм, дарылоочу дарыгер* ж.б. сөз жана сөз айкаштарын пайдаланып, ишеним каттын үлгүсүн жазгыла.

***170-көнүгүү.*** 2-3 топко бөлүнүп, жогоруда көрсөтүлгөн тартип боюнча түрдүү мазмундагы ишеним каттын үлгүсүн жазгыла. Класска окуп бергиле. Толуктоо, түзөтүү иштерин жүргүзгүлө.

## 29-§. Сөз өстүрүү



*171- көнүгүү.* Мугалимдин жардамында «Китеп», «Окурман» деп эки тайпага бөлүнгүлө. Ар бириңер өз алдынча бөлүнгөн сөз боюнча «китеп», «окурман» дегенде эсиңерге түшкөн жана ага байланышкан сөздөрдүн тизмесин дептериңерге жазып чыккыла. Эки топко биригип, ар бириңер жазган сөздөрдү жана сөз тизмектерин окуп, ватманга бардык сөздөрдү жазып, доскага илип койгула.

*172- көнүгүү.* Мурунку көнүгүүнүн негизинде доскага илинген сөздөрдүн тизмегин өз тайпаң боюнча өз алдынча типтештирип чык. Аны өз тайпаңар менен талкуулагыла да, бир пикирге келип, түрдүү графикалык уюштурууларды, таблица-схемаларды же фантазияңарга байланыштуу түрдүү сүрөт түрүндө чагылдырып презентацияга даярдангыла, кезек менен презентациялагыла.

*173- көнүгүү.* Төмөнкү суроолорго жооп бер.

1. Бала кезиңде окуган китептериңди эсиңе түшүрүп, авторун атоо менен дептериңе жазып чык.
2. Окуган китептериңдин ичинен кайсы китеп сага өзгөчө таасир эткен, эмне үчүн, ошол китептеги каармандарды тизмеле.
3. Жазгандарыңды шеригиң менен талкуулагыла, мугалимдин жардамы менен «Эсте калган китебим» деген темада талкуу уюштургула.
4. Талкууда айтылган пикирлерди эске алып, оюңду тизмектештирип «Эсте калган китебим» аттуу эссе жаз. Атын өзгөрткүң келсе, себебин мугалим менен макулдашып, өзгөртсөң болот.
5. Эсселерди талкуулагыла, жарыялоонун жолун тапкыла.

*174-көнүгүү.* Төмөнкү суроолорго жооп бер.

1. Сага акыркы жолу ким китеп сатып берди, ал эмне деп аталат?
2. Үйүңөрдөн кимдер китеп окууга кызыгат?
3. Үйүңөргө акыркы жолу кайсы китепти сатып алдыңар (эмне үчүн ошол китепти)?
4. Үй-бүлө мүчөлөрү менен чогуу китеп талкуулайсыңарбы, талкууласаңар талкуу кандай формада болот?
5. Китеп текчеңердеги китептердин ичинен кайсы китептерди үй-бүлө мүчөлөрү менен чогуу талкуулагансыңар?
6. Китеп окуу кызыктуубу, эмне үчүн?
7. Китепти көп окуган менен китепти аз окугандардын арасында айырмачылык барбы, болсо кандай?

*175-көнүгүү.* Жогоруда берилген суроолорго жоопту дептериңе жазуу менен текстти окуп чык. Окуп бүтүп, жазгандарыңды шеригиң менен талкуулап, класста аңгеме жүргүзгүлө.

## Адамзаттын азыгы – китеп

Китептер алгач папирустан, териден жасалган. Мындай китептер биздин заманга чейинки I кылымда колдонулган. 105-жылы кытайлык Цай Лун кагазды алуунун жолун ойлоп таап, 1446-жылы Иоганн Гуттенберг китеп басып чыгаруучу станокту ойлоп тапкандан кийин гана кадимки биз билген китептер жарык көрө баштаган. Ошентип, китептин пайда болушу жана өнүгүшү канчалаган даңгыр жолду басып өткөн. Китептин жолу XX кылымда шыдыр болгонсуду эле, бирок акыркы мезгилде Кыргызстанда эле эмес, дүйнө жүзүндө да абалы оордоп бараткансыйт.

1. Буга ким күнөөлүү?
2. Китептер эмне үчүн окулбай калды?

Эсиңдеби, биринчи жолу мектеп партасына отуруп, мугалим колуңа «Алиппени» карматканы: кооз сүрөттөр жана бейтааныш тамгалар; үйүңө дегдеңдеп чуркап келип, бардыгына мактанып, жетине албай турганың?...

3. Эң биринчи кайсы китепке таасирленгенсиң, ошондогу сезимдериңди эстеп дептериңе жаз.

Китеп ар кыл маалыматтарды өзүнө камтып, эски менен жаңыны, улуу менен кичүүнү, эл менен элди бириктирүү касиетине эгедер. Китепти кеңешчи, ишенимдүү дос десе да болот.

4. Айтылган пикирге кошуласыңбы, эмне үчүн?

5. Китепти кеңешчи, ишенимдүү дос деген туурабы, эмне үчүн?

Араб жазуучусу Аббас Махмуд аль-Аккад: «Китепти бир сыйра окуганыңа караганда, бир китепти эки сыйра окуп чыкканың терең жана маанилүү»,- деген. Бирок, кийинки учурда кайталап окуганды мындай кой, өмүрү китепти колуна кармап көрбөгөндөрдүн саны арбыды.

1995- жылы Парижде болуп өткөн ЮНЕСКОнун генералдык конференциясында ушул маселе козголуп, китептин баркын көтөрүү, адамзаттын маданий жана социалдык жактан жетилүүсүнө салым кошкон адамдардын эмгегин баалоо максатында, 23-апрель - Бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук күнү деп кабыл алынган. Бул дата жөн эле тандалып алынган эмес, дал ушул күнү дүйнөлүк адабияттын дөө-шаалары: Сервантес, Шекспир жана Инка Гарсиласо де ла Вега каза болгон; Морис Дрюон, Х. Лакснесс, Владимир Набоков, Мануэль Мехиа Вальехо сыяктуу атактуу акын-жазуучулар жарык дүйнөгө келишкен. Ал эми 2-апрелди - атактуу жомокчу Ханс Кристиан Андерсендин туулган күнүн дүйнө эли «Балдарга арналган китеп күнү» катары белгилешет. *(«Шоокум», №4 (21) апрель, 2008.)*

6. Дүйнө жүзү боюнча көйгөйгө айланган китепти аз окуу адамзаттын турмушуна кандай таасирин берет, эмне үчүн?

7. Китеп окууну адатка айлантуу үчүн сенин оюңча эмне кылуу керек, эмне үчүн антип ойлойсуң?

8. Текстте аталган акын-жазуучулардын кайсыларынын, кандай чыгармаларын билесиң (Кино, мультфильм болуп тартылгандарын эсте, чыгармалары боюнча тартылган сүрөттөр да бардыр)?

9. Сенин оюңча китеп майрамдары Кыргызстаныбызда кандай майрамдалса жакшы болот эле, эмне үчүн?

***176- көнүгүү.*** Окуп чыгып, тексттен кийинки суроолорго жооп бер.

Учурда китеп окууну керексиз, тажатып жиберме иш катары кабыл алгандар бар. Шаардык китепканалардын биринде иштеген китепканачынын айтымында, китепканага бир күндө, орто эсеп менен жүзгө жакын киши келет. Көбүн студенттер жана окуучулар түзөт, алар берилген тапшырманы аткаруу үчүн келишет, окурмандар айрыкча сессия, чейрек жакындап калганда көбөйүшөт.

Улуттук китепканадан алынган маалыматка таянсак, 2008-жылдын 1-январына карата окурмандардын келип-кетүүсү 155

миңге жакын болуп, алардын 23,5 миңи китепкананын электрондук тейлөө кызматынан пайдалануучулар экендиги такталган. Аларга 485 миң басылма, 98,5 миң электрондук документ берилген. Көрүнүп тургандай, техника өнүккөндүгүнө байланыштуу адамзат да өнүгүп, китепканага барып убакыт коротпой, интернет сайттарынан алынган маалыматтарды окуп жатпайбызбы. Компьютер доору китепти толугу менен сүрүп чыгарабы деген суроого бир беткей жооп берүү мүмкүн эмес.

Китептердин аз санда чыгуусу да абалды оордотот. Мисалы, 1990- жылы Кыргызстанда китептер 107,4 миң нуска менен чыкса, 1997-жылы ар кыл аталыштагы 303 китеп жарыкка чыгып, нускасы 1 миллион 33 миңге жеткен. 2005-жылы 716 аталыштагы китеп басып чыгарылып, жалпы нускасы 704 миңден бир аз гана ашкан.

Китеп жөн гана билимди тереңдетүүчү каражат эмес, адамдын эстетикалык, интеллектуалдык жактан өнүгүүсүнө, инсан катары калыптануусуна чоң өбөлгө түзөт. *(«Шоокум», №4 (21) апрель, 2008.)*

1. Биринчи абзацтагы ой мурунку көнүгүүдө берилген тексттин кайсы абзацтарындагы ой менен дал келет.
2. Жогорку текстте берилген цифралардан кандай натыйжа чыгарса болот, эмне үчүн?
3. Мурунку көнүгүүдөгү тексттин жыйынтыгы менен жогорку тексттин жыйынтыгынын окшош жана айырмалуу жактарын белгиле.

## 30-§. Текст менен иштөө

***177-көнүгүү.*** Төмөнкүдөй нускама менен аткаргыла:

а) Ата-энелердин берген тарбиясы мага жагат.

б) Ата-энелердин берген тарбиясынын белгилүү бир бөлүгү гана жагат.

в) Мага такыр жакпайт – деген темалардын кимиси сенин оюңа жакын, бирин танда да, ал боюнча өз оюңду дептерге жаз. Мугалимдин жардамы менен тандаган тема боюнча 3 топко бөлүнүп, топто ойлоруңарды турмуштук фактылар менен далилдегиле жана жалпы окуучуларга ортого салгыла. Талкуудан соң, *«Карылар үйү керекпи?»* деген темада эссе жазгыла. Айрым эсселерди окуп, талкуулагыла.

***178-көнүгүү***. Ата-энени сыйлоо дегенди кандай түшүнөсүң? Сен өз ата-энеңди сыйлаймын деп ойлойсуңбу, эмне үчүн? Өз оюңарды ортого салгыла. Текстти окуп, ал боюнча пикириңерди айткыла.

## Ата-эне деген ким?

Ата-эне- эң биринчи урмат-сыйга татыктуу, куттуу кишилер. Бала ымыркай кезинен баштап ата-эненин жардамына, мээримине муктаж болуп өсөт. Ал үчүн ата-эне канча кыйынчылыктар тартат. Алардын балага деген мээримин, тарткан кыйынчылыктарын өлчөөгө да мүмкүн эмес. Ошондуктан ата-энеге сый-урмат көрсөтүү - адамзаттын мойнундагы эң чоң милдет.

Эрезеге жеткирип койгон ата-энени улгайган кезинде артыкбаш жүк катары санап, кагып-силкип, атүгүл, карылар үйүнө тапшыргандарды адамдык асыл сапаттан куру-жалак калган бактысыздардын эң бактысызы деп саноого болот.

Кыргыздын түшүнүгүндө бала ата-энесине өзгөчө урмат көрсөтүп, моюн сунат. Ал эми ата-эне болсо, баланын бой-келбетине, жүрөк жана ички дүйнөсүнө да маани бериши абзел. *(«Ш» ж.)*

***179-көнүгүү.*** Төмөнкү макалдарды, учкул сөздөрдү окуп, маанисин түшүндүрүү менен турмуштук фактылардын негизинде ар бири боюнча талкуу жүргүзгүлө.

1. Ата – аскалуу тоо, эне – боорундагы булак, бала – экөөнө шам чырак. 2. Адептүү бала ата-энесин мактатар, адепсиз бала ата-энесин какшатар. *(Мак.)* 3. Балдары жакшы чыкса, ата-эненин бактысы, балдары жаман чыкса, ата-эненин шору. *(Мак.)* 4. Ата-энеңе кылганды, балдарыңдан көрөсүң. *(Сократ)* 5. Эне сүтүн актоо – өмүр бою кутулгус карыз. *(Н. Островский)* 6. Баарынан күчтүү ыйык сүйүү - эненин сүйүүсү. Ал эч нерсеге багынбайт. *(Т. Фрайзер)* 7. Бардык элдин энелери ыйык. *(И.Эренбург)*

8.Эгерде ким өз энесин унутса,
Эч ким анын сөзүнө жооп бербесин.
Эч ким аны чакырбасын конокко.
Ал чакырса, эч ким басып барбасын. *(Т. Кож.)*

***180–көнүгүү.*** Ырдын ар бир сабынын маанисине жараша интонацияны пайдаланып оку. Маанисин түшүндүр. Ырда айтылган автордун оюна макулсуңбу же макул эмессиңби, эмне үчүн?

## Ата–эне

Адам үчүн бул дүйнөдө жакыны,
Ата–энедей эч ким болбойт ачыгы.
Ата–энедей эч ким сени түшүнбөйт,
Ата–энеси бар адамдар бактылуу.
Ата–энесиз бул дүйнөгө келмек ким?
Ашыгыңа кайдан, кантип дил жетсин?
Тамырыңда бир жылуу кан чуркаган
Бир туугандын баркын кайдан билмексиң?
Ата–энесиз асман болбойт, Жер болбойт,
А дүнүйөң, бул дүйнө экөө тең болбойт,
Ата–энесиз Мекен, эл да, тил да жок
Ата–энени сыйлагандар кем болбойт. *(А. Акб.)*

***181-көнүгүү.*** Сүт – тамак-ашпы же дарыбы? Сүттүн пайдалуулугу жөнүндө эмне билесиңер? Текстти окуп чыгып, мазмунун сүйлөп бергиле. Татаал сүйлөмдү таап, кайсы түрү экендигин аныктагыла.

Сүт тамак-аш катары гана эмес, ар кандай ооруга дары катары да колдонулуп келген. Байыркы химиктер сүттүн химиялык жана физикалык составын, организмге тийгизген таасирин толук билишпесе да сүттү: «ак кан», «өмүрдүн ширеси», «мүрөктүн суусу» деп түрдүүчө аташкан. Мындан эки жарым жыл мурда Грецияда бир бай дөөлөттүү адамдын уулунун бөйрөгү ооруп, дарыгерден дарыгерге көрүнсө да эч натыйжа чыкпайт. Акыры ошол доордогу Грециянын атактуу врачы, медицинанын атасы, врачтык анттын автору Гиппократ оорулууну көрүп, колундагы эң бир дүйүм чөптөн жасалган дарылардан бербестен, адегенде суу кошулган качырдын сүтүн ичирип, он күндөн кийин гана уйдун ынак сүтүн бердирген. Оорулуу тез эле оңоло баштап, көп өтпөй сакайып кетет. Ошондон кийин Гиппократ бөйрөгү, боору, жүрөгү, ашказаны ооруган адамдарга сүт ичүүнү сунуш кылган.

Улуу ойчул, чебер дарыгер Абу-Али-Ибн-Сина орто жаштан өткөн адамдарга эчки менен качырдын сүтүнүн өзгөчө дарылык касиетин айтып, оорулууларды сүт менен дарылаган.

Орустун улуу физиологу И. П. Павлов бир нече жыл мурда тажрыйба жасаган, нанга караганда сүт организмге төрт эсе тез сиңе тургандыгын далилдеген.

Сүт – бул табигаттын өзү жаратканы эң асыл азыгы, анткени эч бир азык-түлүктө организмге керектүү , мынчалык пайдалуу

заттар кездешпейт. Сүттө жүздөн ашык ар түрдүү заттар бар: жыйырмадан ашык аминокислоталар, кыркка жакын май кислоталары, кырктай минералдык заттар, жыйырмадан ашык витаминдер, сүт канттары, ошондой эле ферменттер, гармондор ж. б. заттар бар.


***182-көнүгүү.*** Сүт жөнүндөгү пайдалуу кеңештерди таап келгиле, эсиңерге түйгүлө жана турмушта пайдаланып көргүлө.

## 31-§. Чейректик кайталоо

***183-көнүгүү.*** Таблицаны толтуруп, шеригиң менен талкуулап, класска окуп бер.

| Татаал сүйлөмдүн түрлөрү | Мисалдар | Окшоштугу | Айырмасы |
|---|---|---|---|
| Тең байланыштагы | | | |
| Багыныңкы байланыштагы | | | |


***184-көнүгүү.*** Төмөнкү кластерди толтур да, ал боюнча класска сүйлөп бер.



***185-көнүгүү.*** Жогорудагы көнүгүүдөй иштегиле.




***186-көнүгүү.*** Таблицаны толтуруп, тең байланыштагы татаал сүйлөм кандай байламталар аркылуу байланышкандыгын жана аларга коюлуучу тыныш белгилер жөнүндө сүйлөп бер.




***187-көнүгүү.*** Төмөндөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдү пайдаланып татаал сүйлөм түзгүлө. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү экендигин, кандай жол менен байланышкандыгын айтып бергиле.

1. Сүрөт тартыш үчүн айылга үч-төрт күн мурун бардым. 2. Шаардан академик Сулаймановану күтүп жатышкан экен. 3. Ал киши мында бир күн-жарым күн туруп кетет. 4. Мен абдан кубанып калдым. 5. Бул белгилүү илимпоз аялдын биздин

айылдан экенин угуп жүргөм. 6. Алтынай Сулайманова менен шаардан тааныштым. 7. Анын чачына ак кирип, толмоч тартып, элүүлөргө таяп калган киши экен. 8. Университетте иштеп, ар кандай коомдук иштер менен чет өлкөлөргө барып-келип турат. 9. Ар бир жолуккан сайын айылдын аманчылыгын сурап коёт. 10. Менин чыгармачылыгым жөнүндө кыска болсо да пикирин айтпай койчу эмес. *(Ч.А.)*

***188-көнүгүү.*** Татаал сүйлөмдөрдү кыргызчага которгула. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн (ээ, баяндооч) аныктагыла.

1. Ҳаво яхши бўлгани сабабли, сайрга отландик. 2. Қизлар нима гаплигини тушуна олмай ҳайрон эдилар, чунки Раҳимжон уларга ҳеч гап айтмаган эди. 3. Агар астойдил ишламоқчи бўлсангиз, сизга мен ёрдам бераман. 4. Кўклам келди-ю, аммо ҳали гуллар очилмади. 5. Шундай асарлар ҳам бўладики, уларни қайта-қайта ўқийсан. 6. Яна икки кун вақт бўлса эди, ишимизни бажариб олар эдик. 7. Агар сен ота-онага нисбатан хато иш қилсанг, сен ҳеч яхшиликка сазовор эмассан.

## 32-§. Аралаш татаал сүйлөм

***189-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктаманы окуп, түшүнүгүң боюнча шеригиң менен ой бөлүшүп, таблицаны класстагы окуучулар менен бирдикте талкуулап, толуктагыла.

*Аралаш татаал сүйлөм тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн өз ара айкалышынан турат.*

*Мисалы: Жокту жок издеген табат, жолдошу шайыр болсо, жолоочунун кумары канат. (Мак.)*

*Мында **Жокту жок издеген табат** – деген сүйлөм башка сүйлөмдөр менен тең укукта байланышты – бул тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн бир бөлүгү. Ал эми **жолдошу шайыр болсо** (багыныңкы), **жолоочунун кумары канат** (баш) – багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм.*

| Аралаш татаал сүйлөм | Тең байланыштагы татаал сүйлөм | Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм |
|---|---|---|
| 1. Алакандай болсо да, ата конуш жер кымбат, туулуп өскөн эл кымбат.<br>2. | Туулуп өскөн эл кымбат. | Алакандай болсо да, ата конуш жер кымбат. |

***190-көнүгүү.*** Макалдарды окуп, маанисин чечмелеп айтып бергиле. Аралаш татаал сүйлөмдүн тутумундагы сүйлөмдөрдү аныктап, 3-4 сүйлөмдү жогорудагы таблицага жазгыла.

1. Эр намыска чабат, намыска чапса, алыска чабат. 2. Элинин даңкын баатыры чыгарат, баатыры чыгарбаса, акыны чыгарат. 3. Элиңди таштап четке кетпе, четке кетсең да, көпкө кетпе. 4. Жүрөгүңдүн табышмагын жүзүң чечип берет, жүзүң чечип бербесе, сөзүң чечип берет. 5. Ашык ойногон азар, топ ойногон тозор, баарынан да кой багып, козу өстүргөн озор. 6. Мал өстүрсөң мол өстүр, кеңейтет ал пейлиңди. 7. Малды баксаң, уйду бак, сүт түгөнбөйт чарадан. Эгин эксең, буудай эк, кут түгөнбөйт талаадан.

***191-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү окуп, татаал сүйлөмдөрдүн тутумунда канча жөнөкөй сүйлөм бар экендигин жана алардын маанилик катышын аныктагыла.

1. Академик Сулаймановanын машинеси көчөгө келип токтогондо, жыйналышка чогулган эл бүт астынан тосуп чыгышты, кары-жашы дебей тегиз учурашып кол алышты. 2. Алтынай Сулайманова мындайды күтпөгөн болуу керек, сүйүнгөнүнөн эмне кылаарын билбей, элге кол куушуруп улам-улам ийилди. 3. Жыйналыштын аягында пионерлер мойнуна кызыл жагоо тагып, жаңы мектептин ардак китебине анын ысмын биринчи жазышты. 4. Окуучулардын шаан-шөкөттүү оюндары аяктагандан кийин, кечке жуук мектептин директорунун үйүндө конок болдук. 5. Чай ичилип жаткан кезде, колуна бир тутам гезит-журналдарды кармаган жигит эшиктен кирип келди да, үй ээсине он чакты телеграмманы сунду. *(Ч. А.)*

***192-көнүгүү.*** Айтылыш максаты жана түзүлүшү боюнча сүйлөмдүн түрлөрүн эсиңерге түшүргүлө. Көчүрүп жазып, 1-2-3-сүйлөмдөрдү өзбекчеге оозеки которгула.

1. Таза аба, андагы кычкылтек - бул ден соолуктун күчкө-күч кошо турган булагы жана адамдардын эмгектенүүсүн жогорулата турган табигый дем бергич болуп саналат. 2. Таза аба биринчи кезекте нерв системасына, жүрөккө жагымдуу таасирин тийгизип, адамдын көңүлдүү иштешине шарт түзөт. 3. Жашаган бөлмөбүз жакшы желдетилбесе, дененин клеткаларынын кычкылтекке болгон муктаждыгы күчөйт, ден соолук начарлайт. 4. Таза аба жетишпеген бөлмөдө иштөө кыйын, бир саат өткөндөн кийин эле баштын оорусу пайда болуп, иштин жылышы начарлай баштайт. 5. Кышында үйдү кантип желдетүү керек?

***193-көнүгүү.*** Аралаш татаал сүйлөмгө 3-4 мисал жазып келгиле. Анын тутумундагы сүйлөмдөр татаал сүйлөмдүн кайсы түрү экендигин жана алар кандайча байланышкандыгын айтып бергиле.

## 33-§. Татаал сүйлөмдөрдүн стилистикалык өзгөчөлүктөрү

***194-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктаманы окуп, түшүнүгүңдү алгач шеригиң менен , андан соң класстагы окуучулар менен бирге талкуулагыла. Ар бириң өз алдынча мисалдар келтиргиле.

*Татаал сүйлөмдөр китеп кебинде кеңири колдонулат. Башкача айтканда, илимий стилде, иш кагаздар стилинде, бейрасмий публицистикалык жанрларда, көркөм чыгарманын айрым*

*түрлөрүндө татаал сүйлөмдөр активдүү колдонулат. Ошого карабастан багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм поэзиялык чыгармаларда, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр көбүнчө илимий стилде басымдуу.*

*Мисалы:* Миң кылымда келишсе да ойготуп, ташың таанып, сууңду айрыйм суулардан… ынандыра билген жылуу-жумшак сөз тартипти чыңдайт, дарылоонун ийгиликтүү болушуна ишеним пайда кылат, жакшы сөз маанайды көтөрөт.

*а) Жамдама жактуу жана белгилүү жактуу жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлгөн татаал сүйлөмдөр көбүнчө макалдарда жана оозеки сүйлөшүү стилинде колдонулат.*

*Мисалы:* Эмнени эксең, ошону оросуң *(Макал)*. Айттым да, койдум, анын эмнеси бар экен.

*б) Туюк жактуу жана жаксыз сүйлөмдөрдөн түзүлгөн татаал сүйлөмдөр тилдин стилдеринде зарылдыгына жараша колдонула берет.*

*Мисалы*: Күнгө күйүүнү күн нурунда 5 мүнөт болуп, күнүгө 5 мүнөттөн кошуп, 40 мүнөткө жеткирүү зарыл. Ачкарын күйүүгө болбойт, тамактангандан кийин бир саат өткөндө гана күйүүнү баштоого болот (илимий стиль).

Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот. *(Макал)*

***195-көнүгүү.*** Тексттерди окуп, кайсы стилге тиешелүү экендигин аныктагыла. Татаал сүйлөмдөрдү таап, түрлөрүн ажыраткыла.

1. Лавр – дайыма жашыл болуп турган өсүмдүк. Жөнөкөй жалбырактары кезектеше жайгашып, чатырча сымал топ гүлү жалбырагынын колтугунан өсөт жана мөмөсү данек сымал. Жер ортолук деңизинин жээктеринде лаврдын эки түрү таралган. Кавказдын токойлуу тоо этектеринде да өсөт. Анын жалбырагы кондитер жана консерва өнөр жайында жыпар жыттуу татымал катары колдонулат. Айрым өлкөлөрдө мөмөсүнөн май алынып, медицинада, ветеринарияда жана самын кайнатууда кеңири колдонулат.

2. Бир күнү талаадан күйгөн эки шам көрүнөт. Мыкы баатыр: «Шамды тапмайынча, көчпөйбүз!» - деп буйрук кылат. Абышка баласынан: «Эл эмне үчүн көчпөй жатат?» - деп сурайт. Баласы себебин түшүндүрөт. Абышка: «Балам, ал шам эмес, каухар таш. Ушул сайда дарак бар бекен?» - дейт. Баласы бир гана жалгыз тал бар экендигин айтат. Анда абышка: «Кау-

хар таш ошол жалгыз талдын чиригинин көңдөйүндө. Сен барып, талдын көңдөйүн карасаң, ошондон табасың, ал эки шаардын куну менен тең», - деген экен. *(Эл жомогу)*

***196-көнүгүү.*** Макалдарды окугула. Татаал сүйлөмдүн түрлөрүн аныктагыла. Макалдардагы татаал сүйлөмдөр кандай максат менен колдонулгандыгын айтып бергиле.

1. Тилден бал да тамат, уу да тамат. 2. Бычак жарасы айыгат, тил жарасы айыкпайт. 3. Эл ыйык, элден чыккан – бузук. 4. Элге эл кошулса – дөөлөт, элден эл кетсе – мээнет. 5. Эмгектен арыктасаң, түшүмүнө семиресиң. 6. Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку. 7. Мээнетиң катуу болсо, тапканың таттуу болот. 8. Акылы бар билимди самайт, акылы жок кийимди самайт. 9. Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт. 10. Тоодой сөз бергенче, берметтей иш бер.

***197-көнүгүү.*** Ырды тиешелүү интонация менен окуп, маанисин кыргызча сүйлөп бергиле. Татаал сүйлөмдөрдү таап, ыр саптарында колдонулуш өзгөчөлүгүн кыргыз тилине салыштыргыла.

## Ўрик гуллаганда

Новдаларни безаб ғунчалар
Тонгда айтди ҳаёт отини,
Ва шаббода қурғур илк саҳар
Олиб кетди гулнинг тотини.
Ҳар баҳорда шу бўлар такрор,
Ҳар баҳор ҳам шундай ўтади,
Қанча тиришсам ҳам, у беор
Еллар мени алдаб кетади.
Мана сенга олам-олам гул,
Этагингга сиққанича ол,
Бунда толе ҳар нарсадан мўл,
То ўлгунча шу ўлкада қол.

Ҳар баҳорда шу бўлар такрор,
Ҳар баҳор хам шундай ўтади,
Қанча тиришсам ҳам, у беор
Еллар мени алдаб кетади. *(Ҳ. О.)*

***198-көнүгүү.*** Ырды тиешелүү интонация менен окуп, маанисин айтып бер. Ыр саптарында татаал сүйлөмдөрдүн колдонулуш өзгөчөлүгүнө көңүл бур.

## Бул кандайча?

Баары өзгөрөт, баары өчөт дейт турмушта,
Мен өзгөрбөй, өчпөй койсом не болот?
Өчөр күнүм үйгө бара жатканда,
Токмок жактан келбей койсом не болот?

Токмок жөнөйм,
Таттуу коонун тандап жейм.
Миң жыл бою,
Кайра үйүмө бир келбейм.
Айт, кимдин карызы бар?

Баары сынат, баары өлөт дейт турмушта,
Мен тил албай өлбөй койсом не болот?
Башка коюп, тумшукка тээп, урушса,
Нарын жакка качып кетсем не болот?

Нарын жөнөйм,
Айран ичип, майын жейм.
Миң жыл бою,
Кайра үйүмө бир келбейм.
Айт, кимдин карызы бар? *(А.О.)*

## 34-§. Көнүгүүлөр

***199-көнүгүү.*** Макалдарды окуп, аралаш татаал сүйлөмдү тапкыла, андагы тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү аныктагыла.

Төө кыядан өткөн соң, оо дегениң курусун. *(Макал)* Тил жазуунун, мылтык – жоокердин куралы, курал канчалык кубаттуу болсо, анын ээси ошончолук күчтүү болот. *(М. Горький)* Тикен гүлүн коруйт, аары балын коруйт, жаман малын коруйт, жакшы арын коруйт. *(Казак макалы)* Жолдон адашсаң, үйүңө кайтарсың, сөздөн чаташсаң эмне деп айтарсың. *(Кытай макалы)* Адам болуп төрөлгөн соң, жигит болуп өскөн соң, адамча жүр, жигитче өл. *(Кыргыз макалы)* Айдагың келсе эгин, күздүн камын жазында жегин, жаздын камын кышында жегин. *(Кыргыз макалы)* Акча жоготсоң, «аз жоготтум» де, убакыт жоготсоң, «көп жоготтум» де, үмүтүңдү жоготсоң, анда «бүт жоготтум» де. *(Кыргыз макалы)*

***200-көнүгүү.*** Ырды көркөм оку. Татаал сүйлөмдөрдү таап, алар кандай максатта колдонулгандыгын түшүндүрүп бер.

Шүүдүрүм, жалбыракта мөлтүрөйсүң,
Жакасына тизилип бермет болуп.
Карап турсам, мөлт этип түшүп кеттиң,
Сен өмүргө кайрадан келгис болуп.
Айланага карасам,
Шүүдүрүмдөр жылтылдашат шиберде жылдыз болуп.
Жакын барсам, мөлмүлдөп агып кетет,
Бул дүйнөгө кайрадан келгис болуп.
Шүүдүрүмдүн өмүрү кыска белем,
Көп топторду аралап ойлуу келем,
Жашаң тарткан шибердин түндөрүнөн
Шүүдүрүмдүн нымсактуу изин көрөм. *(Т. Ад.)*

***201-көнүгүү.*** Татаал сүйлөмдөрдү таап, кайсы түрү экендигин, алар кандай жолдор менен байланышкандыгын аныктагыла. Текст боюнча бир нече суроо түзгүлө.

Жолдоштору айтат: тонду кийгизип койсо, этеги согончогуна жете сүйрөлүп, жеңдери тизеден ылдый жүрсө да, жылый түшкөн бала кайра жандангандай, кайра тирилгендей кудуңдап, күлүңдөп жыргап калыптыр. Жайнак ошого эле курсант болуп, жол катары суукка чыдабай, арабалардын артынан жөө жүгүрүп, жолдошторунун кийимин алмак-салмак кие коюп бара жатса да, алиги баланы улам эстеп: «Ырас болбодубу, байкуш бала жылып, оңуп калды, ээ!» - деп келе бериптир.

Чынында, бир кишиге тон чечип берүү менен элдин кемтиги толуп, бүтөлүп деле кетпейт. Бирок жанагыдай эле бирге он кошулуп, онго-жүз, миң кошулуп, элчилик, адамгерчилик, боордоштук деген ошондон келип чыгат го деп ишенем.

Адам жакшылыкты жерден таап албайт, адамдан үйрөнөт. Жайнактын берип кеткен тону жыртылар, жок болор, жерге кирсин, сөзгө арзыбас эле нерсе, бирок кеп анда эмес, ошол кичинекей баланын жүрөгүндө бирөөнүн кылган жакшылыгы жүлүндөй сакталып калса, адам болгон соң, башкага жакшылык кылуу милдет экенин жаштайынан сезип калса, Жайнагымдын сооп кылгандыгы ошол. *(Ч.А.)*

***202-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнө көңүл бургула. Айрым айтылган ойлорго талдоо жүргүзгүлө.

Балам, Адам болсоң, тил безеген чечен бол, көп нерсени жатка бил. Адамдар менен сөз талашпастан, сүйлөр учурду күт.

Сөз кезеги келгенде, чечен, чебер тил менен сүйлөгүн. Эл алдына чыкканда, үстү-башың, бут кийимиң таза болсун. Топ алдында кабагыңды салып үтүрөйбөстөн, жайдары маанайда, маңыздуу кеп кур. Сүйлөп жатканыңда элге карап, кыймылда болуп тур. Эл алдында туруу адебин сактап, кекирейме текеберчиликтен оолак бол.

Сыйлуу болом десең, элди сыйла, кадырлуу болгуң келсе, калкты кадырла. *(«Кабус наама»)*

## 35-§. Тике жана кыйыр сөз. Цитата

***203–көнүгүү.*** Аныктаманы окуп, түшүнүгүңдү өзбек тилине салыштыр. Тике жана кыйыр сөзгө өз алдынча мисал келтир.

*Адамдар бири-бири менен пикир алышууда, же өз оюн жазуу аркылуу баяндоодо өз сөзү менен башка бирөөнүн сөзүн да колдонот.*

*Мисалы*: **«Ар бир нерсенин жазы да, күзү да болот тура »** - деп, башын ийкеди Алтынай.

*Мында* ***кара менен*** *басылган сүйлөм бөтөн (башка бирөөнүн сөзү) сөз, калганы төл сөз.*

*Бөтөн сөз эки түрдүү: тике сөз, кыйыр сөз түрүндө берилет.*

*Бирөөнүн сөзү мазмуну жана грамматикалык түзүлүшү боюнча эч өзгөрүүсүз берилсе тике сөз деп аталат. Тике сөз тырмакчага алынып жазылат, өзгөчө интонация менен айтылат.*

*Мисалы*: « Күндө да бар кемчилик: ал өзүн-өзү көрө албайт » - деген экен Сократ.

*Тике сөздүн мазмуну гана сакталып, грамматикалык түзүлүшү жактан өзгөртүлүп берилсе, кыйыр сөз деп аталат. Кыйыр сөз тырмакчага алынбай жазылат.*

Өзүн-өзү көрө албагандыгы күндүн бир кемчилиги экендигин Сократ айткан экен – *бул кыйыр сөз.*

| № | Тике сөз | Кыйыр сөз |
|---|---|---|
| **1.** | «Кыялсыз адам - канатсыз куш» - деген сөз бар кыргыз элинде. | Кыялсыз адамды канатсыз кушка салыштырышкан кыргыздар |
| **2.** | «Уят өлүмдөн катуу», - деген макал бар кыргыз элинде. | Кыргыздар уят болууну өлүмдөн да жаман деп эсептешет. |

*Кээде автор өзүнүн оюн далилдөө же жыйынтыктоо максатында, кимдир – бирөө тарабынан айтылган ойду, чыгармадан мисал катары пайдаланат. Бул* цитата *деп аталат.*

*Мисалы:* «Бир жаш жигит театрда отуруп, көп философтор менен сүйлөшүп, эми мен акылдуулукка жетиштим деп мактанганда, Эпиктет: «Мен деле көп байлар менен табакташ болуп, бай боло албай койдум», - дептир.

*Цитата ойду андан ары улантуу же жыйынтыктоо үчүн колдонулат.*

*Цитата катары бирөөнүн айткан ою толук же бир бөлүгү алынышы мүмкүн. Эгер цитата толук колдонулбаса, калтырылып кеткен сөздүн орду көп чекит (…) менен белгиленет. Ал эми цитата толук колдонулса, тике сөз сыяктуу тырмакчага алынып жазылат.*

***204-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү көрктүү окугула. Төл жана бөтөн сөздү ажыраткыла. Бөтөн сөздүн төл сөзгө карай орун тартибине көңүл буруп, тыныш белгилер кандайча коюлганын айтып бергиле.

1. «Жүрөктүн арам оюн жүздүн анткор жылмаюусу далдалап жаап, жашырып турат », - деп айткан Шекспир. 2. Л. Н. Толстой мындай деген: «Искусство адамдарды баш коштуруунун бирден – бир куралы». 3. «Жараткандын алдында күнөөкөр болгум келбейт, - деп айткан экен Петр I, - ошондуктан чындыгына жетпей туруп тыңчылардын сөзүнө ишенбейм». 4. Элдин: «Өкүм болмок – өзүңдөн, сылык болмок – сөзүңдөн», - деген акылман сөзүн дайыма эсте тутуу керек. 5. Касым бир аз унчукпай туруп, бир убакта жардамчысына катуу буюрду: «эмне карап турасың, жүргүз моторду! Силерчи, силер эмне карап турасыңар, орокчулар! Жетишпей калсак, азабын өзүңөр эле тартасыңар. Тургула, урушта туруш жок». *(Ч.А.)*

***205-көнүгүү.*** Берилген акылман кеңештердин маанисин чечмелеп, аны тике сөз катары пайдаланып, сүйлөмдөр түзгүлө. Айрымдарын кыйыр сөзгө айландыргыла.

1. Таң азандан турсаң, ырыскыңдан кур калбайсың. 2. Эки кишинин ортосунан өтпөй жүр, жыйылган жүккө жатпай жүр. 3. Алынган чачыңды тебелендиге таштаба, мөмөлүү дарактын түбүнө көмүп кой. 4. Мурун кычышса – эт, кол кычышса – акча, бут кычышса – жол. 5. Түшкө суу кирсе – өмүр, камчы – бийлик, жылан – байлык, нан – токчулук. 6. Жаман түшүңдү сууга

айт, суу менен кетсин. 7. Байлык адамды эсиртет, эсирген адамдын кесири көпкө тиет. 8. Адам акылынын жаркыны өчүп, дүнүйө тепкен кесири башынан ашса, арты жаман, кесепети калайман журтка тиет.

***206-көнүгүү.*** Ар кыл цитаталарды өз орду менен колдонуп, тандаган темаңар боюнча эссе жазгыла. Тиешелүү тыныш белгилерин туура коё билгиле. Диалогду пайдалангыла.

*Сунуш кылынуучу темалар:* «Эгер мен президент (директор, автор) болсом...», «Мен врач болгум келет», «Өлкөмдүн өсүшүнө кандай салым кошо алам» ж.б.

***207-көнүгүү.*** Берилген учкул сөздөрдү оозеки түрдө кыйыр сөзгө айландыргыла. Алардын маанисин чечмелегиле.

1. «Жараткан бергенин бүт койбой алат, бир гана жагымдуу сөз аман калат», - деп жазган Фирдоуси. 2. И. Раззаков: «Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот», - деген. 3. «Баатыр согушта, акыл ачуу келгенде, дос зарылдыкта сыналат», - дейт элибиз. 4. Элде: «Өмүрдүн узундугу анын мазмунуна карай бааланат», - деген сөз бар. 5. «Эне сүтүн актоо – өмүр бою кутулгус карыз», - деп айткан Н. Островский. 6. М. Ломоносов мындай деген: «Талбас эмгек гана тоодой тоскоолдукту жеңе алат». 7. Элдик оозеки чыгармалар жөнүндө сүйлөгөн сөзүндө Ч. Айтматов: «Манас» эпосу – элдик оозеки мурастардын туу чокусу», - деп айткан.

***208-көнүгүү.*** Төмөнкү схеманын негизинде төл жана бөтөн сөздөргө сүйлөмдөр жазгыла.

■ – төл сөз; ▲ – бөтөн сөз

1. ■: « ».
2. « », - ■ .
3. ■: « », - ■ .
4. « , - ■ , - ».
5. Диалог.

## 36-§. Тике жана кыйыр сөздүн стилистикалык өзгөчөлүктөрү

***209-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктаманы окуп, түшүнүгүңдү алгач шеригиң менен, андан соң класстагы окуучулар менен бирге талкуулагыла. Ар бириң өз алдынча мисалдар келтиргиле.

*Татаал сүйлөм сыяктуу эле тике жана кыйыр сөз кепте кеңири колдонулат. Тике сөз кыйыр сөзгө караганда бир топ активдүү.*

*1. Тике сөз илимий стилде ой-пикирди далилдөө, ырастоо үчүн колдонулат. Кээде төл жана бөтөн сөз толук катышат, кээде бөтөн сөз гана катышат да, цитата кимге таандык экенин жазып көрсөтүлөт.*

*Мисалы:* «Бир өңчөй мүчөлөрдүн маанисин жалпылап, же аларды бириктирип турган сөздөр жалпылагыч мүчө деп аталат» - деп мүнөздөмө берет А. Жапаров.

«Кыргыз тилине жакын тектеш тил катары алтай, казак, кара калпак, өзбек, уйгур, башкыр, татар, түркмөн ж.б. тилдер эсептелет».

(А. Сапарбаев ж.б. Кыргыз тили 10-11-класстар үчүн окуу китеби Бишкек, 2003)

*2. Кээде автор өз оюн кыйыр сөз аркылуу далилдеген учурлар кездешет.*

*Мисалы*: «Д. И. Менделеев мезгилдик таблицасын түзгөндө бир топ клеткаларды ачык калтырган, анткени салыштырмалуу атом массасы жана касиеттери жагынан ушул клеткаларга жайгаштырууга мүмкүн болгон элементтер бар, бирок азырынча алар ачыла элек деген жыйынтыкка келген». (Органикалык эмес химия 7-8-класстын окуу китеби.)

*3. Тике жана кыйыр сөз иш кагаздар стилинде бир аз өзгөчөлөнүү менен колдонулат. Протоколдо бөтөн сөз толук берилип, төл сөз Угулду, Сөзгө чыкты деген этиш сөздөр аркылуу берилет.*

Мисалы:

Угулду:

У. Бахрамова – сабакты себепсиз көп калтырган окуучулар биздин класста да бар. Алардын ата-энеси менен сүйлөшүп, андан да жыйынтык болбосо, жалпы мектептик чогулушта маселесин кароо керек. (Класстык чогулуштун протоколунан.)

*4. Төл жана бөтөн сөз көркөм чыгармада көбүнчө каармандардын диалогунда, автордук баяндоодо, кээде каармандын ички сезимдерин туюнтууда, монологдо да колдонулат.*

*Мисалы:* Кемпир-чал жакасын кармап, тообо келтирип отурду.

- Кудай бир сактаптыр. Анан калса ушундай да жеңил кийинесиңерби? Тоого жөнөгөндө жылуу кийинип жүрбөйсүңөрбү? Көйрөңдүгүңөр жолдо калсын! – деп жемелемиш болду кемпир чай куюп отуруп. *(Ч. А.)*

***210-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү окуп, төл жана бөтөн сөздү ажыраткыла. Ал кандайча колдонулгандыгын, кептин кайсы стилине мүнөздүү экендигин аныктагыла.

1. Кишилер менен дайыма кол берип учурашам, кээде уялып да кетем. «Ата-бабанын ээлеп келген конушу силерге кут болсун, өрүшүңөр кенен болсун! Мал-жаныңар аман-эсенби, бала-бакыраңар чоңоюп жатабы?» – деп учурашат таятам. Мен жөн эле кол бере берем.

2. Татаал заттардагы атомдордун орун алмашуусуна төмөнкүдөй аныктама берилген: «Жөнөкөй жана татаал заттардын ортосунда жүрүүчү жана бул учурда жөнөкөй заттарды түзгөн атомдор татаал заттын элементтеринин биринин атомдору менен орун алмашуучу химиялык реакциялар орун алмашуу реакциялары деп аталат».

3. «Сөз – адамдын маданияты, ички жигери. Сөз билген, анын баасын, күчүн туйган адам таасын, так сүйлөйт, тандап, таап айтат. Өз учурунда гана айтат. Керек учурда гана айтылган сөз өз угуучусун табат. Ал сөз дарыга, алтынга тете. Ошон үчүн «Айтар сөзүң алтын болсо, унчукпай тек турганың – күмүш» деген эмеспи элибиз. Адамды адам менен бириктирген – сөз» - деп сөзгө чоң маани берет автор. *(М. Д.)*

***211-көнүгүү.*** Диалогду окугула. Оозеки түрдө тике сөзгө айландыргыла.

Жигит не дээрин билбей мукактана түштү:

– Бул патриоттук да!

– Анын эмне?

– Эл, жерин сүйгөндүк. Жан-дили менен сүйгөндүк!

– Азыр топону эле сүйгөндү билишсин! - деди шоопур ачуулангандай. – Жетишпей баратса, ата-энесин сүйүшсүн!

– Кандайча? Анда …

– А балалыкчы? Балалык кайда калат? Алардын ордуна ким бала болот? *(Б.У.)*

***212-көнүгүү.*** Текстти окуп чыгып, андагы төл жана бөтөн сөздөрдү ажыраткыла. Анын негизинде диалог түзгүлө.

Тээтиги жакты карачы. Бүлбүлдөп турабы ошондо бир жылдыз? Кана? Көргөнүм жок деп чыркырайм. Мына, мындай кара. Мен кол сунган жакты кара деп сөөмөйүн серейтет. Кайда, ушундайбы? Ооба, колумдун башын кара. И-и, ошент, көрдүңбү? И-и көрдүм, көрдүм, тигинде турат дейм кубанып. Ошол – Алтын казык. Анын казыгы кана? Казыгы жок. Жөн эле ошентип атап коюшкан дейт атам. Ким ошентип атап койгон? Илгери бабаларыбыз. Бабаларыбыз? Ооба. *(Н.Б.)*

***213-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү окугула. Кайсы стилге мүнөздүү экендигин аныктагыла. Тике жана кыйыр сөздү ажыраткыла. Тике сөзгө тиешелүү тыныш белгисин коюп жазгыла.

Жарык – бул өтө түшүнүксүз кубулуш деп эсептелген физикада. Химиктердин изилдөөлөрүнүн натыйжасында заттардын түстөрү алардын структурасына байланыштуу экендиги аныкталган. Окумуштуу Уильям Рэлей кандын кызыл жана өсүмдүктөрдүн жашыл түстөрү эч ким түшүндүрө албай турган жашыруун сыр деп эсептеген. Темир менен магнийдин химиялык касиеттериндеги айырмачылык гана канга кызыл, ал эми жалбыракка жашыл түс бере тургандыгы илимде далилденди.

Бир топ жылдардан кийин англиялык окумуштуу Исаак Ньютон күндүн жарыгын үч кырдуу призма аркылуу өткөрүп, аны каалаган учурда алууга боло деген жыйынтыкка келди.

***214-көнүгүү.*** Үйдөн төл жана бөтөн сөздүн сүйлөшүү кебинде, илимий эмгектерде колдонулган учурларына мисалдар жазып келгиле. Анын колдонулуш бөтөнчөлүгүн айтып бергиле.

## 37-§. Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр

***215-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктаманы окуп түшүнүп, өз алдынча схема же таблица түз. Түшүнүгүңдү мисалдар менен бекемде.

*Сүйлөм тизмегинде грамматикалык жактан сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албаган сөздөр учурайт. Алар сүйлөм мүчөлөрү менен тикеден-тике байланыша албайт. Сүйлөмдө билдирилип жаткан ойго карай сүйлөөчүнүн мамиле-*

*син, байкоосун ж.б. билдирген сөздөр болот жана сүйлөмдүн мазмунуна ар түрдүү мүнөздөгү кошумча маани киргизет. Сүйлөмдүн жалпы жонуна таандык болуп айтылат. Алар тил илиминде каратма, киринди жана сырдык сөздөр деп аталат.*

*Мисалы:* **Балдарым,** мына эми мен силердин энеңермин. (каратма сөз). Биз, **албетте,** ишениминиңизди актайбыз. (киринди сөз). **Ботом,** сен да бул жерде белең? (сырдык сөз).

Бул сүйлөмдөрдө грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр – **балдарым, албетте, ботом.** Булар өзүнчө суроого да жооп бербейт, сүйлөмдүн башка мүчөлөрү менен да байланышпайт.

Биринчи сүйлөмдө (балдарым) сүйлөөчүнүн кайрылуусун, экинчи сүйлөмдө (албетте) ишенимин, үчүнчү сүйлөмдө (ботом) таң калуусун билдирди.

***216-көнүгүү.*** Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү таап, өзгөчө интонация менен окугула.

1. О, касиетиңден айланайын Мүйүздүү эне! Сенин касиетиң сактады бизди! Көрдүңбү, балам? Умай энебиз кайра келген тура! 2. – Былжырaба, абышка жетишет! Атты чыгар. *(Ч. А.)* 3. Эмнеси болсо да элдер анын кайтып келгенин туура табышты. Ал тез-тез кыймылдап, чапчаң иштөөчү эле. Мүмкүн аны тез иштөөгө үйрөттүбү? Балким, ошондой болушу керек. *(Ч. А.)*

4. – Бали, балам! Сен кимсиң? - деди көк сакал чал.

– Мен Айдар деген болом, аксакал, - деди жигит.

– Баркелде, балам! Атыңды уктум эле. Ошол сен экенсиң.

***217-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү таап, алар кандай мааниде колдонулгандыгын аныктагыла.

1. Ошентип Москвада окуп жүрөм. Алыста жүргөнүңдө туулуп өскөн жериң, айрыкча, атабыз менен энебиз жашап өткөн, кагылайын Ала-Тоо, эсиңе түшөт, түшүңө кирет. *(К. Сакт.)*

2. О, жараткан! Ак тилегим орунда! Жашасын тил! Аман болсун Ата Журт! Оо, бир боорлор, баарың эсен болгула! *(А. Акб.)*

3. Дүйшөн өзү, албетте, менин бул абалымды жакшы билип жатты. Мүмкүн, менин көңүлүмдү көтөрөйүн деген ой менен ал ушунун эртесинде мектепке эки жаш терекче алып барды.

– Экөөбүз азыр чоң иш кылабыз, Алтынай, - деди, мени күлө карап. Менин баамымда, сен чоң окумуштуу Адам болосуң. *(Ч. А.)*

## 38-§. Каратма сөз жана ага коюлуучу тыныш белгилер

*Сүйлөм тизмегинде ойдун кимге багытталганын атап көрсөткөн сөз каратма сөз деп аталат.*

*Ал атооч жөндөмөсүндөгү атоочтон же заттын маанидеги сөз же сөз айкашы болот да, бирөөгө кайрылуу интонациясы менен айтылат.*

*Мисалы:* Ата, силер станцияга узатып убара болбогула. Ооба, Толгонай, ошол чабармандын дүбүртү али да кулагыма угулуп турат. *(Ч.А.)* Ук, жер жүзү, бүгүн дүйнө жаңырган. *(Ж. Т.)*

*Бул сүйлөмдөрдө ата, Толгонай, жер жүзү - деген атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор каратма сөз катары келди. Ата, Толгонай жеке сөздөн турган зат атоочтор, ал эми жер жүзү деген сөз айкашы. Алар интонациялык жактан сүйлөмдөн бөлүнүп айтылат.*

***218-көнүгүү.*** Текстти көрктүү окугула. Каратма сөздү таап, кандай интонация менен айтыларын байкагыла. Алардын түзүлүшүнө көңүл бургула.

Ошонун баары мен, мен деп билип жүргүн, апа! Кош, апа, түбөлүккө кайыр кош!.. Кош, карааныңдан айланайын, Ала-Тоо!

Сен ошондо мага кайрылып, мындай дегенсиң: «Жер, жан жараткан жер, сен бизге таалай бербесең, эмнеге жер болуп орнойсуң да, биз эмнеге дүйнөгө жаралабыз! Биз сенин балдарыңбыз, жер, тилектеш болгун, ак тилегибизге жеткиргин», - деп айткансың, Толгонай.

Э-э, асманда жаркыраган күн, жер кыдырып сен айткын! Э-э, сапар тарткан булут, нөшөрлөнө төгүлүп, ар бир тамчың менен сен айткын!

Дүйнөнүн бардык булуң-бурчунда Адам баласын баккан жер, сен, сен айткын, жан боордош жер!

– Жок, Толгонай, сен айткын! Сен – Адамсың! *(Ч. А.)*

***219-көнүгүү.*** Көп чекиттин ордуна тиешелүү каратма сөздү коюп, көчүрүп жазгыла. Каратма сөздүн түзүлүшүн айтып бергиле, 3-4 сүйлөмгө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Атыр жыттуу кылаанда
   Жүргүм келет, ...
   Толкун кылып өзүмдү.
   Ургум келет, ... *(Ч. А.)*

2. – Сапарда келе жатып, бүгүн сиздин үйүңүзгө туш болдук, … Жаман көрбөңүз.

– Жок, жок, …

– …, сиз кайсы кызматта иштээр элеңиз? Сизге маданият министрлигин берсекпи дейбиз.

– Коюңузчу, …, менден кандай маданият министри чыкмак эле. («Аялзатка таазим»).

4. – …! Атаңдын айткан сөздөрүн ук. Мекендин ардактуу уулдарынан бол. *(К. Б.)*

***Пайдалануучу сөздөр:*** *карыя, уулум, Исхак Раззакович, чырактарым, Ысык-Көл, Күлүйпа Кондучаловна.*

***220-көнүгүү.*** Төмөнкү схеманы пайдаланып, каратма сөздүн сүйлөмдө алган ордун аныктап, кандай тыныш белги коюларын айтып бергиле.

1) ?, …  2)…, ?, …  3)… …, ?  4) ?! …

Мисалы: **Балам,** ийгилигиң кут болсун!
Ук, **жер жүзү,** Тянь-Шанда кеним бар. *(Ж. Т.)*
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт! *(А. О.)*
Бугу эне! Сени көптөн бери күтүп жүргөнбүз. *(Ч. А.)*

***221-көнүгүү***. Сүйлөмдөрдү окугула. Каратма сөздү таап, алган ордун алмаштырып түзүп, тыныш белгиси кандай коюларын түшүндүргүлө.

1. – Жолдош Васильевский, сиз менен чукул кеңеше турган иш бар. Тезинен Москвага келиңиз!

– Кантип келем, жолдош Сталин? Бүрсүгүнү чабуул башталат да? … *(К. Сакт.)*

2. – О-о, өмүр, сен чалкып жаткан көлдөйсүң.
Кээде, өмүр, салкын соккон желдейсиң.

3. – Эй, балбан жер, балбан жер,
Көп өмүрлөр калган жер… *(Ж. С.)*

4. Журт атасы, куу найза учу тагдырды чечкен заман артта калды.

5. Сиздин орун-очогуңуз мына бу кара алачык эмес, чатыраган ак өргөөдө, баатыр. *(«Аялзатка таазим»).*

***222-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдөн каратма сөздү таап, тиешелүү тыныш белгисин койгула. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Таарынба талаа жыпары, азыр мен ошол жактамын. *(Ж. С.)* 2. Чыңгыз Төрөкулович жакында бул роман «Шарк юлдузи» журналында өзбекче басылат. 3. Урматтуу жаш калемгерлер ар ким өз мүмкүнчүлүгүн кем санабай, бардык күчүн искусствонун чокусуна жетүү үчүн жумшоого милдеттүү.

4. – Эй балам
Эмне болуп баратат
Эл аралык саясат?
– Ашыкпагын аксакал
Ар өлкөдө таң атат. *(Б. С.)*

5. Эй ак койлор сук болуп көнбөгүлө
Тал чөптү да талашпай тең бөлгүлө. *(Б. С.)*

6. Уулдарым, келиндерим
Ырыскыңар Ысык-Көлгө теңелсин.

7. Саламатсыңарбы асылзат теректер. Биз силерди жакшылыкка багыштап тиккенбиз. *(Ч. А.)*

***223-көнүгүү.*** *Урматтуу мугалимдер, уландар жана кыздар, жер жүзү, Ата журт, достор* деген сөздөрдү жана сөз айкаштарын каратма сөз маанисинде колдонуп, сүйлөм түзгүлө. Каратма сөз сүйлөмдө ар түрдүүчө орун алгандай болсун.

## 39-§. Киринди сөз жана ага коюлуучу тыныш белгилер

***224-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктаманы окуп түшүнүп, мазмунуна ылайык схема түз. Таблицаны кунт коюп оку, ал боюнча шеригиң менен пикирлеш, бир пикирге келген соң, түшүнүгүңөрдү класска айтып бергиле.

**Ошентип,** биздин мектептин окуучулары биринчи орунга чыгышты. **Албетте,** бул иш биздин колубуздан келет. Мен сизди, **мүмкүн,** ашыра мактап жаткандырмын.

Мында *ошентип, албетте, мүмкүн* – киринди сөз.

*Биринчи сүйлөмдөгү **ошентип** деген сөз сүйлөмдө айтылуучу ойдун натыйжасын, экинчи сүйлөмдөгү **албетте** – айтылуучу ойго карата сүйлөөчүнүн ишенимин, үчүнчү сүйлөмдөгү **мүмкүн** – божомолдоо, күмөндүүлүк маанисин көрсөттү.*

*Киринди сөз ойдун ар кандай кырдаалын билдирген менен сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албайт.*

| | Кириндi сөздөр | Мааниси | Мааниси |
|---|---|---|---|
| 1. | Албетте, чындыгында, сөзсүз, кандай болбосун ж.б. | Ойду бекемдөө, ырастоо | Ырас, биз анда түшүнгөн эмеспиз. |
| 2. | Мүмкүн балким, болжолу, кыязы, сыягы, калыбы ж.б. | Божомолдоо, күмөнчүлүк | Балким, биздин да жолубуз болор. |
| 3. | Менимче, менин оюмча, анын айтуусуна караганда | Ойдун ким тарабынан айтылгандыгы, кимге тиешелүү экендиги | Менин оюмча, бул ишти кайра карап чыгуу керек. |
| 4. | Биринчиден, экинчиден, эң оболу, алды менен бар жактан ж.б. | Ырааттуулук | Эң оболу, элдин ынтымагын камсыз кылалы. |
| 5. | Бактыга жараша, тилекке каршы, бактысыздыкка жараша ж.б. | Сүйүнүү, капалануу, ыраазы болуу ж.б. ар кандай сезимдер | Бактыга жараша, директор үйүндө экен. |
| 6. | Ошентип, демек, кыскасы, чындыгында ж.б. | Чечмелөө, тактоо, натыйжалоо ж.б. | Кыскасы, кечке чейин көчөттөрдү отургузуп бүтөбүз. |

***225-көнүгүү.*** Сүйлөмдөн кириндi сөздү тапкыла. Ал кандай маанидe колдонулду? 3-4-5-сүйлөмдөргө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Кыскасы, И. Раззаков республиканын маданий деңгээлин көтөрүүдө, элдик чыгармачылык искусствосун өнүктүрүүдө чоң салым кошкон. 2. Көрсө, мындай иш элге бат эле тарап кетет экен. Москвада окуп жатышкан Орто Азия жана казакстандык студенттер бүт келишти. 3. И. Раззаков, эң оболу, жогорку маданияттуу, билими терең, кичи пейил, бой көтөрбөгөн, мамилеси өтө жумшак жан эле. 4. Ошентип, Роза Александровна менин окуум үчүн чоң себепкер болгон деп эсептеймин. 5. Натыйжада, мен кыргыз мамлекеттик университетинин юридикалык факультетин бүтүрдүм. *(«Улуу инсан»)*

***226-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү окуп, өзбек тилине которгула. Кириндi сөздөрдү тапкыла. Сүйлөмдөргө тиешелүү тыныш белгилерин койгула.

Айталы Атакузи Азизов. Ал жетим балдар үйүндө Исхак менен бирге окуп, кийин да тыгыз байланышта жүргөн Раззаковдун бардык курбалдаш достору көп жагынан бири-бирине окшош экен: адилеттүүлүк, принципиалдуулук, сөзгө чебердик бардыгында бар Досторуңду көрсөтсөң, сенин ким экениңди

айтып берем деген экен го бир акылман. Анын сыңарындай жакшыга жакшы жолугат турбайбы Атакузи Азизович жан досторунун өлүмүнө өкүнүү менен мындай деди Эгер куугунтук, кордоп, жамандоолор болбогондо, Исхак деле көп жашка чыкмак экен… *(«Улуу инсан»)*

***227-көнүгүү.*** Маанисине карап, тиешелүү кириндн сөздөрдү коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Кандай мааниде колдонулду?

1. Жайкы каникулда биз Ысык-Көлгө барабыз. 2. Ден соолуктун ачкычы – спорт эмеспи. 3. Коомдун өсүш жолун туура түшүнгөн таза киши эле, ал эл достугун, биримдүүлүктү көздүн карегиндей сактаган. 4. Анын туягынан чокусуна чейин акыл эле. 5. Эл аны «Исхак Раззаков – өзбек элинин кыргыз уулу», - деп аташат.

Колдонулуучу сөздөр: албетте, биринчиден, экинчиден, сөзсүз, менимче, кыскасы.

***228-көнүгүү.*** Төмөнкү кириндн сөздөрдү колдонуп, оозеки сүйлөмдөр түзгүлө. Кириндн сөз сүйлөмдө ар түрдүүчө орун алсын.

Чамасы, балким, сөзсүз, айтор, чындыгында, демек, карыялардын айтканына караганда, башкача айтканда.

***229-көнүгүү.*** Төмөнкү схеманы пайдаланып, кириндн сөздүн сүйлөмдө алган ордун аныктап, кандай тыныш белги коюларын айтып бергиле.

1) ?, …  2 )…, ?, …  3)… …, ?

Мисалы: 1. **Албетте,** түшүнбөгөн киши айта албайт.
2. Акылбек, **чынында,** өзүн жоготуп койду.
3. Алар бүгүн жөнөп кетишкендир, **балким.**

***230 -көнүгүү.*** *Бактыга жараша, тескерисинче, окумуштуулардын айтканына караганда, башкача айтканда, көрсө, демек, менин оюмча, чынында эле, биринчиден, албетте* – деген кириндн сөздөрдү пайдаланып, оозеки сүйлөмдөр түзгүлө жана маанисин аныктагыла.

***231-көнүгүү.*** Мааниси боюнча тиешелүү кириндн сөздөрдү колдонуп, суроолорго жооп бергиле. Кириндн сөздүн ордун аныктагыла. Жоопторду жазып, сүйлөм мүчөсү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Жайкы каникулда кайда барып эс аласың? 2. Кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун «Кассандра эн тамгасы» деген чыгармасын окудуңбу? 3. Гапар Айтиевдин кандай

сүрөттөрүн билесиң? 4. Келечекте кайсы кесиптин ээси болгуң келет? 5. Улуу Жибек жолу музейи кандай таасир калтырды? 6. Сары-Челек коругунда кандай жаныбарлар багылат? 7. Ысык-Көлдүн коозрдугун сүрөттөп бере аласыңбы? 8. Сен кимди абдан сыйлайсың? Эмне үчүн?

***232-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Киринди сөздөрдү таап, тиешелүү тыныш белгисин койгула.

Бул ойду албетте өзүм ойлонуп таптым. Ырас Анархандын ачуусу келип, ичи күйүп турат. Менин өз алдымча иштеп кетишимди күтүп жүрөт сыягы. Бактыга жараша элдин турмушу күндөн-күнгө жакшырып баратат. Быйыл чындыгында жаанчачын жетишерлик эле болду. Казыбек азап менен тозокту башынан өткөргөн жигит көрүндү баамымда. Көрсө Майсалбегим муну мага таштап кеткен турбайбы. Кыскасын айтканда мындай жагымсыз көрүнүштөр эл массасына терс таасирин тийгизбей койбойт.

***233-көнүгүү.*** *Келечек кесибиң, шаардын тазалыгы, бош убакытты өткөрүү* жөнүндө бирге отурган шеригиңер менен диалог түзгүлө. Анда каратма, киринди сөздөрдү колдонгула жана интонациясына көңүл бургула.

## 40-§. Текст менен иштөө

***234-көнүгүү.*** Макалдардын маанисин чечмеле. Турмушта байлык менен достук, бир туугандыктын кайсынысы артык, эмне үчүн? Шеригиң менен ой бөлүшүп, класста талкуу жүргүзгүлө. Талкууда оюңарды бекемдөө үчүн болгон, уккан, окуган, көргөн окуялардан мисал келтирсеңер болот.

| Достук, бир туугандык | Байлык |
|---|---|
| 1. Ынтымактуу эл - соолбос көл.<br>2. Агага ак дилиңди көрсөт, иниге мээримиңди көрсөт.<br>3. Бирдиги бар элдин белин эч ким чече албайт.<br>4. Ынтымактуу бүтөт ынтымаксыз житет. | 1. Өз напсисин жеңген - баатыр.<br>2. Акыл байлыгы - азбас байлык<br>3. Байлык - колдун кири<br>4. Бай мактанса, бир жуттук, баатыр мактанса, бир октук. |

***235-көнүгүү***. Жогоруда талкууланган пикириңер канчалык деңгээлде төмөнкү балладада берилген ой менен дал келерин салыштырып, текстти окуп чыккыла. Текст боюнча жок дегенде 3 идеяны дептерге жазгыла. Шеригиңер менен ой бөлүшүп, мугалимдин жардамы менен ал идеялардын тизмегин доскага жазгыла да, класста талкуу жүргүзгүлө.

## Алтын

*(Баллада)*

Илгерээкте, көп деле эмес илгери,
Бул жарыкта жашап эки бир тууган,
Бири-бирине арка болуп турчу экен,
Жерди жердеп киндик кесип, кир жууган
Бир жүрүшүп жатса дагы, басса да,
Тең бөлчү экен тапкан нанын бир туурам.
Ынтымагын анда сыйлап эл айтчу:
«Бир тууган деп ушуларды айт, бир тууган!..»
Экөө бирдей эч нерседен капарсыз,
Эрте жазда дыңды тилип барат да,
Эскилиги жеткен көзө табышат,
Ичи жыйма алтын экен караса.
Ушул жерден чарт үзүлүп жай турмуш,
Улуусунун кетти көзү чачырап:
«Оо меники!» баса калып жыгылды,
Кичүүсүнүн кетти тиши качырап.
Анан дароо атып туруп ордунан
Талаа кезип качты агасы алактап.
А иниси узатпастан жетти да,
Кыркырата муундурду тамактап.
Жандалбастап бошонду да улуусу,
Тиштеп дагы, сүзүп кирди баш менен.
Турушунда жырткыч эле экөө тең,
Колго илинсе жатышты уруп таш менен.
Жалаңдатып алды агасы бычагын,
Беркиниси дагы кындан сууруду.
Кичүүсүнүн жүрөгүнөн кан оргуп,
Улуусунун дагы көзү жумулду.
Бир туугандык келди сезим кечигип,
Жыгылышты бирин-бири кучактап.
Ошол түнү бороон жүрүп боздогон,
Жамгыр жашын төгүп кирди буурчактап.
Бул турмушта бар-жогу эске алынбай,
Бир туугандар калды экинчи табылбай!
А көзөнү алып кетти бир жолбун… *(А. Акб.)*

***236-көнүгүү.*** Доскада жазылган идеялардын арасынан сага кайсы идея өзгөчө жакты, эмне үчүн? Мугалимдин жардамы менен жаккан окшош идеялар боюнча өз-өзүнчө топторго бириккиле. Ар бир топ өз идеяларын чыгармачылык менен презентациялоого даярдангыла да кезек менен презентациялагыла. Анда сүрөттөрдү, буюмдарды, слайттарды, ж.б.у.с. толук пайдаланууга аракет жасагыла.

***237-көнүгүү.*** Сабактан тышкаркы учурда талкууланган жогорку чыгарма жөнүндө кимдерге айтса пайдалуу болот деп ойлойсуңар, эмне үчүн? Сен кимге, кантип айтып берет элең? Чыгарма боюнча үйдөн сүрөт тартып, каалоочулар эссе жазып келгиле.

***238-көнүгүү.*** Төмөнкү суроолордун негизинде мугалимдин жардамы менен тегерек стол уюштуруп, талкуу жүргүзгүлө.

1) Маселени оң чечүүнүн жолу бар беле?
2) Бир туугандардын ордунда сен болгондо эмне кылар элең?

***239-көнүгүү***. Жогорудагы талкуунун жыйынтыгы боюнча өз пикириңерди төмөнкү формалардын бири аркылуу бергиле.

Эркин жазуу, эссе, дил баян, аңгеме, кат, макала, кайрылуу, насаат, арман, ыр, инсценировка, монолог, диалог, сүрөт, коллаж ж.б.у.с.

***240-көнүгүү.*** Берилген макалдардын экинчи бөлүгүн таап, аларды ар түрдүү жол менен байланыштырып жаз. Маанилерин шеригиң менен чечмелегиле. Пикириңерди башкалар менен бөлүшкүлө.

1. Көрө-көрө көсөм болот … 2. Бычак жарасы айыгат … 3. Тоону-ташты сел бузат … 4. Жакшы уул – элине баш … 5. Аргымак мойнун ок кесет … 6. Акыл тозбогон тон … 7. Акылы бар билимди самайт … 8. Жакшы жаңылса өзүнөн көрөт … . 9. Сөз атасы – кулак, …

## 41-§. Иш кагаздары. Протокол

***241-көнүгүү.*** Төмөнкү аныктаманы окуп түшүнүп, протокол жазуунун кадамдарын (иретин) тизмелеп жазып чыккыла. Мугалимдин жардамы менен аны доскага жазгыла.

*Чогулуш, жыйын ж.б. өткөрүлүшүн, анын катышуучуларынын чыгып сүйлөгөн сөздөрүн, кабыл алынган токтомдорду туура, так, кыска түрдө баяндаган расмий иш кагазы протокол деп аталат.*

*Протоколдо кабыл алынган чечим же токтом чогулуштун төрагасы жана катчысы кол койгондон кийин, мыйзамдуу күчүнө кирет.*

*Протокол киришүү жана негизги бөлүктөн турат.*

*Киришүү бөлүгүндө чогулуш өткөрүлгөн датасы, катышкандардын саны, чогулуштун төрагасы, катчысы күн тартибиндеги маселелер көрсөтүлөт.*

*Негизги бөлүгүндө күн тартибине коюлган маселелер ирети менен талкууланат. Ар бир маселе үч бөлүк боюнча каралат:*

*1. «Угулду» бөлүгүндө баяндамачы күн тартибиндеги маселе боюнча билдирүү жасайт.*

*2. «Сөзгө чыкты» бөлүгүндө күн тартибиндеги маселе боюнча жасалган баяндамага айтылган ой-пикирлер, суроолор жазылат.*

*3. «Токтом кылынды» бөлүгүндө күн тартиби боюнча кабыл алынган чечим же токтом ирети менен белгиленип, абзац менен жазылат.*

*Үлгү:*

Ош шаарындагы № 17 Ю. Гагарин атындагы гимназия мектебинин 9-А классынын ата-энелер жыйналышынын
№ 3 протоколу.

3.04.09. Ош шаары.

Төрага – Б. Салиев
Катчы – А. Ахунова
Катышкандар: 23 (ата-эне); (тизме тиркелет).

Күн тартибинде:

1. 9-А классынын окуучуларынын III чейректеги жетишүүсү, катышуусу жөнүндө: Баяндамачы – А. Жолдошбаева.
2. Мамлекеттик экзамендерге даярдык жөнүндө:
Баяндамачы – И. Календаров.

1. Угулду:

А. Жолдошбаева класстагы окуучулардын III чейректеги жетишүүсүн толук маалымдап, билим сапаты 76,5 %, жалпы жетишүү 87 % болгондугун билдирди. Айрым Искандаров, Белеков, Жумажунусов сыяктуу окуучулар класстын билим деңгээлин төмөндөтүп жатышканын айтып, ата-энелерге кабарлады.

2. Сөзгө чыкты:

Г. Ибраимова окуу китептеринин жетишсиздиги, айрым ата-энелердин акча табуу үчүн Россияга кетишип, балдарына жетишерлик көңүл бурулбай калгандыгы жогорудагыдай кемчиликтерге себеп болуп жаткандыгын айтуу менен сабактан кийин көбүрөөк кошумча сабактарды өтүү керектигин сунуштады.

3. Токтом кылынды:

1. 9-А классынын III чейректеги жетишүүсү канааттандырарлык деп эсептелсин;
2. Аталган окуучулардын жүрүш-турушун ата-энелер тарабынан көзөмөлгө алуу жагы ата-энелер комитетине эскертилсин;
3. Жетише албаган окуучулар үчүн кошумча сабактарды уюштуруу мектеп жетекчилигинен суралсын.

2. Угулду: (Кийинки маселе да ушундай тартипте талкууланат).

Төрага: (колу) Б. Салиев.
Катчы: (колу) А. Ахунова.

*242-көнүгүү.* **Эсептелинсин, тапшырылсын, күн тартиби, катышты, баяндамачы, № 1 протоколу, сөзгө чыкты** деген сөздөрдү, сөз тизмектерин катыштырып сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Протоколдун кайсы бөлүгүнө тиешелүү экендигин айтып бергиле.

*243-көнүгүү.* Окуу жылынын башталышындагы класстык чогулуштун протоколун жазгыла. Класста окуп, каталарын түзөткүлө.

## Отчет

*244-көнүгүү.* Отчет жөнүндө билесиңерби? Ал кайсы учурларда жазылат? Өз турмушуңарда отчет жазган учурлар болгонбу?

*Белгилүү бир мөөнөткө пландаштырылган иштин же тапшырманын аткарылышы жөнүндөгү маалымат берүүчү иш кагазы отчет деп аталат. Отчет жетекчинин наамына жазылат. Андагы маалыматтар так жана ишенимдүү болушу зарыл.*

Отчетто аткаруу үчүн эмне тапшырылгандыгы же пландаштырылгандыгы, эмнелер аткарылбай калгандыгы, анын себептери көрсөтүлөт жана кемчиликтерди жоюунун жолдо-

ру сунуш катары белгиленет. Отчетто аткарылган ишке, анын сапатына баа берилет.

*Үлгү:*

Ош шаарындагы №17 У. Салиева
атындагы орто мектебинин
директору А. Базарбаевге шаардык
ишембиликте аткарылган иштер жөнүндө

## Отчет

2008-жылдын 19-март күнү өткөрүлгөн шаардык ишембиликте биздин мектептен 10-а класстын 23 окуучусу катышып, Токтогул атындагы эс алуу багынын түштүк-чыгыш тарабын тазалашты, акыр-чикирлерин машинага жүктөштү. Дарактардын куураган бутактарын бутап, жыйнашты. Ишембиликте окуучулар өздөрүнүн активдүүлүктөрүн көрсөтүшүп, шаардык мэриянын өкүлүнүн алкоосуна ээ болушту.

10-а классынын
класс жетекчиси: (колу) *Мадалиева Г.*
20-март 2008-жыл.

***245-көнүгүү.*** Жогорудагы үлгү боюнча отчеттун жазылыш тартибин (катарын) тизмелеп жазгыла жана эстеп калгыла.

***246-көнүгүү***. Класстын президенти катары бир чейрек ичинде аткарылган иштер жөнүндө отчет жазгыла жана аны талдагыла.

***247-көнүгүү.*** Үйүңөрдөн классыңарга тапшырылган коомдук иштердин аткарылышын жана кемчиликтерин баяндаган отчет жазып келгиле.

## 42-§. Сөз өстүрүү

***248- көнүгүү.*** Текстти окуп чыгып, а) окуяны бир нече сөздөр менен баяндап бер. Мында негизги идеяны берүүнү унутпа. б) Негизги идеяны 4 сөз менен бер. Башка окуучулардын бул тапшырманы кандайча аткаргандыгын көңүл коюп угуп, түшүнүп, анализдеп, ага баа бер. Башкалар сүйлөп жатканда аны кунт коюп ук.

## Бактек

Жерде бир тоголок дан жатты. Бактек аны көрүп, оозуна салды, сугунуп жибербей, уясына, кызыл эт балапандарына алып баргысы келди. Экөөнө тең бөлүп бермек... Балдары чыйпылдап кубана тосуп алышат, алар энenин тамак алып келгенин

сезишет, байкуштар ачка жатышат, эптеп темир канат кылып койсо, өз жемдерин өздөрү таап кетишет эле.

Бактек кубана, шашыла уясын көздөй учуп келатты.

Жерде бир даана ок жатты. Өспүрүм бала аны тапты, колуна алды, үйдөн мылтык алып чыгып, аны атып көргүсү келди. Мылтыкка окту салды. Атууга эч нерсе көрүнбөдү. Туш келди атып ийгиси келбеди, жандуу бир нерсеге сарптайын деди.

Шашып учуп бактек келатты, элеп-желеп болуп өспүрүм аны мээлеп калды. Мылтык тарс этти. Бактекке коргошун жабышты, оозунан бир тоголок дан ыргып кетти, маша алдына коргошундан бошогон калай учуп түштү.

Өспүрүм колунун түздүгүнө кубана басып кетти. Уяда кызыл эт балапандар энесин күтүп атты, жерде бир тоголок дан жатты. *(А.Мур.)*

***249- көнүгүү.*** Жогорку көнүгүүнүн негизинде төмөнкү суроолорго жооп бер.

1. Сенин оюңча автор бул аңгемесинде кандай ойду айткысы келген?

2. Экөөнө тең бөлүп бермек... деген сүйлөмдүн аягына автор эмне үчүн көп чекитти койгон деп ойлойсуңар?

3. Биринчи абзацтын аягындагы ... *өз жемдерин өздөрү таап кетишет эле.* – деген сүйлөмдүн аңгеменин андан ары уланышы үчүн мааниси барбы, болсо кандай?

4. *Жерде бир тоголок дан жатты. Жерде бир даана ок жатты.* – Бул эки сүйлөмдүн окшоштугу жана айырмачылыгы эмнеде деп ойлойсуңар?

5. Жагымдуу жашоону чагылдырыш үчүн кандай сөздөрдү пайдаланса болот дейсиңер?

6. *Өспүрүм колунун түздүгүнө кубана басып кетти. Уяда кызыл эт балапандар энесин күтүп атты.* – Бул сүйлөмдөр сенин сезимиңе кандай таасир этти. Эмнени айткың келип жатат, оюңду билдир.

7. Сен баланын ордунда болсоң кантет элең?

8. Автор тексттин киришүү, негизги, корутунду бөлүгүн кайсы сүйлөмдөр менен берген?

***250-көнүгүү.*** Мугалимдин жардамында «бир», «эки» деп эсептеп чыккыла. «*Бирлер*», «Бактек» деген текстти өзгөртүп, «*экилер*» улантып жазгыла. Текстти класста талкуулап, татыктуу деп эсептеген иштерди жарыялоого аракеттенгиле.

***251-көнүгүү.*** Текстти окугула. Андан татаал сүйлөмдөрдү таап, кайсы түрү экендигин аныктагыла. Каратма сөздү, төл жана бөтөн сөздөрдү, алардын тыныш белгилерин айтып бергиле.

## Жетинин бири

Кечинде баары – алты адам жана жетинчи киши кайрадан чогулушту. Токойдун четине, үңкүргө жакын жерге оттон улуу жагышты, дасмалды жайып, үстүнө Гурам Джохадзенин ишенимдүү кишилери коштошуу белгиси катары берип жиберген нан, шарап, туз, тамак-ашты коюшту. От дуулдап күйүп турат. Жетөө тең отко жакындай отурушту.

– Аттар токулуубу? Шарт минип жөнөөгө даярсыңарбы? – деп сурады Гурам. Бардыгы унчукпай баштарын ийкешти.

– Бу, сен, Сандро, - деди капыстан Гурам Джохадзе, - отундун кургагынан жакшы жыйнапсың, дуулдап күйүп жатат, бирок очоктон оолак, тетиякка жыйып салганың кандай?

– Ага кабатыр болбо, Гурам, оттун милдети менде, өзүм жайгарам. А сен айтчу сөзүңдү айта бер. Мына ошондо Гурам Джохадзе мындай деди:

– Биз жеңилдик, досторум, биз утулуп калдык. Эки тарап согушса бири жеңет, бири жеңилет. Ошон үчүн согушат. Биз нечендин канын төктүк, биздин кан да кем төгүлгөн жок. Өткөн өттү, болоору болду…

Набыт болгон досторумдан да, набыт болгон душмандарымдан да кечирим сурайм…

Жети киши калдык, бир аздан кийин жетөөбүз жети тарапка, бөтөн эл, бөтөн жерди көздөй жөнөйбүз. Ар кимибиз ар жерде темселеп, башка салганын көрөрбүз.

Кимиңер кайда барасыңар – өзүңөр чечкиле.

Кана, досторум, бири-бирибиз менен коштошолу, жерибиз менен коштошолу, грузиндин наны, тузу менен коштошолу.

Биз бул жерден эч нерсе албайбыз, атүгүл грузин жеринин бир бүдүр кумун да албайбыз. Ата Мекенди алып кетүү мүмкүн эмес… *(Ч. А.)*

– Кайсы чыгармадан үзүндү? Силер окугансыңарбы?
– «Ата мекенди алып кетүү мүмкүн эмес»- дегенге кандай түшүнөсүң?

***252-көнүгүү.*** Жогорудагы текст боюнча бир нече суроолор түзгүлө. Алардын ичинен ой жүгүртүүчү суроолорго көңүл бургула. «Туулган жердин топурагы алтын» деген темада дил баян жазгыла.

***253-көнүгүү.*** Ата мекенибиздин жаратылышын, жан-жаныбарларын, сууларын коргоо - ар бирибиздин парзыбыз. Айтып көргүлөчү, бул багытта

силер кандай салым кошуп жатасыңар жана эмне кылмакчысыңар? Ушундай темалардын биринде эссе жазгыла. Жазылган иштерди окуп, класста талкуулагыла.

***254-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү окуп, каратма сөздү тапкыла. Каратма сөздүн ордун өзгөртүп сүйлөмдөрдү кайра түзгүлө. Кыргыз тилине которгула.

1. Ҳорманг, пахтакор ўртоқлар! Мўл ҳосил билан табриклайман! Мажлисда сиз сўзга чиқасиз, ўртоқ Аҳмедов! 3. Бутун дунё халқлари, тинчлик учун курашингиз! 4. Сабр қилинг, ҳурматли китобхон, олдин қишлоқ билан танишайлик. 5. Сенга гапим бор, Нигора, қулоқ сол. 6. Эшитинг, ҳурматли ўртоқлар, эртага конференция ўз ишини давом эттиради.

***255-көнүгүү.*** Берилген үзүндү сүйлөмдөрдү көрктүү окуп, тыныш белгилеринин коюлуш эрежелерин айтып бергиле. Айтылыш максатына карай сүйлөмдүн түрлөрүн аныктагыла.

1. Жоке, айланайын Жоке! Оттон жалтанбаган жүрөгүң өлүмдөн жалтандыбы? О, таш боор кудай! Бизди мынча эмне шылдың кылдың? – деди да, калтыраган колу менен Жолдубай акенин башын кучактады. *(А. Т.)*

2. – Баракелде, аксакал. Балдарыңыз азамат болуп калган тура. Бактылуу киши экенсиз, карыя. *(А. Т.)*

3. Улуу жазуучу М. Горький: «Китеп – билим булагы, китепти сүйө билгиле»,- деген осуятын калтырган. Кымбаттуу курбулар! Көркөм адабий китептерди кызыгып окууну көнүмүш адатка айландыралы!

4. – Адам баласы бири-бирине залал келтирбей, тынчтыкта жашай албайбы? Айтчы чыныңды, сырдаш талаам!

– Кыйын суроо бердиң го, Толгонай. Өзүң ойлоп көрчү, ал менден эмес. Ал силерден, Адам баласынын өзүнөн, силердин ынтымагыңардан… *(Ч. А.)*

## 43-§. Кайталоо

***256-көнүгүү.*** Суроолорго оозеки жооп бергиле:

1. Татаал сүйлөм деп эмнени айтабыз?
2. Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?
3. Тең байланыштагы татаал сүйлөм жана анын түрлөрү боюнча билгениңерди айтып, ага мисалдар келтиргиле.
4. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм жана анын түрлөрү боюнча эмнени билесиңер?
5. Аралаш татаал сүйлөм жөнүндөгү түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.

6. Тике жана кыйыр сөз жөнүндө эмнени айта аласыңар?
7. Цитата деген эмне?
8. Каратма сөз жана ага коюлуучу тыныш белгилерди мисалдар аркылуу түшүндүрүп бергиле.

***257-көнүгүү.*** Сүйлөмдөн киринди сөздү тапкыла. Анын орун тартибин жана тыныш белгисинин коюлушун түшүндүргүлө.

1. Адамдын өзү менен бирге жаралган бул суроого, албетте, так, кесе айтылган жооп жок. 2. Мүмкүн, алгачкы жомок, миф, анан бүткүл профессионалдык адабият адамдын өзүн-өзү өздөштүрүү жолундагы аракетинен улам жаралгандыр. 3. Анда бул сөздү азыр, мисалы, Кампучиянын элдерине таандык кылып айта албайбыз. 4. Колониялык эзүүдөн бошонуу үчүн болгон күрөш – чындыгында, бүткүл дүйнөлүк адабияттын проблемасы. 5. Бизге белгилүү болгондой, изденүүлөр жекече жүрөт, бирок анын табылгалары жалпыга таандык. *(Ч. А.)*

***258-көнүгүү.*** Сүйлөмдөрдү окуп, татаал сүйлөмдөрдү тапкыла. Кайсы түрү экендигин жана тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр кандайча байланышып тургандыгын айтып бергиле. Текстке ат койгула.

Бектурган эмнеге карысын! Бай жебеген тамак жейт, өмүрүндө кийбеген кийимди киет. Эки уулу эки жолборс болуп чыкты: бири китеп чыгарат, экинчиси улук…

Сарайдай үйгө олтуруп, дасторконду жайдырып, чайды чайпап, радионун алдында олтурат. Бектургандын карылыгы уйкусунун жоктугунан гана байкалат. Жайында болсо кузгундан мурун туруп, малдарды өрүшкө чыгарат. Кышында сагызгандан да сак, арык тайлардын арасына барып, кыдырата карап, жем-отун берет. *(А.Т.)*

***259-көнүгүү.*** Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочун төмөнкүдөй формада *– ып, - са да, - гандан бери, - ган кезде, - дыктан, - гансып* колдонуп татаал сүйлөм түзгүлө. Багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү экендигин айтып бергиле.

***260-көнүгүү.*** Төмөнкү макалдарды көчүрүп жазып, татаал сүйлөмдүн түрлөрүн аныктагыла. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү экенин аныктагыла.

1. Алтын башың аман болсо, алтын аяктан суу ичерсиң. 2. Өмүр карыса да, көңүл карыбайт. 3. Эл амандыкты тилейт, душман жамандыкты тилейт. 4. Байлык – журттун азыгы, баатыр – журттун казыгы. 5. Жат элдин жакшысы болгончо, өз элиңдин сакчысы бол. 6. Билбегениңди кишиден сура, улуу бол-

босо, кичүүдөн сура. 7. Ат табылганча, аяк улоо, тай табылганча, таяк улоо. 8. Бактың ашкан убакта, карганы салсаң, каз алат. Бактың качкан убакта, шумкар салсаң, аз алат.

***261-көнүгүү.*** Тике сөздөрдү тиешелүү интонация менен окугула, кыйыр сөзгө айландыргыла.

1) Токонун кеткенин Казанчы бай чай кайнамда билди.

- Тур, аттан! Субай кой эми талаада калабы? Үйүнө жеткирбей кармап кел! Каяша айтсачы, тим эле токмоктоп уруп, кармап кел, - деп, жер сабап бакырды.

2) Бурма кубаныч жашы менен кошо: «Көшөгөң көгөрсүн, Калкажан. Агаң айыгып кетсе, бул жакшылыгыңдын өтөсүнөн чыгар. Туугандын топурагы алтын деген ушул», - деди. *(А. Т.)*

3) Акылмандан: «Илим деген эмне?» - деп сураганда: «Адамдарды ажырата билүү»,- деп, жооп бериптир. Ал эми: «Жакшылык деген эмне?» - деп сураганда: «Адамдын атын урматтоо», - дептир.

***262-көнүгүү.*** Өтүлгөн темалар боюнча 5-6 суроодон турган тест түз. Аны шеригиң менен талкуулап, класска окуп бергиле.

## Шарттуу кыскартуулар

| | |
|---|---|
| *А.А.* | – Амантур Акматалиев |
| *А.Т.* | – Аалы Токомбаев |
| *А.О.* | – Алыкул Осмонов |
| *А.Акб.* | – Атантай Акбаров |
| *А.Р.* | – Акбар Рыскулов |
| *Б.С.* | – Байдылда Сарногоев |
| *Б.У.* | – Бейшенбай Усубалиев |
| *Г.Н.Ф.* | – Герман Николаевич Фадеев |
| *Ж.С.* | – Жалил Садыков |
| *Ж.Т.* | – Жусуп Турусбеков |
| *К.Б.* | – Касымалы Баялинов |
| *К.Бект.* | – Касымалы Бектенов |
| *К.Сакт.* | – Көчкөн Сактанов |
| *Н. Б.* | – Насирдин Байтемиров |
| *П.* | – Александр Сергеевич Пушкин |
| *С.З.* | – Сапарбек Закиров |
| *Т.* | – Токтогул |
| *Т.Ад.* | – Тенти Адышева |
| *Т.А.* | – ТоктосунАширбаев |
| *Т.С.* | – Түгөлбай Сыдыкбеков |
| *Т.К.* | – Төлөгөн Касымбеков |
| *Ч.А.* | – Чыңгыз Айтматов |
| *Ы.К.* | – Ы. Кадыров |
| *Х.О.* | – Хамид Олимжан |
| *«Ш».ж.* | – «Шоокум» журналы |
| *(«А.к.»ж.)* | – «Аалам кыргыздары» журналы |

## Кыргызча – өзбекче сөздүк

### А

**аба** – ҳаво
**адат** – одат
**адеп** – одоб
**адилет** – адолат
**айкөл** – муруватли
**айла** – илож
**айрыкча** – ўзгача
**айырма** – фарқ
**албетте** – албатта
**алгачкы** – аввалги
**алыс** – олис
**аныктама** – изоҳ
**ардак** – ардоқламоқ
**асыл** – асл
**асты** – таги
**атактуу** – таниқли
**ашуу** – довон
**аянт** – майдон

### Б

**баа** – баҳо
**баатыр** – ботир
**байлык** – бойлик
**бажа** – божа
**байка** – пайка
**байланыш** – боғланиш
**байыркы** – қадимги
**бекер** – бекор
**бекем** – маҳкам
**белги** – белги
**бермет** – марварид
**бийик** – баланд
**боек** – бўёқ
**боордош** – қардош
**боорукер** – меҳрибон
**борбордук** – марказий
**бороон** – бўрон
**бөлмө** – хона
**буйрук** – буйруқ
**булак** – булоқ
**бүткүл** – буткул, бут

### Г

**гүлдесте** – гулдаста
**гүлчамбар** – гулчамбар

### Д

**Даам** – таъм
**даңк** – шон-шараф
**дарек** – манзил
**демилге** – ташаббус
**деңгээл** – сатҳ
**доор** – давр

**душман** – душман
**дүйнө** – дунё
**дыйкан** – деҳқон

## Ж

**жаан** – ёмғир
**жагымдуу** – ёқимли
**жалбырак** – барг
**жалпы** – умумий
**жандык** – сўйиш
**жаңылуу** – адашмоқ
**жапыз** – паст
**жаратылыш** – табиат
**жароокер** – мулойим, меҳрибон
**жарыя** – эълон
**жасалма** – сунъий
**жашыл** – яшил
**жашырын** – яширин
**жеке менчик** – хусусий мулк
**жеңе** – янга
**жергиликтүү** - маҳаллий
**жетишкендик** –муваффақият
**жилик** - илик
**жобо** – қоида
**жолугушуу** – учрашув
**жумуш** – юмуш, иш
**жууркан** – кўрпа
**жымжырт** – жим-жит
**жырткыч** – йиртқич
**жээк** – жияк
**жээн** – жиян
**жатак** – ётоқхона

## З

**заман** – замон
**замандаш** – замондош
**зарыл** – зарур
**зыян** – зиён

## И

**из** – из
**изилдөө** – тадқиқот
**ийгилик** – ютуқ
**ийкемдүү** – муносиб
**илим** – фан
**ишеним** – ишонч
**ишмер** – тадбиркор

## К

**кабар** – хабар
**кайраттуу** – ғайратли
**кайрылуу** – мурожаат
**кам көрүү** – ғамхўрлик
**капыстан** – тўсатдан
**карапайым** – оддий
**карындаш** – сингил
**катаал** – мураккаб
**кежир** – ғажир
**келгин** – келгин, мусофир
**киреше** – кирим, фойда
**коом** – жамият
**коопсуздук** – хавфсизлик
**кор же үрп** – урф
**котормо** – таржима
**көмөк** – ёрдам
**көрүүчү** – томошабин
**көрөңгө** – ачитқи
**көчүрмө** – кўчирма
**куйкум** – қуйқум
**куймулчак** – думғаза
**кээде** – гоҳида

## М

**маалымат** – маьлумот
**маанай-көңүл** – кўнгил
**маңдай** – манглай, пешона
**мезгил** – фасл

**милдет** – вазифа
**мончо** – ҳаммом
**мөмө** – мева
**мөңгү** – абадий музлик
**мөөнөт** – вақт
**мурас** – мерос
**муун** – авлод
**мүнөз** – хусусият
**мискей** – мисдан ясалган буюм

## Н

**намыс** – номус
**наристе** – гўдак
**насаат** – насиҳат
**натыйжа** –натижа
**нөшөр** – дўл
**ным** – нам

## О

**ойчул** – донишманд
**оңой** – қулай
**орой** – қўпол

## Ө

**өгөй** – ўгай
**өжөр** – ўжар
**өзгөчө** – ўзгача
**өкмөт** – ҳукумат
**өндүрүш** – ишлаб чиқариш
**өнөр** – ҳунар
**өрөөн** – водий
**өлбөс-өчпөс** –унутилмас

## П

**пайда** – фойда
**пикир** – фикр

## С

**сабаа** – қимиз қуядиган тери идиш, саноч
**салкын** – салқин
**салт** – урф-одат
**санаа** – сана
**сөгүш** – уруш
**сунуш** – таклиф
**сыймык** – фахр
**сыноо** – синов

## Т

**табит** – тобут
**тажрыйба** – тажриба
**тамаша** – томоша
**тамга** – тамға
**тамыр** – илдиз
**табышмак** – топишмоқ
**терең** – чуқур, атрофлича
**токой** – ўрмон
**токтом** – қарор
**төмөнкү** – қуйидаги
**түшүм** – хосил
**түбөлүк** – абадий
**тыныгуу** – дам олиш
**тыюу** – маън (маън этилади)

## У

**убада** – ваъда
**убактылуу** – вақтинча
**укмуш** – ажойиб
**улуу** – буюк
**улут** – миллат
**умтулуу** – интилмоқ
**уруу** – уруғ
**устукан** – устахона
**уу** – заҳар

**уча** – учар
**уюм** – уюм
**уялчаак** – уятчан

## Ү

**үгүт** – ташвиқот
**үзүндү** – парча
**үлгү** – намуна
**үрөн** – уруғ
**үшүк** – аёз

## Ч

**чабал** – кучсиз
**чагылган** – чақмоқ
**чакан** – кичкина
**чалгын** – қидирув
**чаржайыт** – сочилган, тарқоқ
**чийки** – хом
**чогуу** – бирга
**чоң** – катта
**чыгарма** – асар
**чыгыш** – шарқ
**чың** – ҳақиқат, чин

## Ш

**шайыр** – шоир (гапга чечан)
**шаңдуу** – шонли
**шек** – гумон
**шоола** – шуъла
**шык** – қобилият

## Ы

**ыза** – ачиниш
**ызакор** – гап кўтармайдиган
**ызгаар** – совуқ
**ыйык** – муқаддас
**ылдам** – илдам
**ыңгай** – қулай

## Э

**эгин** – экин
**элчи** – элчи
**элпек** – чаққон, эпчил
**эңсөө** – орзу, ният
**эрк** – эрк
**эскерүү** - хотира

# МАЗМУНУ

## I чейрек

1-§. 8-класста өтүлгөн материалды кайталоо........................3
2-§. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрү.
Бир тутумдуу сүйлөмдөр...............................................6
3-§. Көнүгүүлөр...............................................................8
4-§. Эки тутумдуу сүйлөмдөр............................................10
5-§. Кептин түрлөрүнө машыктыруу.................................14
6-§. Сөз өстүрүү...............................................................19
7-§. Текст менен иштөө......................................................23
8-§. Чейректик кайталоо....................................................28

## II чейрек

9-§. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн тыныш белгилери....................30
10-§. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн кепте колдонулушу..................32
11-§. Парцелляциялык сүйлөмдөр жөнүндө түшүнүк............34
12-§. Парцелляциялык сүйлөмдөрдүн стилистикалык
өзгөчөлүктөрү...........................................................36
13-§. Текст менен иштөө....................................................37
14-§. Сөз өстүрүү..............................................................41
15-§. Чейректик кайталоо..................................................44

## III чейрек

16-§. Татаал сүйлөм жөнүндө түшүнүк................................47
17-§. Татаал сүйлөмдүн түрлөрү..........................................49

18-§. Тең байланыштагы татаал сүйлөм, тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору............49
19-§. Көнүгүүлөр............51
20-§. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн түрлөрү. Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм............53
21-§. Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдөргө коюлуучу тыныш белгилер............56
22-§. Көнүгүүлөр............58
23-§. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөм............61
24-§. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмгө коюлуучу тыныш белгилер............63
25-§. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм............64
26-§. Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү............68
27-§. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмгө коюлуучу тыныш белгилер............71
28-§. Иш кагазы: Ишеним кат............73
29-§. Сөз өстүрүү............75
30-§. Текст менен иштөө............78
31-§. Чейректик кайталоо............81

## IV чейрек

32-§. Аралаш татаал сүйлөм............84
33-§. Татаал сүйлөмдөрдүн стилистикалык өзгөчөлүктөрү............85
34-§. Көнүгүүлөр............88
35-§. Тике жана кыйыр сөз. Цитата............90
36-§. Тике жана кыйыр сөздүн стилистикалык өзгөчөлүктөрү............93
37-§. Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр............95
38-§. Каратма сөз жана ага коюлуучу тыныш белгилер............97
39-§. Кириндиcөз жана ага коюлуучу тыныш белгилер............99
40-§. Текст менен иштөө............102
41-§. Иш кагаздары. Протокол............104
42-§. Сөз өстүрүү............107
43-§. Кайталоо............110
Шарттуу кыскартуулар............113
Кыргызча – өзбекче сөздүк............114

*Окуу басылмасы*

**Абдувалиева Б., Жороев Т.**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

*Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү*
*мектептердин 9-класстары үчүн окуу китеби*

Редактору *Уринбаев А.*
Тех. редактору *Тишабаева М.*
Корректорлор: *Балтабаева М., Эстебесова Д.*
Компьютердик калыпка салган *Сатибекова Ч.*

Басууга 18.11.11. кол коюлду. Форматы 60х90 1/16.
Көлөмү 7,5 физ. басма табак. Нускасы 15000. Заказы № 745.

---

«Учкун» ААКда басылды
720031, Бишкек ш., С.Ибраимов көч., 24.